КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

ПЕДАГОГИКА ЖАНА МААЛЫМАТ ТЕХНОЛОГИЯЛАР ФАКУЛЬТЕТИ

“СОРОС - КЫРГЫЗСТАН” ФОНДУ

# КОШОК – КЫРГЫЗ ЭЛИНИН САЛТТЫК МУРАСЫ

*Материалдардын жыйнагы*

***Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан сунушталган***

Жалал-Абад
2019

УДК 586
ББК 562

ЖАМУнун окумуштуулар кеңешинин сунушу боюнча
басмага бекитилди. (№5 протокол, 15.02.2019).

Жооптуу редактор: **Сулайманов Э.Ж.** - тарых илимдеринин кандидаты, профессор

Сын пикир ээлери: **Кененсариев Т.** - тарых илимдеринин доктору, профессор
**Айдаркулов К.** - тарых илимдеринин кандидаты, профессор

**А60** Кошок – кыргыз элинин салттык мурасы. Материалдардын жыйнагы. / Түзүүчүлөр: Анарбекова В.Э., Авазов Э.А.,.Анарбаева Г.А., Дooранов Ө.С., Мырзабаева Н.С., Кадырбаева Д.Э., Нарматов М.К. -Жалал-Абад: ЖАМУ, -2019. 158 б. ISBN 978-9967-09-355-6

Жыйнакта “Кыргызстан-Сорос” Фондунун каржылоосу менен Кыргызстандын түштүк регионунда жайгашкан Ош жана Жалал–Абад облустарынын райондорунда жашаган, ар түркүн куракта жана кесиптеги адамдардан топтолгон материалдардын негизинде кыргыз элинин “кошок кошуу” боюнча салттык мурасы, кошоктордун өзгөчөлүктөрү аныкталып, ага илимий баа берилет.

Материалдардын жыйнагы жогорку жана орто окуу жайларында окуган студенттер, мектеп окуучулары үчүн кыргыз элинини тарыхын, этнографиясын, салттык кошок кошуу маданиятын окуп үйрөнүүдө пайдаланылат.

А 4801000000-20 УДК586
ISBN 978-9967-09-355-6 ББК 562

© “Кыргызстан-Сорос” Фонду, 2019
© Жалал-Абад мамлекеттик университети, 2019

**КОШОК – КЫРГЫЗ ЭЛИНИН САЛТТЫК МУРАСЫ**

*Материалдардын жыйнагы*

Түзүүчүлөр:
Анарбекова В.Э., Авазов Э.А., Анарбаева Г.А., Дооранов У. С.,
Мырзабаева Н.С., Кадырбаева Д.Э., Нарматов М.К.

Корректор
*Жооптуу редактор* **Сулайманов Э.Ж.**
*Корректору* **Айдаркулов К.А.**
*Жасалгасы* **Газибаев Х.**

Офсет ыкмасы. Форматы А5. Көлөмү 9,875 шарттуу басма табак 1/16.
Нускасы 250 д.

Жалал-Абаддагы ЖИ «Газибаев» жеке басмасында басылды.
Жалал-Абад шаары, Токтогул көчөсү, 20-3.



# АЛГЫ СӨЗ

Урматтуу окурман! Колуңуздагы чакан китеп - бир катар изилдөөчүлөрдүн көп жыл бою Кыргызстандын түштүк аймактарында чогултуп, иреттештирилип, калыпка салынган материалдарынын жыйнагы. Бул илимий-популярдуу жыйнакка, негизинен, Ош жана Жалал-Абад областтарында жашаган кошокчулардан жазылып алынган «арман», «жоктоо», «кошок», «жар-жар» ж. б. жанрлары кирди. Кошок жанрын өркүндөтүү болбосо да, аны кийинки муундар үчүн сактап калуу идеясынын башында ушул китептин автору В.Э.Анарбекова турат. Анын кажыбас кайраты, жаштык дем-күчү менен бул жыйнакка 110дон ашык информатордун кошоктору киргизилди. Кошокчулардын жаш өзгөчөлүгүнө да бир аз токтоло кетейин, анткени, он-он беш жылдан кийин алардын изин таппай калабыз: токсон жаштан өйдөлөрүнөн – бирөө гана (Супатаева Г., Өзгөн р-ну); сексен бир жаштан токсонго чейинкилеринен – онго жетпейт (Чоң-Алай районунан - М.Шарапова; Кара-Кулжа районунан – Б.Арапбаева, Ө.Раимжанова; Өзгөн районунан – С.Абдыкадырова, Кара-Суу районунан – З.Токтоматова, Д.Асанова, Ш.Жумашева, А.Апсатарова); жетимиш бир жаштан сексенге чейинкилеринен – жыйырмадай (Чоң-Алай районунан – А.Акботоева, К.Акжигитова, К.Исакова, Ж.Абдижалилова, Н.Шарапова; Алай районунан – А.Ысмаматова, Т.Саматова, А.Калыкова; Араван районунан – А.Дыйканбаева; Өзгөн районунан – Б.Аккушева, С.Керкибашева, Ж.Эргешова, А.Жолдошева, К.Касымова, М.Курбанбаева; Кара-Суу районунан – А.Зупиева, К.Кулуева; Сузак районунан – Ы.Шамшиева, М.Калматова, М.Кыралиева, С.Дооранова); алтымыш бир жаштан жетимишке чейинкилеринен – кырктай (Чоң-Алай районунан – Г.Калбаева, Б.Амитова, К.Ормонова, Н.Адилова, А.Саматова; Алай районунан – М.Токтобекова, А.Ташкулова, Ш.Сейдакматова, К.Маматкулова, Ж.Абдрахманова, Б.Мамажанова, К.Турганбаева, У.Матосмонова, Б.Исабекова, А.Алакозова; Кара-Кулжа районунан – М.Сагынбаева, Ж.Раимбердиева, К.Жумаева, Н.Айтназарова, Г.Жээнтаева, З.Жусуматова, К.Жайнакова; Ноокат районунан

– А.Мамасадыкова; Өзгөн районунан – А.Камчыбекова, З.Ташалиева, К.Эргешова, Р.Мамажанова, С.Жаныбекова, К.Мааданова, А.Апитаева; Кара-Суу районунан – Б.Апсаматова, З.Асанова, А.Абдымомунова, Я.Саттарова; Ноокен районунан – Ж.Мисирова; Аксы районунан – Т.Анарбекова, У.Кадырматова; Сузак районунан – С.Нуржанова ж. б.), ал эми отуз жаштан алтымышка чейинкилери – кырктай эле.

Китеп эки бөлүктөн турат: биринчи бөлүк болуп саналган «Кириш сөздө» автор кошок жанрына илимий талдоо жүргүзүп, экинчи бөлүгүндө – Ош жана Жалал-Абад областынын айыл-шаарларында кошокчулардан жазылып алынган материалдардын баалуу топтомун берген.

Биздин күндөлүк турмушта кошок жанры өчүп бара жаткандай. Бүгүнкү күндө, кошокту өлүмгө байланыштуу, болгондо да айыл жерлеринде гана укпасак, шаарларда сейрек угуп калдык. Ал эми кыз узатууга байланыштуу кошоктор айыл жерлеринде деле, анча-мынча, салтыбызда бар эле деген жүйөө менен аткарылбаса, дээрлик соолуп калды.

Элдин муундан-муунга, укумдан-тукумга өтүп, сакталып келе жаткан салт-санаасы, үрп-адаты, ырым-жырымы адам өмүрү, жашоо ыңгайы, шарты, тутунган дини, дүйнө таанымы менен тыгыз байланыштуу экендиги талашсыз. Ар бир жарык дүйнөгө келген адам, ал өзү каалайбы, каалабайбы, өз өмүрүнүн этаптарында өз коомчулугунда, өз элинде калыптанган салт-санаа, үрп-адат, ырым-жырымдарды тутунуу менен бул жарык дүйнөдөн өтөт. Күндөлүк турмуш-тиричилигибизде аларга анчейин маани бербегенибиз менен алардын философиялык мааниси терең.

Күндөлүк турмуш-тиричиликтин мыйзамына айланган жол-жоболор, түшүнүктөр, көз караштар элдин аң-сезиминде, ички дүйнө таанымында терең тамыр жайган. Албетте, алар өзгөрүлбөс догматикалык нерсе эмес: кылымдар алмашып, доорлор өтүп, жаратылыштын сыйкырдуу табышмактары ачылган сайын ата-бабалардын салты революциялык эмес, эволюциялык өзгөрүүлөргө, жаңылануларга, алымча-кошумчаларга учурап келген.

Кыргыз деп аталган коомдун турмушунда кошок эки гана жолу болот: биринчиси – тиги дүнүйөгө кеткенде; экинчиси – кыз узатууда.




ОШ ШААРЫ

Нарматова Жумакан . . . . . . 123

АКСЫ РАЙОНУ

Анарбекова Турсун . . . . . . . 124
Кадырматова Уулбү. . . . . . . 125

БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ

Токтогулова Акбермет . . . . . 127

НООКЕН РАЙОНУ

Мисирова Жаңылай. . . . . . . 129

СУЗАК РАЙОНУ

Дооранова Савлет . . . . . . . . 132
Калматова Майрамкан . . . . . 132
Кыралиева Майрамкан. . . . . 135
Киргизова Ирсалат . . . . . . . 136
Нуржанова Салимахан. . . . . 136
Шамшиева Ырыс. . . . . . . . . 138
Шерматова Ырыскан . . . . . . 142

Колдонулган булактар жана адабияттар . . . . . . . . . . . . 146

Баяндоочу-айтуучулардын тизмеси . . . . . . . . . . . . . . . 148

## КАРА-СУУ РАЙОНУ

Апсаматова Бүайша........69
Асанова Датка ............70
Асанова Зулайка...........72
Апсатарова Аккыз..........73
Абдымомунова Азада ......75
Айтиева Бермет............76
Жумашева Шарапат.........77
Зупиева Айым ............77
Кулуева Казыйпа .........79
Кулуева Бүсайра..........80
Осмоналива Турдукан ......80
Приева Дамира............81
Полотова Орун ...........81
Саттарова Якутхан ........82
Тавакалова Гүлмира ......82
Токтоматова Зыба .........84
Чомоева Дарика ..........84

## АРАВАН РАЙОНУ

Дыйканбаева Анорхон ......85
Джайнакова Канахат .......85
Жээнтаева Гүлайым .......87
Жусуматова Зымрат......87
Маткеримова Данахан ......88
Ортокбаева Саламат........89
Оторова Айша.............91

## НООКАТ РАЙОНУ

Мамасыдыкова Айым ......92

## ӨЗГӨН РАЙОНУ

Абдыкадырова Сапия.......93
Абдуллаева Райкан ........97
Аккушева Бурулкан.........97
Акымбекова Бактыгүл......98
Апитаева Анархан......... 100
Джаныбекова Светлана .... 101
Джолдошева Арзи......... 102
Жолдошова Урматкан ..... 104
Камчыбекова Авазкан ..... 104
Керкибашева Суусар ...... 105
Курбанбаева Зиягүл....... 107
Касымова Касиет......... 108
Касымова Роза .......... 109
Кубатова Зууракан ....... 110
Курманбаева Малике ...... 111
Мамаджанова Раиля ...... 112
Мааданова Канымбү ...... 114
Супатаева Гүлбара....... 116
Салиева Анаркан......... 117
Сулайманова Жыпаркан.... 117
Султанова Анаркан ....... 118
Ташалиева Зууракан ...... 118
Турганбаева Дариякан ..... 120
Токоева Азинахан ........ 120
Эргешова Кадича......... 121
Эргешова Жамила........ 122



Өлүм – кандай гана болбосун, диалектикалык мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Андыктан, экөөнө тең китепте кеңири орун берилиптир.

Үйлөнүү салтында аткарылуучу «кыз узатуу» кошокторундагы эң башкы идея – акыл-насаат, тарбиялык кеңеш берүү, көңүлүн көтөрүү, бөтөн эл, бөтөн жердин тутунган салт-санаасына ыңгайлашуу. «Кыз узатуу» кошоктору деп элге сиңип кеткени менен, кыздын муңдап, зарлап ыйлаарын тирүүчүлүктүн уланышы, жаңы үй-бүлөдө, башка шартта жашоого кадам шилтөөсү катары кароого болот. Анын үстүнө, кыздын көңүлү күйөөдө болсо деле, анын ыйлап кетүүсү – адат, салт катары эсептелчү. Мындагы эң башкы кошокчулар – энелери, апасы, эже-сиңдилери, жеңелери болот. Кошоктун мазмуунун кыздын өсүп-чоңоюшу, эркелиги, мүнөзү, жүрүм-туруму, көз-карашы, келечек тагдыры сыякту ой жүгүүртүүлөр түзөт. Ошондой болсо да, кызга акыл-насаат айтуу эң башкы максат катары көрүнөт. Алардын мааниси окшош болгону менен, ар биринин турмуштук, философиялык орду жана өзгөчөлүгү бар.

Чоң-Алай районунан Сайпилдаева Бусапура эненин кудагыйына кайрылып кошкон кыз узатуу кошогу:

Көк шумкар бердим таптап ал,
Көк жибек бердим саптап ал.
Уктап калса ойготуң,
Ыйлап калса сооротуң.
Тарбиялап өстүрүп,
Бүлө кылып алыңыз.

Алтындан ийик бойлоп жүр,
Алганың менен тойлоп жүр.
Күмүштөн ийик бойлоп жүр,
Күйөөң менен тойлоп жүр.

Ал эми Өзгөн районунун Өстүрүү айылынан Абдуллаева Райкандын кызына таалим-тарбия берген кошогу:

Барган жерде эрте тур, кызым,
Күн чыкканча жатпагын, кызым.

Үйгө кирип чыкканда, кызым,
Эшикти катуу жаппагын, кызым.
Болор-болбос сөз уксаң, кызым,
Бизге келип айтпагын, кызым.

Артылтып камчы салдырба, кызым,
Атаңа наалат алдырба, кызым.
Эңилтип камчы салдырба, кызым,
Энеңе наалат алдырба, кызым.
Кайрылыштан суу алгын, кызым,
Кайын атаңдан дуба алгын, кызым.
Эңилиштен суу алгын, кызым,
Кайын энеңден дуба алгын, кызым.

«Кыз кыңшылатуу» - «кырк чачы» экиге өрүлүп, чүмкөнүп коюлган кыз кетээринде ыйлап, анын энелери (чоң эне, тай эне), апасы, жеңелери, эже-сиңдилери кошок кошот.

Энелердин кошокторунда акыл, кеңеш берүү, кызына боор тартуу, келечеги үчүн түйшөлүү сезилет. Бөтөн эл-жерде ыплас, орой сөз укпаса экен деп тилейт. Кайын энеси менен кайын атасын, күйөөсүн, тууган-туушкандарын урматтоо, сыйлоо, таазим кылуу – кыздын эң биринчи милдети жана жоопкерчилиги экендиги баса көрсөтүлөт.

Чоң-Алай районунун Жаш-Тилек айылынан Шарапова Мисираттин кыз узатуу кошогунан:

Алганың катуу сөз айтса,
Абайлап сүйлөп кечиргин.
Күйөөң катуу сөз айтса,
Күлүп бир жүрүп кечиргин.
Алганың көөнүн кирдетпе,
«Атаңды», деп бизди тилдетпе…

Келиндин биринчи милдети – кайын атасы менен кайын энесинин батасын алып, алардын наркын-баркын түшүнүп, көңүлүн көтөрүп, алдынан кыя өтпөө. Алардын акыл насааты - ыймандуулук, абийирдүүлүк, адамгерчилик.

Алай районунан Матосмонова Уулкандын кошогу:

Эртең менен ойгонгун балам,



## Мазмуну

Алгы сөз . . . . . . . . . . . . . . . 3
Киришүү . . . . . . . . . . . . . . . 11

ЧОҢ-АЛАЙ РАЙОНУ

Арзымаматова Алима . . . . . .24
Акботоева Айниса . . . . . . . .24
Амитова Бүүгүл . . . . . . . . . .25
Акжигитова Калия . . . . . . . .26
Абдижалилова Жамила . . . . .27
Адилова Нарбүбүхан . . . . . . .27
Бебитова Назбүбү . . . . . . . . .28
Исакова Кыймат . . . . . . . . . .29
Калбаева Гүлдар . . . . . . . . . .29
Мурзамидинова Зумрат . . . . .30
Боронов Хамид . . . . . . . . . . . 31
Ормонова Кыздаркан . . . . . . . 31
Сайпилдаева Бүсапура . . . . . .32
Саматова Айымкан . . . . . . . .33
Убраимова Зарипахан. . . . . . .34
Шарапова Мисират . . . . . . . .34
Шарапова Назира . . . . . . . . .35
Эсенбаева Зулайка. . . . . . . . .36

АЛАЙ РАЙОНУ

Исабекова Бурул. . . . . . . . . .37
Абдырахманова Жамила . . . .38
Алиева Сүйдүмкан. . . . . . . . .39
Алакозова Аккыз . . . . . . . . .40
Акматова Роза . . . . . . . . . . .40
Дубанаева Света . . . . . . . . . .41
Исаева Зия . . . . . . . . . . . . .41
Калыкова Апиза . . . . . . . . . .42
Калмаматова Рабиякан. . . . . .43
Мамажанова Бүбүзайнап . . . .43
Маматкулова Катыча. . . . . . .44
Мурзакулова Таттихан. . . . . .44
Молдокулова Алтын . . . . . . .46
Осмонова Жыпаргүл . . . . . . .46
Рыскулова Зейнеп . . . . . . . . .47
Самаматова Толгонай. . . . . . .49
Сайдахматова Шаархан . . . . .49
Ташкулова Адалат . . . . . . . .50
Субанова Жылдызкан . . . . . .50
Токтобекова Мыйман. . . . . . . 51
Турганбаева Кыймат . . . . . . .52
Уметова Мерниса . . . . . . . . .52
Ысмаматова Абазгүл . . . . . . .53

КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ

Арапбаева Батма. . . . . . . . . .55
Арапбаева Чынара. . . . . . . . .57
Айтназарова Гүлнар . . . . . . .58
Айтназарова Нуркыз . . . . . . .59
Базарова Анархан . . . . . . . . .59
Беделова Жидегүл . . . . . . . .60
Жумаева Кайринса . . . . . . . .60
Раимбердиева Жумагүл . . . . . 61
Раимжанова Өктөм . . . . . . . .62
Сагынбаева Мырзайым. . . . . .63
Эшбаева Гүлбайра . . . . . . . .68

| Аты, теги | Туулган жылы | Дареги | Уругу, уруусу |
|---|---|---|---|
| Ташкулова Адалат | 1948 | Алай району, Сары-Могол айылы | Тейит |
| Токоева Азинахан | 1964 | Өзгөн району, Кызыл-Тоо а/ө, Эркин-Тоо айылы | Бостон |
| Токтобекова Мыйман | 1955 | Алай району, Сары-Могол айылы | Кочкор |
| Токтоматова Зыба | 1932 | Кара-Суу району, Папан а/ө, Кызыл-Туу айылы | Сарттар |
| Турганбаева Дариякан | 1959 | Өзгөн району, Кызыл-Тоо а/ө, Эркин-Тоо айылы | Басыз |
| Турганбаева Кыймат | 1953 | Алай району, Сары-Могол айылы | Найман |
| Убраимова Зарипахан | 1962 | Чоң-Алай району, Жекенди а/ө, Карамык айылы | Тилек |
| Уметова Мерниса | 1958 | Алай району, Сары-Могол айылы | Тейит |
| Чомоева Дарика | 1964 | Кара-Суу району, Эшме айылы | Мундуз |
| Шамшиева Ырыс | 1940 | Сузак району, Жаңы-Ачы айылы | Тагай |
| Шарапова Мисират | 1937 | Чоң-Алай району, Жаш-Тилек айылы | Кызыл баш |
| Шарапова Назира | 1947 | Чоң-Алай району, Жаш-Тилек айылы | Кызыл баш |
| Шерматова Ырыскан | 1961 | Сузак району,Кара-Дарыя айылы | Канды |
| Ысмаматова Абазгул | 1947 | Алай району, Гулчө айылы | Тооке |
| Эргешова Жамила | 1942 | Өзгөн району, Шоро-Башат а/ө, Төрт-Көл айылы | Кыпчак |
| Эргешова Кадича | 1949 | Өзгөн району, Шоро-Башат а/ө, Төрт-Көл айылы | Кыпчак |
| Эсенбаева Зулайка | 1958 | Чоң-Алай району, Дароот-Коргон айылы | Кыпчак |
| Эшбаева Гулбайра | 1961 | Кара-Кулжа району, Кара-Кочкор а/ө, Сары-Булак айылы | Могол |



Эт жибек кийип толгонгун балам.
Эңсеп бир көрдү кайын энең,
Даaратына суу койгун балам.

Же, Мамажанова Бүбүзайнаптын (Алай району, Сары- Могол айылы)

Кайын журт сенин сыйлаарың,
Атаңа наалат жеткизбей.
Адептүү келин сен болуп,
Кайын журтуң сыйлагын.

Ал эми Кара – Суу районунун Кызыл-Туу айылынан Приева Дамиранын кошогу:

Кайын эне деген ой жакшы иш,
Аны да кошо сыйлап өт.
Кайын атаңды сыйлагын,
Кайын энеңдин акылын кошо жыйнагын.

Кыздын энесинин, көбүнчө, кудагыйына кайрылып, өтүнүч кылган кошоктордо туруктуу сөз тизмектери, ыр түрмөктөрү вариацияланып кайталанып тургансы менен, өмүр-турмуштук мааниси терең, маңызы философиялык ой жүгүртүүлөргө, чабыттарга бай.

Өзгөн районунун Төрт-Көл айылындагы Акымбекова Бактыгүлдүн кошок менен кудагыйга кайрылганы:

Кер жорго минген кудагый,
Кейкеңдебей оозун тарт.
Кейибей өскөн биздин кыз,
Кейитпестен жакшы бак.
Сур жорго минген кудагый,
Сулуусунбай оозун тарт.
Сумсайбай өскөн биздин кыз,
Сумсайтпастан жакшы бак.

Ушундай эле маанидеги кошок Курбанбаева Зиягүлдөн (Өзгөн району, Куршаб айылы) жазылып алынган.

Алтындан сөйкө тагып ал,
Оо кудага сөз айтам.
Жар-жарлап кызды багып ал,
Күмүштөн сөйкө тагынган.

Оо кудага сөз айтам,
Кызыңдай кылып багып ал.
Кудагый, күмүштөн сөйкө тагып ал,

Кээде, кыздын энеси же апасы, «маселени кабыргасынан» коюп, кудагыйына кандайдыр бир талаптарды койгон учурлар да кошоктордо чагылдырылган.

Буга Ташалиева Зууракандан (Өзгөн району, Төрт Көл айылы) жазылып алынган кошок үлгү боло алат

Ак учук бердим, саптап ал,
Оо кудагый, сага айтам.
Ак түйгүн бердим, таптап ал,
Ак түйгүн тапка келгенче.
Кудагый, алпештеп жакшы багып ал.

Кыргызда «Вазир жакшы - Хан жакшы, Катын жакшы - Эр жакшы» деп айтылып жүргөн макал, же фразеологизм бар. Бул саптар кыз узаттар кошоктордун ыр түрмөктөрүндө кеңири пайдаланылат.

Кыз тараптагылар «Күйөөнү Пайгамбар дагы сыйлаптыр» деген накыл кептин негизинде жан жолдошун кадырлоого чакырат.

Буга Сагынбаева Мырзайым (Кара-Кулжа району, Кара-Кулжа айылы) кошкон кошок мисал боло алат:

Алтын сөйкө жез баргек.
Кулагына жарашат,
Күйөө бир бала, угуп ал.
Алтын ооз, ак кеңсе,
Кийгенине жарашат.

Эжелеринин сиңдисине каалаганы - анын турмушуна сүйүнүч, кубаныч, ийгиликтерди алкоо – жалпысынан, жакшылык, ошого ниет кылуу.

Жеңелердин кошокторунда кызды мактоо, көкөлөтүү, эркелетүү, күйөө бала, кудаларга «тапшырма» берүү менен бирге, кыздын, күйөө баланын, кудалардын кемчиликтери көрсөтүлөт. Жеңелердин «чымчыкейлеринин» максаты – кемчиликтерди жоюу, жаман адаттарды калтыруу, унутуу:



| *Аты, теги* | *Туулган жылы* | *Дареги* | *Уругу, урусу* |
|---|---|---|---|
| Приева Дамира | 1976 | Кара-Суу району, Папан а/ө, Кызыл-Туу айылы | Багыш |
| Раимбердиева Жумагул | 1948 | Кара-Кулжа району, Кара-Кулжа айылы | Кара баргы |
| Раимжанова Өктөм | 1937 | Кара-Кулжа району, Кара-Кочкор а/ө, Кара-Кочкор айылы | Могол |
| Рыскулова Зейнеп | 1986 | Алай району, Будалык а/ө, Кайнама айылы | Арзике |
| Сагынбаева Мырзайым | 1956 | Кара-Кулжа району, Кара-Кулжа айылы | Сары баргы |
| Сайдахматова Шаархан | 1950 | Алай району, Сары-Могол айылы | Найман |
| Сайназарова Фатима | 1960 | Чоң-Алай району, мурдагы Тажик Республикасынын Жерге-Тал району, Жайылма айылы | Кыдыршаа |
| Сайпилдаева Бусапура | 1951 | Чоң-Алай району, Кара-Кабак (ЮКОС) айылы | Кыдыршаа |
| Салиева Анаркан | 1967 | Өзгөн району, Чангет а/ө, Өстүрүү айылы | Багыш |
| Самаматова Толгонай | 1938 | Алай району, Будалык а/ө, Кайнама айылы | Тооке |
| Саматова Айымкан | 1949 | Чоң-Алай району, Чак айылы | Тейит |
| Саттарова Якутхан | 1957 | Кара-Суу району, Кенжегул айылы | Мөнөк |
| Субанова Жылдызкан | 1971 | Алай району, Гулчө айылы | Мөнөк |
| Сулайманова Жыпаркан | 1979 | Өзгөн району, Салам-Алик а/ө | Кара баргы |
| Султанова Анаркан | 1963 | Өзгөн району, Шоро-Башат а/ө, Төрт-Көл айылы | Кыпчак |
| Супатаева Гулбара | *1920 | Өзгөн району, Чангет а/ө, Өстүрүү айылы | Кылыч тамга |
| Тавакалова Гулмира | 1970 | Кара-Суу району, Кенжегул айылы | Кыпчак |
| Ташалиева Зууракан | 1950 | Өзгөн району, Шоро-Башат а/ө, Төрт-Көл айылы | Кыпчак |

| *Аты, теги* | *Туулган жылы* | *Дареги* | *Уругу, урусу* |
|---|---|---|---|
| Маматкулова Катыча | 1951 | Алай району, Сары-Могол айылы | Найман |
| Маткеримова Данахан | 1964 | Араван району, Төбө-Коргон а/ө, Интернационал айылы | Отуз уул |
| Матосмонова Уулкыз | 1957 | Алай району, Гүлчө айылы | Баргы |
| Мисирова Жаңылай | 1956 | Ноокен району, Шайдан а/ө, Алма айылы | Кыйра, Мундуз |
| Молдокулова Алтын | 1958 | Алай району, Гүлчө айылы | Баргы |
| Мурзакулова Таттихан | 1969 | Алай району, Сары-Могол айылы | Кыдыршаа |
| Мурзамидинова Зумрат | 1975 | Чоң-Алай району, Кашка-Суу а/ө, Жайылма айылы | Кыдыршаа |
| Нарматова Жумакан | 1957 | Ош ш. | Кыдыршаа |
| Нуржанова Салимахан | 1949 | Сузак району, Кара-Дарыя айылы | Мундуз |
| Ормонова Кыздаркан | 1951 | Чоң-Алай району, Дароот-Коргон айылы | Кыдыршаа |
| Ортокбаева Саламат | 1953 | Араван району, Төбө-Коргон а/ө, Интернационал айылы | Мөнөк |
| Османалиева Турдукан | 1959 | Кара-Суу району, Кенжегул айылы | Мөнөк |
| Осмонова Жыпаргүл | 1971 | Алай району, Будалык а/ө, Кайнама айылы | Арзике |
| Оторова Айша | 1961 | Араван району, Төбө-Коргон а/ө, Интернационал айылы | Мундуз |
| Полотова Орун | 1959 | Кара-Суу району, Кенжегул айылы | Көкчө |



Жаңы келген келин үчүн башка бирөөнүн бүлөсү болуу оңой эмес: анын ар бир кыймылы, кадамы, көз карашы, мамилеси сын көз менен каралат. Жаңы үй-бүлөнүн жазылбаган эрежелерин сактап жүрүүсү керек болот. Башкача айтканда, кыздын баштапкы «романтикалуу» жана «эркин куштай» абалы кайнап турган прозалык турмуштун алкагына салынат.

Буга Акымбекова Бактыгүлдүн (Өзгөн районунун Төрт Көл айылы) келинине кайрылып айтканы мисал боло алат:

Кайын атаңды кандай көр,
Кайын энеңди жандай көр.
Акыл-насаат сөздөрүн,
Агарып аткан таңдай көр.
Кайын инилерди чептей көр.
Кайын эже - сиңдиңди,
Бир туугандай жакшы көр
Эшикти катуу жаппагын,
Кайын энеңди какпагын.

Ак элечек көрүнсө,
Апам келет дебей жүр.
Апаң барса басып чык,
Акырын эшик ачып чык.

Ак калпак көрүнсө,
Атам келет дебей жүр.
Атаң барса басып чык,
Акырын эшик ачып чык.

Жеңелери болсо, кайын сиңдисин узатып жатканда, "жеңе-кыз" ортосундагы эң жакын, сырдуу мамилени, сезимдерди - сырдашып өткөргөн түндөрдү, талаалап терген гүлдөрдү, оюн-зоокко катышкан күндөрдү ичи ачышып эстеп, мындай романтикалуу турмуштан аргасыз ажырап калганына муңканганын билдиришет.

Турмуш өзү күбөлөп тургандай, ар дайым эле "жеңе-кыз" мамилеси оңгуluktуу болгон эмес. Жеңесинин үстүнөн бийлеп, тыңгылыктуу оокат жасатпай, көкүрөгүнө көк талкандай тийген-

дигине «Сөөгүмдөн кетпей тирүүмдө», «Урушуп эрмек кылганга» деген сыяктуу саптар далил. “Жеңе-кыз” ортосунда кандайдыр бир билинбес эрегишүү, атаандашуу болуп келген. Мындайда жеңелер кайын сиңдисинин күйөөгө узашын турмушундагы байкалбас жолтоо, тоскоолдуктардан кутулуп жаткандарына чындап сүйүнүшкөн. Буга Базарова Анархандан (Кара-Кулжа району, Сары-Булак айылы) жазылып алынган төмөнкү чымчыкей кошок күбө:

Сагынганда бербеген,
Сары майың ала кет.
Сандыгыңа сала кет,
Кубарганда бербеген.
Курут майың ала кет,
Куржунуңа сала кет.
Усталар соккон ийнелер.
Чөнтөгүңө сала кет,
Урушуп кумар жазарга.
Мен байкушту, кызыкем,
Учкаштырып ала кет.

Бирок, кыз узатуу үлпөтүндө канчалык чымчыкейлер көп болгонуна карабастан, кудалардын кадыр-көңүлү үчүн жеңелер салтты сактап, ыйлоо менен кызды узатышкан.

Энелеринин, эже-сиңдилеринин, жеңелеринин кыз узатуудагы кошокторунун жалпы мазмууну окшош. Анда кыздын назиктиги, сулуулугу, жан дүйнөсүнүн тазалыгы, тунуктугу сүрөттөлгөн эпитеттер, салыштыруулар, метафоралар көп кездешет: «акак», «ак учук», «ак кептер», «кара чач», «кара көз», «бото көз», «кара каш», «күн», «гүл», «жибек» «кыргый», «турумтай», «чырактай», «булактай», «айнектей», «козудай», «маралдай», «турнадай», «улардай», «мончоктой» ж. б. сөздөр такай колдонулат.

Аталган эмгек Кыргызстандын алыскы райондорунан жыйналган талаа-этнографиялык материалдарга илимий талдоо жүргүзүп, аларды системалаштырып, кошоктордун тарбиялык маани-маңызын ачып бергендиги менен баалуу.

**Э. СУЛАЙМАНОВ**
*тарых илимдеринин кандидаты,*
*ЖАМУнун тарых кафедрасынын профессору*



| *Аты, теги* | *Туулган жылы* | *Дареги* | *Уругу, уруусу* |
|---|---|---|---|
| Калматова Майрамкан | 1946 | Сузак району, Кара-Дарыя айылы | Бостон |
| Калыкова Апиза | 1941 | Алай району, Будалык а/ө, Кум-Шоро айылы | Тооке |
| Камчыбекова Авазкан | 1949 | Өзгөн району, Чангет а/ө, Өстүрүү айылы | Кыпчак |
| Касымова Касиет | 1938 | Өзгөн району, Салам-Алик а/ө, Эркин-Тоо айылы | Караке |
| Касымова Роза | 1964 | Өзгөн району, Салам-Алик а/ө, Эркин-Тоо айылы | Басыз |
| Керкибашева Суусар | 1941 | Өзгөн району, Чангет а/ө, Өстүрүү айылы | Кыпчак |
| Киргизова Ирсалат | 1958 | Сузак району, Кара-Дарыя айылы | Чоң багыш |
| Кубатова Зууракан | 1968 | Өзгөн району, Салам-Алик а/ө, Эркин-Тоо айылы | Бостон |
| Кулуева Казыйпа | 1938 | Кара-Суу району, Отуз-Адыр айылы | Жору |
| Курбанбаева Зиягүл | 1976 | Өзгөн району, Куршаб айылы | Жору |
| Курманбаева Малике | 1946 | Өзгөн району, Салам-Алик а/ө, Салам-Алик айылы | Кара баргы |
| Кыралева Майрамкан | 1940 | Сузак району, Курманбек а/ө, Жон-Күнгөй айылы | Кылыч тамга |
| Мааданова Канымбу | 1951 | Өзгөн району, Жазы а/ө, Кызыл-Дыйкан айылы | Кара багыш |
| Мамаджанова Раиля | 1949 | Өзгөн району, Жазы а/ө, Кызыл-Дыйкан айылы | Кытай |
| Мамажанова Бүбүзайнап | 1955 | Алай району, Сары-Могол айылы | Баргы |
| Мамасадыкова Айым | 1957 | Ноокат району, Чеч-Дөбө айылы | Сарттар |

| *Аты, теги* | *Туулган жылы* | *Дареги* | *Уругу, уруусу* |
|---|---|---|---|
| Джайнакова Канахат | 1953 | Араван району, Төбө-Коргон а/ө, Интернационал айылы | Өзбекстандан |
| Джаныбекова Светлана | 1954 | Өзгөн району, Жазы а/ө, Кызыл-Дыйкан айылы | Саруу |
| Джолдошева Арзи | 1940 | Өзгөн району, Салам-Алик а/ө | Өзбек |
| Дубанаева Света | 1966 | Алай району, Гүлчө айылы | Баргы |
| Дыйканбаева Анорхон | 1946 | Араван району, Төлөйкөн айылы | Отуз уул |
| Дооранова Савлет | 1949 | Сузак району, Кызыл-Туу а/ө, Кара-Көл айылы | Мундуз |
| Жумаева Кайринса | 1955 | Кара-Кулжа району, Кара-Кочкор а/ө, Кара-Кочкор айылы | Могол |
| Жумашева Шарапат | 1930 | Кара-Суу району, Отуз-Адыр айылы | Жору |
| Жусуматова Зымрат | 1957 | Араван рай., Төбө-Коргон а/ө, Интернационал ай. | Мундуз |
| Жээнтаева Гулайым | 1954 | Араван району, Төбө-Коргон а/ө, Интернационал айылы | Отуз уул |
| Зупиева Айым | 1943 | Кара-Суу району, Папан а/ө, Кызыл-Туу айылы | Бөрү |
| Исабекова Бурул | 1953 | Алай району, Гүлчү айылы | Адигине |
| Исаева Зия | 1950 | Алай району, Сары-Могол айылы | Тейит |
| Исакова Кыймат | 1940 | Чоң-Алай району, Жаш-Тилек айылы | Тейит |
| Кадырматова Уулбу | 1954 | Аксы району, Уч-Коргон а/ө, Кызыл-Жар айылы | Саруу |
| Калбаева Гулдар | 1950 | Чоң-Алай району, Дароот-Коргон айылы. | Кыдыршаа |
| Калмаматова Рабиякан | 1964 | Алай району, Гүлчө айылы | Мундуз |



# КИРИШҮҮ

Азыркы учурда элдин этникалык тарыхында убакыт өткөн сайын элдик оозеки чыгармачылыктын орду төмөндөп, биринчи кезекте, кошок, жоктоо ырларынын статусу жоголуп баратат.

Руханий маданиятты изилдөөдө кошоктор жана жоктоо ырлары маанилүү тарыхый-этнографиялык булак катары каралып келет. Бирок, тилекке каршы алар тарых, этнология илимдеринде жетишээрлик деңгээлде изилдене элек. Ошондуктан бүгүнкү күндө илимий ыкмаларды пайдаланып, көбүрөөк маалымат, булактарды алып калуу зарыл милдет.

Өткөн замандардагы кошок жана жоктоо ырларында тигил же бул тарыхый доорлордо жашаган инсандардын өмүр-таржымалы, ишмердиги, анын генеалогиялык тамыры, ошондой эле ономастикалык көптөгөн аталыштар берилген. Кыргыз элинин көөнө маданиятынын башатын түзгөн мындай теңдеши жок байлыгынын азыркыга дейре унутулбай сакталып келе жаткандыгы көңүл бурдуруучу изилдөө, уникалдуу булак, маанилүү маселе болуп саналат.

Негизинен, жашоо өзүнүн нугу менен кете берет, бирок өлүм - орду толгус кайгы-муң болгондуктан, адам баласы сөздүн коштоосу менен обондуу жамак-ыр түрүндө өзүнүн ички психологиялык өксүүсүн басандатат.

Кыргыз элинин тарыхындагы этникалык компоненттерди, социалдык жана экономикалык структураны эске алып, фольклорду, анын ичиндеги кошок жана жоктоо тибине кирген тарыхый ырлардын диалектикалык өзгөчөлүктөрүн да терең изилдеп, бүтүндөй бир көркөм көрүнүшүн аңдоо баалуу милдет. Анын үстүнө тигил же бул аймактардагы, айрыкча изилдөө айлампасына сейрек кирген райондордогу кошок, жоктоо таризиндеги ырларды таап, алардын өзгөчөлүктөрүн илимий айлампага киргизүү, кыргыз элинин руханий байлыгынын молдугун далилдеп турат.

Кыргыз фольклорунун ичинен кошоктордун мазмунуна сереп салсак, анда инсандын жашоодогу, коомдогу белгилүү орду, кыймыл-аракети, адеп-ахлактык иштери, кылык-жоруктары, рухий

баалуулуктары каралган. Демек, кошок, жоктоо ырлары элибиздин тарыхый-маданий, этнофилософиялык баалуулуктарын өзүнө камтуу менен, географиялык, этномаданий, социалдык, экономикалык жана башка түрдүү факторлордун таасири астында калыптанган өзгөчө бир жанр. Ал фольклордун салттуу өзгөчөлүгүн, элдик мурастардын алкагында алган ордун мүнөздөп турат.

Ушул өңүттө кошок, жоктоо ырларынын системасын өздөштүрүү, анын мазмунун таануу, элибиздин тарыхын тереңдеп түшүнүүгө негиз боло алат. Чындыгында, кошок ырларында калктын гумандуулук идеялары камтылып, коомдук өнүгүүнүн татаал тарыхы айкын чагылдырылып, элибиздин маданий салт – санаасын, идеологиясын изилдөөдө тарыхый булак болуп бере алат.

Кыргыз фольклорунун системасында бул жанр - адамдын турмуштук энциклопедиясы жана маанилүү тарыхый–этнографиялык булак болуп эсептелет. Бай мазмунга жана түрдүү тематикага ээ болгон кошок жана жоктоо ырлары тарыхчылар үчүн гана эмес, этнографтар, фольклористтер, адабиятчылар, тилчилер, этно-музыковеддер, теологдор үчүн да баалуу изилденүүчү материал болуп, ал эми жалпы элибиз үчүн уникалдуу оозеки маданий мурас катары кызмат кылаары шексиз. Бул маселелер фольклористтер, адабиятчылар тарабынан изилденип келгени менен тарыхчылар бул маселеге дээрлик кайрылыша элек. Демек, бул проблеманы окуп-үйрөнүү - тарыхый чындыкты калыптандырууга жана илимий жыйынтыктарды тереңдетүүгө шарт түзөт.

Ушул жагдайлар теманын актуалдуулугун мүнөздөп турат жана ал маселени илимий айлампага киргизүү маанилүү зарылдык деп санайбыз.

Кыргыздардын рухий турмушунда кошок кошуу башка элдик оозеки чыгармалар менен бирдей эле өз алдынча өнүгүп, эпикалык чыгармаларга чейин өсүп жеткен. Кошок жанры эл арасында айтылып, сакталып, ар кандай куракта гы адамдар кайтыш болгондо, анын сөөгүн жерге коюу үрп-адаттары менен бирдикте ый менен жоктолгон жана кыз узатуу салтында да айтылып келген.

Кошок ырларына байкоо салганда төмөнкүдөй тематикадагы кошокторду көрүүгө болот: жаш балдарга, аялдарга, эркектерге арналган кошок ырлары. Алар жаш курак өзөчөлүктөрүнө карап



| *Аты, теги* | *Туулган жылы* | *Дареги* | *Уругу, уруусу* |
|---|---|---|---|
| Алакозова Аккыз | 1951 | Алай району, Гүлчө айылы | Адигине |
| Алиева Сүйдүмкан | 1967 | Алай району, Талды-Суу айылы | Сарттар |
| Амитова Бүүгүл | 1948 | Чоң-Алай району, Дароот-Коргон айылы | Кыдыршаа |
| Анарбекова Турсун | 1952 | Аксы району, Үч-Коргон а/ө, Кызыл-Жар айылы | Саруу |
| Апитаева Анархан | 1949 | Өзгөн району, Жазы а/ө, Кызыл-Дыйкан айылы | Саяк |
| Апсаматова Буайша | 1954 | Кара-Суу району, Папан а/ө, Кызыл-Туу айылы | Калча |
| Апсатарова Аккыз | 1936 | Кара-Суу району, Кенжегул айылы | Тооке |
| Арапбаева Батма | 1930 | Кара-Кулжа району, Кара-Кочкор а/ө, Сары-Булак айылы | Могол |
| Арапбаева Чынара | 1977 | Кара-Кулжа району, Кара-Кочкор а/ө, Сары-Булак айылы | Могол |
| Арзыматова Алима | 1965 | Чоң-Алай району, Жекенди а/ө, Карамык айылы. | Кыпчак |
| Асанова Датка | 1930 | Кара-Суу району, Папан а/ө, Кызыл-Туу айылы | Баргы |
| Асанова Зулайка | 1954 | Кара-Суу району, Папан а/ө, Кызыл-Туу айылы | Калча |
| Базарова Анархан | 1962 | Кара-Кулжа району, Кара-Кочкор а/ө, Сары-Булак айылы | Мөнөк |
| Бебитова Назбүбү | 1960 | Чоң-Алай району, Жекенди а/ө, Карамык айылы | Кыпчак |
| Беделова Жидегүл | 1977 | Кара-Кулжа району, Кара-Кочкор а/ө, Сары-Булак айылы | Могол |

## Баяндоочу-айтуучулардын тизмеси

| *Аты, теги* | *Туулган жылы* | *Дареги* | *Уругу, урусу* |
|---|---|---|---|
| Абджалилова Жамила | 1944 | Чоң-Алай району, Кашка-Суу а/ө, Жайылма айылы | Кыпчак, окчу |
| Абдуллаева Райкан | 1975 | Өзгөн району, Чангет а/ө, Өстүрүү айылы | Кыпчак |
| Абдыкадырова Сапия | 1932 | Өзгөн району, Куршаб айылы | Жору |
| Абдымомунова Азада | 1956 | Кара-Суу району, Кенжегул айылы | Көкчө |
| Абдырахманова Жамила | 1948 | Алай району, Сары-Могол айылы | Адигине |
| Адилова Нарбүбүхан | 1957 | Чоң-Алай району, Кара-Кабак (ЮКОС) айылы | Чал тейит |
| Айтиева Бермет | 1956 | Кара-Суу району, Кенжегул айылы | Мөнөк |
| Айтназарова Гүлнара | 1965 | Кара-Кулжа району, Кара-Кочкор а/ө, Сары-Булак айылы | Могол |
| Айтназарова Нуркыз | 1956 | Кара-Кулжа району, Кара-Кочкор а/ө, Сары-Булак айылы | Могол |
| Акботоева Айниса | 1943 | Чоң-Алай району, Жекенди а/ө, Кара-Тейит айылы | Тейит |
| Акжигитова Калия | 1941 | Чоң-Алай району, Жошолу айылы | Баргы |
| Аккушева Бурулкан | 1941 | Өзгөн району, Чангет а/ө, Өстүрүү айылы | Кылыч тамга |
| Акматова Роза | 1965 | Алай району, Гүлчө айылы | Адигине |
| Акымбекова Бактыгүл | 1974 | Өзгөн району, Шоро-Башат а/ө, Төрт-Көл айылы | Кыпчак |



дагы өзүнчө бөлүнүп кетет. Мисалы, мазмунуна карай, «жаш балага», «келинге», «жеңеге», «аялга», «улгайган аялга» өзүнчө, ал эми эркек адамдарга да дал ушундай эле - «балага», «атага», «аксакалга» деп айтылат. Ал эми илимий адабияттарда төмөнкүдөй берилет; «Атасы өлгөн кыздын кошогу», «Энеси өлгөн кыздын кошогу», «Ата-энеси өлгөн кыздын кошогу», «Иниси өлгөн аялдын кошогу», «Кайниси өлгөн жеңенин кошогу», «Баласы өлгөн эненин кошогу», «Эжеси өлгөн кыздын кошогу», «Эри өлгөн аялдын кошогу», «Киши колдуу болуп өлгөнгө кошулган кошок» ж. б. Белгилей кетүүчү нерсе модернизацияланган коомдо да кошоктун эски формасынын (тирүү жүргөн адамга[1] жана өзүнө өзү кошкон[2]) сакталып калганын кездештирүүгө болот.

Кошок - жоктоо, кош айтышуу, керээз, арман-күйүт маанисинде айтылат. Өлүмгө байланышкан ырым - жырымдардын, салт - санаалардын жана фольклордун жашашына түздөн түз аралашып, бирок өз алдынча поэтикалык жанрдын негизги көрүнүшү болуп эсептелет. Мазмунунда адамдын ички кайгысы, жоктоосу, муң - зары, мактоосу, каргышы, арманы, акыл - насаатын билдирген ыр түрмөгүнөн топтолгон. Ал эми аны жайылтуу, эл арасындагы сөзгө чечен, жамакчы акындар тарабынан аткарылган.

Адамдар коомдук турмушта саясий - экономикалык, руханий деградацияга туш болгондо, ынандыраарлык таяныч издейт. Андай таяныч реалдуулуктагы күчтүү бийлик, улуу идеялар, ага шыктандырган жетектөөчү инсан болуш керек. Ошолордун ичинен үлгүлүү болгон тарыхый инсандарга арналган кошоктор эл арасына кенен жайылып, ооздон - оозго дайыма айтылып, өз ордун таап келген. Демек, кошокту жаратуучулар – эл, ошол элдин арасынан чыккан табиятынан таланттуу ырчылар. Кошок айтуучулар жана алардын шакирттери элдин бул руханий байлыгынын өнүгүшүнө, сакталышына, кийинки муундарга жетишине себепкер болушкан.

Кошоктордун мазмунунан татаал тагдырларды, эл башына түшкөн мүшкүл алааматтардын тарыхын иликтесе болорун көрөбүз. Кошокчулар өздөрүн курчаган турмуштагы бардык олуттуу

1 Информатор Жарлыкова Умсунай. Аксы району, Кербен шаары. 2007-ж.
2 Инфлорматор Абдыкадырова Сапия. Өзгөн району, Куршаб айылы. 2018-ж.

окуялардан көркөм образдарды жаратып, поэтикалык жөндөмдүүлүгүнө жараша жеткиликтүү кылып, үн ыргагы менен, кээде, музыкалык аспаптардын коштоосунда угузушкан. Кошоктун бир өзгөчөлүгү - кошокчунун өлгөн кишиге жакын-алыстыгы, жэк - жааттыгы же жалдап айттыруусуна (атайын кошокчуга) байланыштуу маанилери өзгөрөт. Себеби, шарттуу түрдө, жакыны тарабынан кошок айтууда өтө күйгөнү, кайгы - зары, муңу күчөтүлөт. Алысыраак жэк -жааттары аркылуу айтылган кошоктордо эскерүү, жоктоо, армандары берилет. Ал эми кошокчуну атайын жалдап айттырган учурларда өлгөн адамды жалпы жонунан даңазалап, мактап айтышат.

Кошоктордун мазмунуна сереп салсак, анда инсандын жашоодогу белгилүү орду, кыймыл - аракети, адеп - ахлактык иштери, кылык -жоруктары, рухий баалуулуктары, коомдук маанидеги кайсыл бир идеялар чагылып турат.

Жогоруда айтылгандардын негизинде кошок ырларынын барктуулугун, анын тарыхый - маданий, этно - философиялык асылдыктарын аңдап көрүү менен, ар түрдүү факторлордун (географиялык, этномаданий, социалдык, экономикалык ж. б.) таасири астында калыптанып, өнүгүп келген мындай фольклордук феномендин традициялуу өзгөчөлүгүн, элдик мурастар алкагында алган ордун мүнөздөөгө болот. Мындай өңүттө кошоктордун системасын өздөштүрүү, андагы мазмунду таануу, анализдөө – тарыхнаамалык жактан кыйла олуттуу максат болуп саналат.

Кошок ырлары боюнча олуттуу иштер колго алынгандыгы белгилүү. Бул маселе кыргыз фольклорунун тарыхында XIX к. башталган. Алгач ал башка жанрлардын катарында К.Мифтаков, К.Рахматуллин, М.Богданова, А.Тайгүрөңов, З.Бектенов, Т.Байжиев, Ж.Таштемиров, С.Мусаев, С.Закиров, К.Артыкбаев, А.Акматалиев, С.Эгембердиева, А.Токомбаева сыяктуу фольклорчулар тарабынан изилденген.

Бул эмгекти жазууда дагы бир топ илимпоздордун эмгектерине кайрылдык[3].

3 С. Жигитов. Ырлар жана жылдар. – Фрунзе, 1972; Н.И.Толстой. Статьи о фольклоре. – М.-Л., 1966; Кыргыз поэзиясынын антологиясы. - Бишкек, 1999; Т.Танаев. Кыргыз фольклорундагы лирикалык жанр. 1-китеп. - Ош: 1998; Кошоктор. 21-том. / Ч.Т. Айтбаев, М.Д. Акаева, А.А. Акматалиев ж.б... - Бишкек, 1998; Орхон-Енисей тексттери. - Фрунзе, 1982; К.Калчакеев, А.Мусабеков. Өмүр жылдызы күн болуп жанат. 1-китеп. - Жалалабат, 2002; Кыргыз эл ырлары. - Фрунзе,



18. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. - Фрунзе, 1973.
19. Курманбек. түз. Б. Кебекова, М. Мукасов, Р. Сарыпбеков – Бишкек, 1998.
20. Кенжегараев Б. Эр Солтоной: тарыхый очерк. – Бишкек, 2004.
21. Көчүмкулова Э. Тирүүнүн көркү сый болот, өлгөндүн көркү ый болот. – Бишкек, 2014.
22. Манас. 1, 2, 3-томдор. - Фрунзе, 1988.
23. Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. 1-китеп. – Б.: Учкун, 1993.
24. Суразаков С.С. Алтай фольклор. – Горно – Алтайск, 2015.
25. Танаев Т. Кыргыз фольклорундагы лирикалык жанр. 1-китеп. - Ош: 1998.
26. Толстой Н.И. Статьи о фольклоре. – М.-Л., 1966.
27. Орхон-Енисей тексттери. - Фрунзе, 1982.
28. Фрезер Д. Фольклор ветхом завете. – М.: Политиздат, 1989.

## Колдонулган булактар жана адабияттар


1. Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. – Бишкек: Кыргызстан-Сорос фонду, 1999.
2. Абдувалиев И.И. – Словарь односложных корней и основ в кыргызском языке. Бишкек, 2017.
3. Анарбекова В.Э. XIX – XX кк. башындагы кыргыз тарыхый инсандарынын ишмердиги фольклордук материалдарда./ Диссертациялык иш. – Бишкек, 2017.
4. Валиханов Ч.Ч. Собрание сочинений. – Алма – Ата: Изд-во. АН КазССР, 1961. – т – 1.
5. Гений в искусстве и науке. - М., 1991.
6. Древнетюркский словарь. / ред. В.М.Наделяев, Д.М.Насилов, Э.Р.Тенишев, А.М.Щербак. – Л.: Наука, 1969.
7. Жигитов С. Ырлар жана жылдар. – Фрунзе, 1972.
8. Кыргыздар. түз. К. Жусупов - Бишкек, 1998.
9. Закиров С, Токомбаева А. Кыргыз элдик лирикаларынын жанрдык өзгөчөлүгү. - Фрунзе, 1964.
10. Калчакеев К, Мусабеков А. Өмүр жылдызы күн болуп жанат. 1-китеп. - Жалалабат, 2002.
11. Караев Ө. Көөнө түрктөр тарыхы. – Бишкек, 1995.
12. Кыргыз поэзиясынын антологиясы. түз. К. Жусупов. 1-том. – Бишкек, 1999.
13. Кыргыз фольклорундагы лирикалык жанр. 1-китеп. - Ош: 1998.
14. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. /ред. Э.Абдулдаев, Д.Исаев. – Фрунзе.: Мектеп, 1984.
15. Кошоктор. 21-том. түз. Ч.Т. Айтбаев, М.Д. Акаева, А.А. Акматалиев ж.б. - Бишкек, 1998.
16. Кошоктор III том. түз. К. Абакиров, А. Абдыкадырова, К. Даутова ж.б. – Бишкек, 2015.
17. Кыргыз эл ырлары. - Фрунзе, 1967.




Мында информаторлордун айтуулары негизги булак катары колдонулду.

Аталган жанрда инсандын социалдык абалы же айрым бир топтун (урук, уруу, дос – жар) кызыкчылыктары же касташкандардын иш - аракети, максаты эске алынып, көпчүлүккө жарыяланган. Негизгиси - ата - бабаларыбыз байыртадан бери табияттын танып кеткис мыйзамы эсептелген “ажал” деп аталган жазмыштан кутулууга болбостугун түшүнүү менен ага моюн сунуу мазмуну негизги идея болуп саналган. Ошол эле учурда аларда калкыбыздын, мамлекеттүүлүгүбүздүн, атуулдук, коомдук өнүгүүнүн татаал тарыхы, элдик баалуулуктары чагылдырылган.

Алгач “кошок” жана “жоктоо” деп эки түрдүү айтылган терминди тактап алсак. Өлгөндү эскерүү күндөрүндө аткарылчу кошоктор эскерүүнүн өзгөчө бир түрүнө – жоктоо кошогуна айланып калган[4].

Кошоктор болсо каада-салт ырларынын ичинен эң көп тармактуу жана өнүккөн түрү. Алар тематикалык мазмун жагынан бир канча түргө бөлүнөт. Мисалы, эл арасында башы көрүнгөн инсанга карата анын жесиринин кошогу, атайын даярдалган акындын же дастанчынын ошол инсанга арналган кошогу, атайын чакырылган кошокчунун кошогу, ата–энесинен айрылган кыздын кошогу, балдарынан айрылган эненин кошогу, күйөөсүнөн жана сүйгөнүнөн айрылган келин – кыздын кошогу, бир – биринен айрылган эже –сиңдинин кошогу сыяктуу мазмундагы кошоктор негизги орунда турат. Андан башка түрдөгү кошоктор да жолугат. Кошоктун алым – сабак түрү, жубатуу түрлөрү да бар. Кошоктор кыргыздын фольклордук чыгармаларынын ичинде үрп

---

1967; Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. - Фрунзе, 1973; С.Закиров, А.Токомбаева. Кыргыз элдик лирикаларынын жанрдык өзгөчөлүгү. - Фрунзе, 1964; Манас. 1,2,3 тт. - Фрунзе, 1979. / А. Абакиров, Ч.Т. Айтматов, А. Алтымышбаев ж.б.; Курманбек. - түз. Б. Кебекова, М. Мукасов, Р. Сарыпбеков ж.б. – Бишкек, 1998; Кыргыздар. - түз. К.Жусупов. - Бишкек, 1998; Абрамзон С.М. Кыргыз жана кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. – Бишкек: Кыргызстан-Сорос фонду, 1999; Фрезер Д. Фольклор ветхом завете. – М.: Политиздат, 1989; Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. 1-китеп – Бишкек.: Учкун, 1993; Кенжегараев Б. Эр Солтоной: тарыхый очерк. – Бишкек, 2004; Суразаков С.С. Алтай фольклор. – Горно-Алтайск, 2015; Древнетюркский словарь. / ред. В.М.Наделяев, Д.М.Насилов, Э.Р.Тенишев, А.М.Щербак. – Л.: Наука, 1969. /(Мындан ары - ДТС - В.А.): Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. /ред. Э.Абдулдаев, Д.Исаев. – Фрунзе.: Мектеп, 1984; Караев Ө. Көөнө түрктөр тарыхы. – Бишкек, 1995; Көчүмкулова Э. Тирүүнүн көркү сый болот, өлгөндүн көркү ый болот.– Бишкек, 2014; Кошоктор III том./ ред. К. Абакиров, А. Абдыкадырова, К. Даутов ж.б. –Бишкек, 2015; В.Э.Анарбекова. XIX – XX кк. башындагы кыргыз тарыхый инсандарынын ишмердиги фольклордук материалдарда./Диссертациялык иш. – Бишкек, 2017. Абдувалиев И.И. – Словарь односложных корней и основ в кыргызском языке. Бишкек, 2017.

4 Абрамзон С.М. Көрсөтүлгөн эмгек. – 237 - б.

- адатка байланыштуу да айтылат. Мисалы, ага кыз узаткандагы эненин же жеңенин кошогу кирет. Кыргыз фольклорунда кошоктор өзүнчө жанрдык касиетке ээ, көркөмдүк сапаты боюнча элдик поэзияда өнүккөн, аткарылышында мүнөздүү обону бар майда формадан тартып эпикалык көлөмгө чейин жеткен, мазмунунда адамдын ички кайгысын, жоктоосун, муңун, зарлануусун, туугандык жакындыгын билдирген ырлардын бир түркүмү. Кошок - өлүмгө байланышкан ырым - жырымдар, салт - санаалар фольклордун жашашына түздөн - түз аралашып, өзүнчө иштелип чыккан поэтикалык бир жанрдын негизги булагы болуп эсептелинери талашсыз. Кошок ырлары көлөмү, тематикасы, обону жагынан айырмаланып турат.

Жалпысынан, кошок ырларында ритм, рифмалык ыргактык, уйкаштыктар, метафора бирдей эле. Жеке адамдын мүнөзү, жүрүм-туруму эскерилип, жетишкендик каалоолору билдирилип, макталып айтылат. Аткаруу салтына карата аларды ар кандай тематикалык түрлөргө бөлүүгө болот: угузуу, керээз, жоктоо, арман жана каргыш. Биз байкоо жүргүзгөн объектилерде кошоктун бул түрлөрүн б. а. жакшылык тилектердин тескерисинче болушун каалоо да эл ичинде сакталып калгандыгына күбө боло алдык.

Кошоктор коңшу элдерде – тажик, түркмөн, өзбек, казактарда да кездешет. Бизге келип жеткен маалыматтар боюнча аза күтүү салтында кошокту аткарып жаткан адам каза болгон адамга эң жакын туугандары боло турган болсо, ал чачтарын жазып, көкүрөгүн койгулап, бетине из салып, тытып, орду толгус жоготуу күйүттү ушундай сыртка чыгаруу менен өксүп аткарган. Аза күтүүдөгү мындай форма ыйлоо менен өзүн-өзү уруп согуп кыйноо, бетин тытуу, чачын жазуу өңдүү көрүнүш көпчүлүк дүйнө элдеринде кездешет. Маселен Д.Фрезер өзүнүн “Фольклор в ветхом завете” деген эмгегинде өлүк коюу салтындагы мындай өзүн уруп - согуп, ички күйүтүн, эмоциясын сыртка чыгарып кошуп, жоктоо боюнча бир катар мисалдарды келтирет. Мисалы семит элинен байыркы арабдарда, тактап айтканда, байыркы еврейлерде бул эки салт тең колдонулгандыгын белгилейт. Арабдардын аялдары, аза күтүү убагында өзүлөрүнүн көйнөктөрүн айрып, көкүрөгүн тырмактап, бетин тытып, бут кийимин чечип алып





*Алай району, Сары-Могол айылында Каляк тобу.*



*Сузак району, Кара-Дарыя айылындагы кошокчулар менен.*

Басасың жолдун тегизин,
Сүйлөйсүң ойдун негизин.
Айланайын, жан эжем,
Жаннатти болгун илайим.
Көп ыйласа күнөө дейт,
Күнөө болбой курусун.
Көзүмдөн аккан көз жашым,
Ак бейитиңе нур болсун.



*Сары-Могол айылындагы кошокчулар менен.*



*Алай районундагы кошокчулар менен.*



*Өстүрүү айылында жашаган 98 жаштагы Супатаева Гүлбар апанын үйүндө талаа материалдарын жыйноо учурундагы жумушчу топ*



*Видеоролик тартуу учурунда*



өзүн койгулап, чачтарын кесишкен. Ал эми Грецияда жакындары каза болгондо, аны жоктоп ыйлаганда аялдар чачтарын кыркып, беттерин канатып, кээде мойнун тытып салышкан. Эркектери да өлгөн адамга урмат көрсөтүү иретинде аза күтүүнүн белгиси катары чачтарын алдырып коюшкан.

Гунндар болсо, маркумдун урматына аза күтүүдө бетин тырык кылып, чачтарын кырдырып салган. Гунндардын ханы Атилла каза болгондо аны жоктоо аялдардын гана көз жашы жана кошогу менен эле эмес, аза күтүү эркектердин канын чыгаруу салты менен өткөнү айтылат. Ушундай салт жөнүндө Д.Фрезер мындайча ойду айтат: “менин оюмча, бул көрүнүш маркумдун арбагы менен достук мамилени сактоо, улантуу ишениминин болушу”[5] - деген пикирди билдирет.

Ал эми кыргыз элинде маркумдун артында калган зайыбы же кыздары өлүккө бетин тытып ыйлаган. Бай-манабын ак кийизге же булгаарыга салып, көмгөн[6]. Азанын белгиси катары бетин тырмаган. Мисалы, мындай көрүнүш Эр Солтоной баатырга байбичеси Жеткилең апанын кошок ырында төмөндөгүдөй сүрөттөлөт:

“Алсырап турган чагыңда.
Асылым, акыркы сөзүң уксамчы,
Какшаткан каардуу шамалга.
Кара асаба желпилдейт,

Канчалык какшап ыйласам.
Жараткан, карааның кайра келтирбейт,
Кокуй ай, бетимди тытып ызаам көп...”. [7]

Салт боюнча катындары башына кара кийген[8].

Ошондой эле кытайлык кыргыздар да кошок кошот. Кызды узатуу кошогу жана өлгөн адамга айтылуучу кошок деп бөлүнөт.

Алтай элинде да кошок ырлары болгондугун, ***“сыгыт”*** деп аталарын С.Суразаков өзүнүн “Алтай фольклор”[9] деген китебин-

5 Фрезер Д. Көрсөтүлгөн эмгек. – 444–445-бб
6 Солтоноев Б. Көрсөтүлгөн эмгек. – 9-б.
7 Кенжегараев Б. Көрсөтүлгөн эмгек. - 78-б.
8 Солтоноев Б. – Көрсөтүлгөн эмгек. - 9-б.
9 Суразаков С.С. – Көрсөтүлгөн эмгек. - 58-б.

де берет. Бирок, бүгүнкү күндө эл арасында сыгыт ырлары айтылбай калган.[10]

Байыркы түрк тилинде ***“Sïγta” , “Sïγït”;***[11] ***Sïγït*** – өксөп, боздоп ыйлоо, ый, ыйлоо деген сөздөрдөн, ошондой эле кыргыз элинде да ыйлап - сыктоо деген сөздүн түп маңызы сакталып калган.

Кошок сөзүнүн этимологиясына кайрылсак, ***«кош»*** жана ***«ок»*** деген эки сөздөн куралган. «Кош» сөзү ар түрдүү мааниде колдонулуп келет. Биринчи - маанисинде «бирөө менен коштошуу» дегенди билдирсе, экинчисинде - кошок – каза тапкан, өлгөн адамдарды же бойго жеткен кыздарды күйөөгө узатууда өткөн адам, кыз жөнүндө ый аралаш ыр, жамак менен коштоп ырдоо деген мааниде колдонулат.[12]

Ал эми байыркы түрк сөздүгүндө төмөнкүдөй маанилерде катталгандыгын байкадык: ***Qošuγ*** – ыр, ыр менен жазылган аңгемелүү, сюжеттүү чыгарма; ***Öç alqa*** – аябай мактоо;[13] ***Qaдγu*** – капа, кайгы, убайым, күйүт, аза[14]; ***Qaξγur*** - кайгылануу, күйүттөнүү, кейүү, куса болуу, капалануу[15]; ***Joγ* -** I – өлгөндү эске алуу ырым – жырымдары (мисалы, аш берүү)[16]; ***Joγ aši* –** аш (өлгөн кишиге берилүүчү аш)[17]; **Joγči** – аш берүүгө катышкан же өлгөндү эске алуу ырым – жырымына катышуучулар; ***кошокчу*** (байыркы заманда өлгөндү кошуп ыйлоо үчүн жалдануучу аял - плакальщица)[18]; ***joγla*** - ашты уюштуруу, ыйлоо, кошуп ыйлоо[19]; ***joqal*** - жок болуп, житип кетүү, өлүү, жок болуу, кыйроо[20]; ***жоктоо*** – өлгөн адамдын жакшы жактарын эскерип, кошок кошуп ыйлоо, өлгөндү эскерип кейүү, кайгыруу, кылганын айтып жоктоо[21] маанилери бар. ***Qoș* -** ир. - кош бол[22].

Айрым диний көз караштар боюнча «кошок», «кош ак» деген сөздөн келген. Анткени өлүктү узатаарда актоо (жаназа окуу, ж.

10 Информатор Чеханов В.И. Тоолуу Алтай Республикасы, Онгудай району, Алтыгы Талду селосу. 2015 – ж.
11 ДТС. - 460 – б.
12 Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. – 556 – б.
13 ДТС. – 379 – б.
14 ДТС. – 404 – б.
15 ДТС. – 404 – б.
16 ДТС. – 406 – б.
17 ДТС. – 469 – б.
18 ДТС. – 270 – б.
19 ДТС. – 270 – б.
20 ДТС. – 273 – б.
21 Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. – 342-б.
22 Абдувалиев И. – Көрсөтүлгөн эмгек. - 110-б.



Армандуу Эсен келди деп,
Чоң атаң чыксын утурлап.

Отуруп-турган жериңе,
Ак гүлдөр чыксын чытырап.
Армандуу Эсен келди деп,
Абалар чыксын утурлап.
Айлансам үкам, жигарим,
Жаннаты болгун илайым.

Ак сакал болуп карыя,
Таяк кармап колуңа.
Жүрбөйсүңбү, жан үкам,

Жаткан жериңе мен барсам,
Периште жыты жыттанат.
Бейитиңе мен барсам,
Жаннаттын жыты жыттанат.
Ак ала тоонун боорунда,
Алтындар жатат бирикпей.
Кара жердин алдында,
Үкам жан, жаткын зерикпей.
Жаткан жериңе нур толсун,
Ак бейитиң кут болсун.

## АТАСЫНА АЙТЫЛГАН КОШОК

Кеткендин аты не жаман?
Кейитет экен ар заман.
Өткөндүн аты не жаман?
Өкүнтөт экен ар заман.

Кандар оо келет кыр ашып,
Канжарлуу тону жарашып.
Кан уулундай атам жан,
Калкыңан кеттиң адашып.

Бектер келет бел ашып,
Белсердүү тону жарашып.
Бек уулундай атам жан,
Элиңден кеттиң адашып.

Белесте атты токуган,
Беш убак намазын окуган.
Айлансын атам, ырысым,
Жаннатта болуң илайым.

Алтындан супайы так болсун,
Атамжан жаткан жайлары.
Ай көрүнгүс бак болсун,
Күмүштөн супайы так болсун.
Атамжан жаткан жайлары,
Күн көрүнгүс бак болсун.

## БИР ТУУГАН ЭЖЕГЕ АЙТЫЛУУЧУ КОШОК

Айланайын муңдашым,
Муңдашым эмес сырдашым.
Торала атың бар беле?
Томугунан шал беле?
Мен алыстан келгиче,
Тополоң ишиң бар беле?

Алты, бир катар өрүктү,
Майиз[90] кылам дедиңби?
Алты атаң барган жерге,
Сейил курам дединби?
Аркандагы чачыңды,
Экиден кылып өрбөдүң.
Алпештеп баккан балдардын,
Убайыны көрбөдүң.

90 Майиз – мейиз (ир.) кургатылган жүзүм



*Шерматова Ырыскан*
*Кара-Дарыя айылы, 1961-жылы туулган, каңды*

## АПАСЫНА АЙТЫЛГАН КОШОК

**Абайлап учкан ак куштун,**
**Акырет күнү бар бекен?**
**Апасынан айрылган,**
**Ааламда мендей бар бекен?**

**Көкөлөп учкан көк куштун,**
**Көкүрөк жүнү бар бекен?**
**Апасынан айрылган,**
**Кылымда мендей бар бекен?**

**Айлансам апам, миңайым,**
**Жаннатта болуң илайим[87].**
**Баскан-турган жерлериң,**
**Базарлуу шаар көрүнөт.**
**Отуруп-турган жерлериң,**
**Ордолуу шаар көрүнөт.**

**Айланайын, жан апам,**
**Шайыдан көйнөк кийчү элем.**
**Шааниң менен жүрчү элем,**
**Шайы көйнөк сөгүлдү.**
**Шааним бир жерге төгүлдү,**
**Кызылдан көйнөк кийчү элем.**
**Кылыгым менен жүрчү элем,**
**Кызылдан көйнөк сөгүлдү.**
**Кылыгым жерге төгүлдү.**

**Жаткан жериң жапырмак,**
**Жаныңа күйсүн шам чырак.**
**Мен айткан менен пайда жок,**
**Кудайдан башка айла жок.**

## ИНИСИНЕ АЙТКАН КОШОК

**Аргымак аттын куйругун,**
**Айга салып түйдүм мен.**
**Бул өлүмдүн айынан,**
**Аябай жаман күйдүм мен.**

**Кийимиң калды го кийилбей,**
**Атың да өчтү билинбей.**
**Айлансын үкам жигарим[88],**
**Жаннати болгун илайим.**

**Даба издеп дартыңа,**
**Мүрөктүн суусун таппадым.**
**Жок дегенде, жан үкам,**
**Отуздун даамын татпадың.**
**Жок дегенде, жан үкам,**
**Кырктын даамын татпадың.**

**Көп ыйласам күнаа[89] дейт,**
**Күнаа болбой курусун.**
**Көзүмдөн аккан көз жашым,**
**Ак бейитиңе нур болсун.**
**Олтуруп-турган жериңе,**
**Ак гүлдөр чыксын чытырап.**

87 Илайим – ылайым

88 Жигарим – бир боорум
89 Күнаа – күнөө



б.) салттары менен коштоп узатышат. Аллага "ак" болуп, тазарып баруу, ак кепиндеп жерге коюу. Ал ак, кош эми, сен аксың (кош+ак): "бул дүйнөгө тап-таза ак келгенсиң, эми ал дүйнөгө да ак болуп баргын" деген мааниде айтылгандай деп ойлойбуз.

Ошентип, кошок сөзү адабияттарда «каза тапкан адам же күйөөгө узатылып жаткан кыз жөнүндө ый аралаш аткарылуучу ыр, «кошок» деп мүнөздөлөт. Ошондой эле тарыхта байыркы түрк урууларында «он ок»[23] эли жөнүндө айтылып, таш жазма эстеликтеринде да эскерилет. Демек, кошок ырлары ошол он октордун мезгилинде эле белгилүү болгондугу ынандыраарлык.

Кошоктордун уккулуктуулугу, анын эмоциялык таасиринин өзгөчөлүгүндө, кошоктогу аныктамалар биринин артынан бири тизмектенип маркумдун бардык жакшы сапаттарын кайталоо менен ачып бергенинде жатат.

Кыргыз элинде кошок ырлары Октябрь революциясына чейин кеңири таралган. Изилденип жазылып келген кошоктордун көпчүлүк бөлүгү эл арасында белгилүү адамдарга, акындарга, ырчыларга, баатырларга арналган. Кошок жанрынын негизги бир өзгөчөлүгү - жалган дүйнөнүн терең тамырын чагылдыргандыгында.

Элдик салттын талабына жараша кошок ырларын аткарууда анын мазмунуна негизги маани берип, маркумга болгон кадыр - баркты, сый-урматты билдирүү үчүн кошоктун тематикалык түрлөрүн аткарууга өзгөчө көңүл бурулган. Кошоктордун табияты түздөн-түз адам өлгөндө аткарылуучу салтка мүнөздүү болбостон, үйлөнүү салтында да колдонулат. Биздин өз алдынча жүргүзгөн изилдөөлөрөбүздө эл арасынан топтолгон кошок ырларынын мурункулардан айырмалангандыгын төмөнкүлөрдөн байкадык.

Жаңыча ой жүгүртүү, көркөм кыялдануу сапаттарынын пайда болуусу менен турмуштук шартка жараша аткарылышы мурунку кошок ырларында мезгили, жери, уруусу, социалдык абалы чагылдырылса, азыркы учурда алар колдонулбайт. Изилденип жаткан өрөөндөрдөн жыйналган кошоктордун текстеринде диндик ишенимдер чагылдырылган. Мисалы,

Теспесин тартып жуптаган,
Байбиче энем алдашим.

23 Караев Ө. Көрсөтүлгөн эмгек – 21-б.

Алласын айтып уктаган,
Ак теспеси колунда.
Беш убак намаз оозунда,
Алласын айтып уктаган.
Байбиче энем алдашим... .[24]

Көп айтпайын кейишти,
Көрүп бир жүрсүн бейишти.
Аз айтайын кейишти,
Аралап жүрсүн бейишти .[25]

-деп айтылса, дагы биринде:

“Байбичем эжем көргөнүм,
Көрүп бир доорду сүргөнүм.
Оо дүйнө эшик - ак эшик,
Колуң бир тийбей ачылсын.
Бейиштин беш эшиги ачылсын[26]

Кошок кошуунун салттуу дагы бир көрүнүшү биз жогоруда эскерте кеткен “кыз узатуу кошогу”. Кыз узатып, келин көчүрүүдөгү кошок кошуу узатылып жаткандын бардык жакшы жактары: сулуу өң - чырайы, келбеттүү сымбаты, жумшак мамилеси, ата - теги, бакыбат турмуш шарты менен бирге эч нерсени ойлобогон ойноок кези, балалык учурдун бүткөндүгүн эскертет. Эми үй турмуштун башка түшүп тургандыгы, эркеликтин өткөндүгү, «кыз балага кырк үйдөн тыюу» боло тургандыгы айтылып, шайкелеңдиктен оор -басырыктуу, сабырдуу болууга үндөп, барган жеринде бактылуу болууну айтып, кайын журтун сыйлоону, ыйбаа кылууну эскертип, кыздын энеси, эжеси, жеңелери өз алдыларынча кошок кошуп узатышкан. Кызды узатып барууга жеңелери, курбу курдаштары да кошо жөнөшкөн.

Келинди көчүргөндө жасалгаланган кийим кийгизилип, аздектелип токулгаланган жорго атка мингизилип, аны жакын жеңеле-

24 Информатор Эсенбаева Зулайка. Чоң Алай району, Дароот – Коргон айылы, 2018 – ж.
25 Информатор Мурзамидинова Зумрат. Чоң Алай району, Жайылма айылы. 2018 – ж.
26 Информатор Ысмаматова Абазгүл. Алай району, Гүлчө айылы. 2018 – ж.



**Илеким[86] жууп, бурачы эле,**
**Ичимде дартым, сурачы эле.**
**Апамын көзү өткөн соң,**
**Эми менден ким сурайт?**
**Кагылайын, апам жан.**
**Балдарды бир чоңойтуп,**
**Карып кеттиң, кантейин?**
**Карыганда кайгыны,**
**Көтөрө албай, жан апам,**
**Өтүп кетти, кантейин.**

**Ак чайнек жууп жүрчү эле,**
**Айланайын, жан апам.**
**Ак көйнөк кийип жүрчү эле.**
**Көк көйнөк кийип жүрчү эле,**
**Акчалай эле жүрчү эле.**
**Армандуу өлүм бейбапаа,**
**Алып кетти, кантейин?!**
**Айлансам апам, дөөлатим.**

**Ак нават эле ичкеним,**
**Айланайын, бай апам.**
**Атың улук бир сенин,**
**Айлансам апам, жан апам.**
**Ападай мүлк болобу?!**
**Алды го өзүн, кантейин.**

**Алыстан эле мен барсам,**
**Камчымды алып илчү элең.**
**Кадырымы билчү элең.**
**Айлансам апам, керээзим,**
**Эми сендей ким болот.**
**Акча илишип бийлешкен,**
**Арманын айтып сүйлөшкөн.**
**Болор болбос сөз болсо,**
**Болушарым, жан апам.**

**Айлансам апам, муңдашым,**
**Муңдашарга, бир жакшым.**
**Айланып учсам, канатым.**
**Айлансам апам, дөөлатим,**
**Дөөлатим эмес, сөөлатим.**

**Кайтыш бир болдуң кайгыдан.**
**Кандай айла кылайын?**
**Жакшылардын арасы,**
**Бурулуп келер болсочу,**
**Алтыңдан сандык чыптырып,**
**Салып коёр болсочу.**

**Сагынганда биз барып,**
**Көрүп бир келер болсочу.**
**Күмүштөн сандык чаптырып,**
**Коюп алар болсочу.**

**Сагынганда күнүгө,**
**Көрүп алар болсочу.**
**Айлансам апам, теңирим.**
**Майлуу бир сүттү төңкөрүп,**
**Жаннаттан берсин ордуңду.**

86 Илеки – (ир.) түш. диал. элечек

Күлүктү минип бир өскөн,
Теңпайым, улакта гүлдөгөн.
Аргымак минип бүрдөгөн,
Теңпайым, улак чабып гүлдөгөн.

Ат менен бир сүйлөшкөн,
Ат мингениң жарашкан.
Улак чабып гүлдөткөн,
Көп элдердин ичинде.
Көп эле жыргаган,
Өмүр бою эч кимди тең кылбай.
Күчүң барда күрөшүп,
Элдер менен жүрчү элең.
Күлүктү минсе жарашып,
Теңпайым, күркүрөп ойноп жүрчү элең.
Эми кандай айла кыламын.

Балдарымды окуттуң,
Теңпайым, илимди жактап калтырдың.
Өзүң жок эми кантебиз?
Барыныкындай илим-билимге
эээ кылып.
Теңпайым, кете бердиң оо дүйнө,
Бул дүйнө барында.
Кайгы убайым тартпаймын,
Аркаңан эле жаз болсун.
Балдарың аман тынч болсун,
Теңпайым, кете берем дебе күнөскө.

Келген адам сиз деген,
Теңпайым, дөөлаттүү болуп жыргаган.
Аллага динин жиберген,
Теңпайым, намазын бир да калтырбай.
Алтымыш ашып жашаган,
Айтып арман кыламын.
Алла бир сени койбосо,
Кандай айла кыламын.

Эңкейиш болсун жайлары,
Теңпайым, эсен болсун балдары.
Барганыңа кайыл бол,
Эми, пайгамбар менен айыл бол.
Кеткениңе кайыл бол,
Эшендер менен айыл бол.

## ЭНЕСИНЕ АЙТЫЛГАН КОШОК

Айлансам апам, кутманым,
Ата ордуна тутканым.
Кыз бала, эне жакшы күткөнү,
Ата ордуна тутканы.

Алыстан эле мен барсам,
Төрт бүктөп төшөк салчу эле.
Ой арманым укчу эле,
Айланайын, жан апам.
Ападай дөөлөт болобу?
Апанын көзү өткөн соң,
Анан го, жетим болот дейт.
Айлансам, апам бар эле,
Ай сайын келип,
менден кабар алчы эле.
Апам балдарымды чоңойтуп.
Такыр барба дечү эле.

Апамдын көзү өткөн соң,
Апамдай эми ким болот?
Ак нават жесе жедирген,
Айланайын, жан апам.
Жесир болуп бизди баккан,
Алла алды кантейин.
Эркебизде атам өтүп,
Жесир болуп бизди баккан да.
Алла бир жакшы күн көрбөй,
Ооруу алды кантемин?



ринин бири жетелеп, курбу - курдаш кыз - келиндер, коңшу айылда оюн - күлкү, ыр - күү, шаан - шөкөт менен коштоп жүрүшкөн. Алар менен ыр ырдашып, ат чабышып, оюн - тамаша куруп, күйөө бала жана анын жоро - жолдоштору болушкан.

*Түндүк бир бойлуу от жаксаң,*
*Түтүн кылбай өчүргүн.*
*Жакшы бир жаман сөз уксаң,*
*Айланайын жан балам,*
*Каткырып күлө кечиргин*[27].

Азыркы учурда келин көчүрүү салты мезгил талабына жараша башка багытка өзгөргөн.

Демек, жогоруда келтирилген мисалдарда кошок жана жоктоо ырларында кыргыз көчмөн турмушунда жана маданиятында кошоктор, армандар жана жоктоо түрүндөгү фольклордук жанр бир нече түрлөргө бөлүнүп, негизинен кошок кошулган инсандын башынан өткөн окуяларды чагылдыруу менен катар эле коомдук-тарыхый ири идеяларды да бере алгандыгын байкай алдык. Кошок жана жоктоо жанры азыр деле кыргыз элинде унутула элек. Бирок, ааламдашуунун шарттарында, азыркы заманбап турмуштун агымында алардын статусу улам барган сайын төмөндөп бара жаткандыгын байкоого болот. Бул – салттык маданияттын унутулуп бара жатышы болуп эсептелет.

Ошондой болсо да биз ретроспективдик ыкма менен азыркы күндө эл арасында сакталып калган кошок, арман жана жоктоо ырларынын мисалында кыргыз элинин байыртан бери салттуу келе жаткан эркиндик, мекенчилдик жана башка гумандуулук идеялардын чагылдырылышын калыбына келтире алабыз. Фольклордук материалдарды изилдөө мына ушунусу менен баалуу жана актуалдуу.

Аймактарды кыдырып материал жыйнап жүргөндө эл арасында нукура кошокчулардын саналуу гана калганы биздин зээнибизди кейитти. Жада калса өлүк үстүндө кошок кошулбай, зыйнаты болбой калган учурлардын көп эле болуп жатканын аксакалдарыбыз кайгыруу менен айтышты. Мунун шылтоосу катары диний тыюулар жана жаштардын каада-салтты дээрлик билбей

27 Информатор Асанова Датка. Кара-Суу району, Кызыл-Туу айылы. – 2018 – ж.

калгандыгы менен байланыштырышты. Чындыгында 2003-жылдары өз алдынча этнографиялык экспедиция уюштурулуп, кошок ырларын жыйнаганыбызда кошокчулардын суюлуп бара жаткандыгына күбө болдук эле. Жыйынтыгында Жалал-Абад областынан топтолгон материалдардын негизинде ***“Кошок – инсанды жоктоо жанры”***[28] деген этнографиядык колдонмо жарык көргөн. Андан бери туптуура 15 жыл өтүптүр. Биздин жумушчу топко фольклор жыйноодо кошокчуларды табуу өтө кыйынга турду. Анткени салт билген аксакалдар арабыздан суюлуп, кошок деген эмне экендиги жөнүндө түшүнүгү жок кыргыз жаштарын да кезиктирдик. Кошокчу деп издеп барган кыз-келиндер да араң эстеп, чоң энелеринен жаттап алгандарын, ошондой эле маани-мазмуну өзгөрүлгөн тексттерди жыйнаган учурлар да болбой койгон жок. Региондо бири – бирин кайталаган саптарды көп эле кездештирдик. Албетте, жашы 70-90 жашка чейинки гана байбичелердин айткан саптарында нукуралуулук сакталып калган. Жамакчы кемпирлерди аз гана жолуктурдук. Мисалы, Өзгөн районунун Куршаб айылындагы 86 жаштагы Абдыкадырова Сапия эне; Кара-Суу районунун Папан айыл өкмөтүнүн Кызыл-Туу айылындагы 88 жаштагы Асанова Датка, 86 жаштагы Токтоматова Зыба; Чоң-Алай району Жаш-Тилек айылынан 80 жаштагы Шарапова Мисират; Кара-Кулжа районунан 88 жаштагы Арапбаева Батма; Сузак районунун Жон-Күнгөй айылынан 78 жаштагы Кыралиева Майрамкан, Жаңы-Ачы айылынан 78 жаштагы Шамшиева Ырыс жана Кара-Дарыя айылынан 72 жаштагы Калматова Майрам энелер.

Ч.Ч. Валиханов: «Кыргыз эли түгөнгүс кенч, алардын кайталангыс салттары, башка элдердикинен бир топ айырмаланып турат», – деп эң жогору баалаган. Бир эле мисал, маркумдун арбагын сыйлап, ырым-жырымдарды, эскерүү кечелерди өткөрүп, куран түшүрүп турат[29] деп бекеринен айтпаса керек.

Биздин көз карашыбызда кеч болуп кала электе, эл аралап салттык мурасты жыйнап калуу зарыл. Азыркы коомдо кошокчулардын акыркы муундары жашап жаткандай. Ушул чакан эм-

28 Кошок – инсанды эскерүү жанры./Айдаркулов К.А, Мырзабаева Н.С, Анарбекова В.Э. – Жалал-Абад, 2014.
29 Валиханов Ч.Ч. көрсөтүлгөн эмгек. – 370 – б.



Кызыл бир төөдөй нар белең?
Кагылайын, бай үкам,
Кыямат бүткөн жан белең?

Кызылын бир, кийбей күрмөнүн,
Айнанайын, жан үкам.
Кызыгын көрбөй дүйнөнүн,
Жашылын кийбей күрмөнүн.
Жакшысын көрбөй дүйнөнүн,
Айланайын, бай үкам.

Жазылбай калды дептериң,
Айтылбай калды сөздөрүң.
Тилеп бир алган Асанды,
Үйлөп коюп кетпедиң.
Кагылайын, бай үкам.

Айтпайын десем, болбойсуң,
Айланайын, түгөйүм.
Азапчы өлүм кыйнады,
Карыганда апамды.
Карып кылдың, жан үкам,
Тоюн көрөр маалымда.
Тополоң кылдың, кантейин?
Улгайып калган маалымда.
Убайым кылдың, кантейин?

Бир тууганды ичинен,
Төрөсү элең, бай үкам.
Айланайын, түгөйүм,
Айтсам го, арман арылбайт.
Айланайын, түгөйүм,
Өзүңдү кайдан табамын?

Тилесем тилек бербептир,
Кагылайын, бай үкам.
Тигилип кудай койбоптур,
Өлүм го жаман өрт экен.
Өзөккө түшкөн дарт экен,
Эмне айла кылабыз?
Булбул го, конбос бутака,
Айланайын, бай үкам.
Муңдуу кылдың, кантейин,
Күлүктү минсең жарашкан.
Кагылайын, бай үкам,
Үлпөтүң эрге жарашкан.
Айтып арман кыламын,
Айланайын, бай үкам.
Алла алса кандай айла кыламын.

## БАЙЫНА АЙТКАН КОШОГУ

Айтканын көп уккаммын,
Теңпайым, шүгүр өскөнү.
Сүйлөгөнүн укканым,
Теңпайым[85], сүйкөлөшүп өскөнүм.
Жетим го, жүрүп жетилдиң,
Кайран го, кылдың балдарды.
Алдыңда агаң болбосо,
Аркаңда иниң болбосо.
Балдарды кимге тапшырдың?

Кантип арман кылбайын,
Алла бир сени койбосо.
Кандай айла кылайын,
Уулду багып зор кылдың.
Теңпайым, урматын көрбөй кеттиңби?
Кызды багып зор кылдың.
Теңпайым, кызматын көрбөй
кор кылдың,
Жакшы көргөнүмдү көрбөстөн.
Балдардын доорун сүрбөстөн,
Алла бир сени койбоду.

85 Теңпайым – түгөйүм

Каттама курак курадың,
Момунум, жолоочудан сурагын.
Каттама курагың ким курайт?
Момунум, апам көзү өтүп.
Каттаганды ким сурайт?
Жор жолго курагын ким курайт.
Момунум, апам көзү өтүп,
Жолоочудан ким сурайт?

Өтсөң, апам муңдашым,
Муңумду айтар бир жакшым.
Акдана[82] тизген кулачтап,
Айлансам, апам муңдашым.

Ак шайы кийген буластап[83],
Момунум, көкдана[84] тизген кулачтап.
Карадан манат эндеген,
Айлансам, апам чеберим.
Калкымдагы сулуу мен деген,

Астына сылап жүк жыйган,
Момунум, аркасын сылап үй тиккен.
Шакегиң болсун жойлогон,
Муңдашым, мага ишин койбогон.
Малың болсун жойлогон,
Муңдашым, ойлогон ишин койбогон.

Тескейдеги беденин,
Гүлү го кандай дейт элем.
Апасы өткөн пенденин,
Күйүтү кандай дейт элем.

Күнгөйдөгү беденин,
Гүлү кандай дейт элем.
Апасы өткөн пенденин,
Арманы кандай дейт элем.

82 Ак дана – моюнга иле турган шуру сымал буюм
83 Буластап – узун, кең деген мааниде
84 Көкдана – моюнга иле турган шуру сымал буюм

Тескейдеги беденин,
Гүлү го түштү ашыма.
Апасы өткөн панданин,
Күнү түштү башыма.

Алты кабат акдаана,
Тагынамын дейт элең.
Аптада барбай калганда,
Сагынамын дейт элең.

Алты го кабат акдана,
Тагынганың кана эми?
Аптасы эмес жылында,
Сагынганың кана эми?

Алтыным апам, базарым,
Барып черим жазарым.
Базарым апам өткөн сон,
Эми гой өтөт азарың.



*Шамшиева Ырыс*
*Жаңы-Ачы айылы, 1940-жылы туулган, тагай*

## ИНИСИНЕ АЙТКАН КОШОК

Кара бир төөдөй нар белең?
Кагылайын, бай үкам.
Капилет бүткөн жан белең?



гекти жыйынтыктап жатып, биздин жумушчу топ ***“Сорос-Кыргызстан” Фондуна*** жанан анын кызматкерлерине терең ыраазычылык билдиребиз. Анткени, биз сунуштаган демилгени колдоп, Фонддун каржылоосу менен жакшы жумуш аткарылды. Сунуш катары мындай салттык мурастарды сактоо жана жайылтуу мыйзам ченемдүүлүк. Ар бир аймактагы кошокчулардан материал жыйнап (аудио-видео, фото), бир четтен изилдөө зарыл. Ата салтын уланткан, бар бол кыргыз элим!

**В. АНАРБЕКОВА,**
*тарых илимдеринин кандидаты, 2018-жыл.*

# ЧОҢ-АЛАЙ РАЙОНУ



*Арзымаматова Алима*
*Карамык айылы, 1965-жылы туулган, кыпчак*

## КЫЗ УЗАТУУ КОШОГУ

Соң-Көлгө барып конгунуң,
Созулган келин болгунуң.
Кең-Колго барып конгунуң,
Кең пейил келин болгунун, кызым.
Алтындан бешик өңөргүн,
Алганың менен көгөргүн.

Күмүштөн бешик өңөргүн,
Күйөөң бир менен көгөргүн.
Алтын бешик ичинде,
Айдай бир балдар бөлөнсүн.
Күмүш бешик ичинде,
Күндөй бир балдар бөлөнсүн.
Желкеси толгон кара чач,
Жети бир бөлсөм бөлүнбөйт.
Жети миң тилла пул берсе,
Бир чачындай көрүнбөйт,
Туштук бир башын түрбөңөр,
Туруп бир калсам күлбөңөр.
Жабык бир башың түрбөңөр,
Жанымда турган жакшылар,
Жаңылып калсам күлбөңөр.
Куттуу болсун кубанычтуу тоюңар,
Куттуу болсун кубанычтуу оюңар.
Уулдуу болуп, кыздуу болуп калсаңар,
Таалайбек же Таалайгул деп коюңар.



*Акботоева Айниса*
*Жекенди айыл өкмөтү, Кара-Тейит айылы, 1943-жылы туулган, тейит*

## АТАГА КОШКОН КОШОГУ

Кең көкүрөк кеңешкөй,
Кеңеши жерге төгүлдү.
Кең көкүрөк сөгүлдү,
Түндүгүндө гүлү жок.
Түгөй мырза уулу жок,
Капшытында гүлү жок.
Катар мырза уулу жок.

Айры өркөчтүү нар берип,
Айдап сүрүп мал берип.
Алмашып алаар болсочу,
Сенин жаныңды,
Сүрүп салып мал берип.
Сүйрү өркөчтүү нар берип,
Сүйлөшүп алаар болсочу.
Ак дарыя сен элең,
Армандуу шорлуу мен элем.



Эс алып алсын апаң, деп,
Көтөрүп аны ойноткон.

Башкача эле го балама,
Бай атам, көчө эле го өзүмө.
Бай атамдын барында,
Күлгүн көйнөк кийчү элем.
Күлкүм бир, менен жүрчү элем.

Бай атамдын барында,
Шайы кийип жүрчү элем.
Шааним менен күлчү элем,
Бай атам көзү өткөн соң.
Күлгүн көйнөк сөгүлдү,
Күлкүм бир жерге төгүлдү.
Бай атамын көзү өтүп,
Шайы көйнөк сөгүлдү.
Шааним бир жерге төгүлдү.

Оң колумда шакегим,
Сандыка салсам толобу?
Бир туугандары бар болсо,
Бай атамдай болобу?
Балтыркандай кең колот,
Башына жетип эл конот.
Бай атамдын көзү өтүп,
Эми андай ким болот?

Бай атам келет бел ашып,
Белине камар[81] жарашип.
Бек уулундай бай атам,
Каяка кеттиң адашип?
Кандар келет кыр ашып,
Белине белбак жарашип.
Кан уулундай кан атам,
Каяка кеттиң адашип?

81 Камар – бел кур

Мейманга келсек тосчу эле,
Бай атам, мейманкана бош деген.
Беш убак намаз окуган,
Бай атам, бейишин нурга толтурган.
Бай атамын көзү өтүп,
Эми эле андай ким болот?

1990-жылы Ош коогалаңында бир тууган

## ИНИСИ КАЗА БОЛГОНДО АЙТКАН КОШОГУ

Саратан айлары жылышты,
Санабай көрдүм бул ишти.
Келсем, үкам муңдашым,
Муңумду айтар бир жакшым.

Кара качып турган жагыңа,
Караган жыгыла жайлаптыр.
Кагылайын, күйөрүм,
Сени сарттар, бир атып жайлаптыр.
Баса турган жагыңа,
Балтыркан чыгып жайлаптыр.
Эми го жашынам дегенде,
Сени, бул иттер кыйнаптыр.
Пешенеңе атканда,
Апа, деп кандай чыдадың?
Көтөрүп суугa басканда,
Колунан кандай чыкпадың?
Бул үкөмдү айтканда,
Жүрөгүм толуп муң болот.

## АПАСЫНА АЙТЫЛГАН КОШОК

Алтыным, апам базарым,
Сүйлөшүп черим жазарым.
Базарым, апам өткөн соң,
Эми гой өтөр азарың.



*Киргизова Ирсалат*
*Кара-Дарыя айылы, 1958-жылы туулган, чоң багыш*

## КЫЗ УЗАТУУДА ЖЕҢЕСИНИН АЙТКАН КОШОГУ

Өз ата эшик, пахта эшик,
Кайнатаң эшик, такта эшик.
Кызыке, такта эшиктен тайгылба,
Тайгылсаң да кайгырба.

Өрүшкө барып конорсун,
Кызыке, өзүң да мендей болорсуң.
Кайын журт деген калың эл,
Кызыке, кантип ага көнөрсүң.

Бозосун сүзүп куя жүр,
Кызыке, жеңеңдин алын сурай жүр.
Ашкан суусун бура жүр,
Кызыке, агаңдын алын сурай жүр.



*Нуржанова Салимахан*
*Кара-дарыя айылы, 1949-жылы туулган, мундуз*

## АТАСЫ ӨЛГӨНДӨ АЙТЫЛУУЧУ КОШОК

Айлансам, атам давлатим,
Давлатим эмес, савлатим.
Башымдагы манатым,
Бай атам, оозумдагы наватым.

Бай атам көзү өткөн соң,
Манатым өңү боз болду.
Наватым ээрип туз болду.
Кайрылышта тураарым,
Бай атам, кайрылып алым сураарым.

Бурулушта тураарым,
Бай атам, бурулуп алым сураарым.
Ээрчитип барсам уулумду,
Көп пул[80] берип соороткон.
Эс алып алсын, апаң деп,
Көтөрүп аны ойноткон.

Ээрчитип барсам кызымы,
Кызыл пул берип соороткон.

80 Пул – акча



Кең дарыя сен элең,
Көрө турган шорлуу мен элем.
Аргымак башын бураарым,
Алымдан кабар сураарым.
Бурулушта эми жок,
Бурулуп келээр күнү жок.
Армандуу өлүм азгөйүм,
Кайрылышта эми жок.
Кайрылып келэр күнү жок.

Жорго бир минип таптаган,
Ата тегин улаган.
Саяпкер атын таптаган,
Жорго бир чаап таптаган.
Кара бир кашка ат эле,
Кайрылып келээр жөлөгүм.
Күрөң бир кашка ат эле,
Күйүп бир келээр кубатым.

Кашкалдак куштун карданы,
Кан атасы өлгөндө.
Карып бир болот кыз бала,
Айлансам атам дөөлөтүм.
Безбелдек куштун беги ала,
Бек атасы өлгөндө.
Бечара болот кыз бала.



*Амитова Бүүгүл*
*Дароот-Коргон айылы, 1948-жылы туулган, кыдырша*

## КЫЗ УЗАТУУ КОШОГУ

Өрүк бир бердик чагып ал,
Кудагый, өз кызыңдай багып ал.
Жаңгак бир бердик чагып ал,
Кудагый, жаш балаңдай багып ал.

Супсулуу моюн кара кыз,
Суулап чачын тараңыз.
Өрдөк моюн кара кыз,
Өрдөп чачын тараңыз.

## АЯЛЫНЫН КҮЙӨӨСҮНӨ КОШКОН ТАМАШАЛУУ КОШОГУ

Сары Арзыбай салтанат,
Салам кылам дейт эле.
Санаасы кеткен абышка,
Самандын камын жейт эле.
Эрке Арзыбай салтанат,
Энчик кылам дейт эле.
Эси кеткен абышка,
Чөптүн камын жейт эле.

Менин итим жолбун жакшы ит эле,
Берген итиң албаймын,
Куйругу кесик кунаса,
Эшикте үрө албаган тубаса.

Эртелеп таңда турчу элем,
Эптеп бир кепе курчу элем.
Азил сөз айтса бирөөлөр,
Өлгөнчө мени урчу элең.
Эртелеп туруп таңда мен,
Зыркырап ыйлап күндө мен.

Апакем насаат кеп айтып,
Сабыр кыл ушул күнгө деп.
Сабырдын түбү сары алтын,
Балдарым менин канатым.
Чоңойсо менин балдарым,
Эстеп бир мени сыйласын.



*Акжигитова Калия*
*Дароот-Коргон айылы,*
*1941-жылы туулган, баргы*

## АПАГА КОШКОН КОШОК

Манаттан тон жамынган,
Жанына жалчы жумшаган.
Катта бир байдын кызы элең,
Ак бермет таккан мойнуна.
Ак барча кийген боюна,
Майиним апам байбичем.

Келеңгер жоолук бош таштап,
Кер жорго минген көч баштап.
Байбиче апам майиним,
Боз желек кийген бош таштап.
Боз жорго минген көч баштап,
Байбиче апам майиним.

Ак жайнамаз, ак кийиз,
Алчындап жыйган жыйыны.
Байбиче апам барында,
Ар жакшы келген үйүнө.
Ак куржун оозун сөккөнүм,
Алма бир мейиз төккөнүм.
Атайы келген мейманга,
Алма бир мейиз төккөнүм.

Түндүгүнөн ай өткөн,
Түп атасы бек өткөн.
Керегесинен күн өткөн,
Түп атасы бек өткөн.
Көрүп бир өткөн байбиче апам,
Ак зыйнат таккан мойнуна.
Ак барча кийген боюна,
Көрүп өткөнүм энемжан.

Керме гүл таккан мойнуна,
Ак жибек кийген боюна.
Жашыл бир манат тушаган,
Жанына жалчы жумшаган.
Катта го байдын кызы эле,
Көрүп өткөн энемжан.
Ак шумкар кушу бар эле,
Ак жибектин талы эле.
Байбиче энем минайым.



Жанымда жүрүп жанашып,
Жан балам, кай жака кеттин адашып?
Курбуңду көрсөм ыйлаймын,
Жан балам, курулай
жанды кыйнаймын.



*Кыралиева Майрамкан*
*Курманбек айыл өкмөтү,*
*Жон-Күнгөй айылы, 1940-жылы*
*туулган, кылыч тамга*

## БАЙЫНА КОШКОН КОШОГУ

Аргымак атың бар беле?
Ашыгынан шал беле?
Уул үйлөп, кыз бербей,
Шашилиш ишиң бар беле?
Шашмалап барып, не таптың?!
Эки метир жер таптың.

Жолуңда жолборс жаткан бейм?
Жолукканда бир, аткан бейм?
Изиңде жолбор жаткан бейм?
Издеп бир барып, аткан бейм?
Барарда атың жорголоп,
Келерде каның шорголоп.

Тул жамынып калдым, деп,
Үшкүрүп жүрүп курурмун.
Өттүңбү эми кайыр кош?
Эми менден жолуң бош.
О дүйнөдө алганың,
Ошонун эми жолун тос.
Кеткениңе кайыл бол,
Пайгамбар менен айыл бол,
Жаныңа жакын жер жайлап.
Мага дагы орун алып кой.

Кара улак берип ашына,
Кара улак берип камдатпай.
Кара көз алып жандатпай,
Кудага барып кунабай.
Сарпайын кийип дуулатпай,
Күсөгөнүн күтпөдүң.
Чайнаганың жутпадың.

## ТАЙАКЕСИНЕ АРНАЛГАН КОШОК

(апасынын бир тууган иниси Улуу Ата Мекендик согушка барып кайтпай калганда кошкон кошогун апасынан угуп жаттап алган)

Арпадан жемин чайнабай,
Аргымак аза тутуптур.
Турбайсыңбы, жан үкам,
Ата Мекен согушта.
Алыста жүрүп жан бердиң,
Арзилаган кебимди.
Укпайсыңбы, жан үкам,
Күрүчтөн жемин күрмөбөй.
Күлүгүң аза күтүптүр,
Турбайсыңбы, жан үкам.
Күнчүлүк алыс жүргөндө,
Кыргында жүрүп жан бердиң.

Каада-салтты кармаган,
Артындагы жаштарга.
Насаат сөзүн арнаган.

Нускалуу сөздү сүйлөгөн,
Айылдагы той аштын.
Башында туруп бийлеген,
Короосун гүлгө толтурган.
Бейиштей гүлзар ичинде,
Кошуналар менен олтурган,

Тикендүү жерди бак кылган.
Мөмөлүү бакта отуруп,
Коноктун көөнүн шат кылган.

Канча айткан менен пайда жок,
Курандан башка айла жок.
Кейигеним пайдасыз, апаке,
Келбей турган жайдасыз.
Кайгырганым пайдасыз,
Апаке, кайтпай турган жайдасыз.

Алтындан сандык чаптырып,
Салып коёр болсочу.
Сагынганда ачтырып,
Көрүп коёр болсочу.

Күмүштөн сандык чаптырып,
Салып коёр болсочу.
Күсөгөндө ачтырып,
Көрүп коёр болсочу.

Баралбаймын жол салып,
Апаке, алалбаймын кол салып.
Төшөнгөнүң сурп болуп,
Апаке, түбөлүк бейиш кут болсун.
Жамынганың сурп болуп,
Апаке, жаңыдан конуш кут болсун.

Алаканың жайып жат,
Артыңда калган балдарга.
Ак батаңды берип жат.

Салкындан болсун жайлары.
Саламат болсун калганы.
Эгизден болсун жайлары,
Эсен болсун калганы.

Аз айтайын кейишти,
Апаке, аралап жүргүн бейишти.
Көп айтпайын кейишти
Көрүп жүргүн бейишти.

## БАЛАКАТКА ЖЕТПЕГЕН БАЛАГА АЙТЫЛУУЧУ КОШОК

Кызылын кийбей күрмөнүн,
Кызыгын сүрбөй дүйнөнүн.
Каяка кеттиң ашыгып?
Жашылын кийбей күрмөнүн.
Жакшысын көрбөй дүйнөнүн,
Жан балам, каяка кеттин шашылып?

Ак сакалдан бата алган,
Тойлоруңду көрбөдүм.
Ак үлпүнчөк жамынган,
Жан балам, тойлорунду көрбөдүм.
Шаан шөкөт коштогон,
Тойлоруңду көрбөдүм.
Шөкүлө кийип суйсалган,
Жан балам, тойлоруңду көрбөдүм.

Көкөлөп учкан пар болдуң,
Жан балам, караанына зар болдум.
Бийиктеп учкан пар болдуң,
Кулунум, бир көрүүгө зар болдум.





*Абдижалилова Жамила*
*Кашка-Суу айыл өкмөтү, Жайылма айылы, 1944-жылы туулган, окчу*

## БИР ТУУГАН АГАСЫНА КОШОК

Карартат шамал алчаны,
Какшатат өлүм барчаны.
Алтындан шакек болобу,
Колума салсам толобу.
Күмүштөн шакек болобу,
Колума салсам толобу.
Күйөөрлөрүм бар болсун,
Бир туугандай болобу.

Орустан алган оромол,
Он жеринен түйөйүн.
Оо дүйнө кеткен кубатыма[1],
Он жыл да болсо күйөйүн.
Кыргыздан алган оромол,
Кырк жеринен түйөйүн.
Оо дүйнө кеткен кубатыма.
Кырк жыл да болсо күйөйүн.

1 Кубатым – күч-кубат берүүчү деген мааниде



*Адилова Нарбубухан*
*Кара-Кабак (ЮКОС) айылы, 1957-жылу туулган, чал тейит*

## АТАСЫНА КОШКОН КОШОГУ

Асман бир белдеп жүрчү элем,
Азаны кайдан билчү элем.
Муктар белдеп жүрчү элем,
Муңду кайдан билчү элем.
Керилтип кулун байлаган,
Серкенин ашын ашаган.
Сексенге чыгып жашаган,
Токтунун ашын ашаган.
Токсонго чыгып жашаган,
Айланайын коргонум.
Коргонумдан кол жуудум.

Ат минсе атын жоорутпайт,
Алгандын көөнүн оорутпайт.
Акактан теспе жуптаган,
Алласын айтып уктаган.
Шурудан теспе жуптаган,
Шүгүрүн айтып уктаган.
Айланайын коргонум,
Эгиз болсун жайларың.

Эсен болсун балдарың,
Алтын бир болсун жайларың.
Саламат болсун калганың.

Уугун алып кирлеген,
Уулун үйлөп пирлеген.
Керегесин кирлеген,
Келинди жумшап пирлеген.
Айланайын бай атам.



*Бебитова Назбубу*
*Жекенди айыл өкмөтү, Кара-Мык айылы, 1960-жылы туулган, кыпчак*

## ЭНЕГЕ КОШКОН КОШОК

Кайта турган бир жолуна,
Караган чыгып чайлады.
Айлансам энем алдашим[2],
Кайтпаска башы байланды.
Кайта турган бир жолуна,
Кекилик бир чыгып чайлады.
Айлансам энем алдашим,
Келбеске башы байланды.

От боюнда олтурган,
Ойлонуп көңүл толтурган.

2 Алдашим – сырдашым деген мааниде

Айлансам энем сырдашым,
Суу боюнда олтурган.
Сүйлөшүп көңүл толтурган,
Айлансам энем сырдашым.

Шум ажалың курусун,
Жаздагы конгон конушуң.
Ар дайым барсам энеме,
Кучагын жайып чыгарым.
Энемдин көзү өткөндө,
Жай эле барсам үйдө жок.
Жалынып тосоор эч ким жок,
Айлансам энем сырдашым.

Күзгүгө жоолук оронгон,
Күңкүгөн байдын кызы экен.
Ак маралдай керилген,
Айткан сөзгө эринген.
Булбулдай болуп сайраган.

Күздөгү конгон конушуң,
Конушуң турат өзүң жок,
Айлансам энем сырдашым.
Мен алыстан барганда,
Кучагын жайып чыгаарым.
Энемдин көзү өткөндө,
Кучагын жайып ким чыгат?
Айлансам, энем алдашим.

Торко элечек майиним[3],
Топурака айыбым.
Ак элечек майиним,
Кара эле жерге айыбым.
Жайытың аа эңкейиш,
Башында майин гүл бейиш.

3 Майиним – (ир.) жумшак, уяң, мемиреген деген мааниде



Короого чыкпас үнүмдү,
Коңгуроо кылдым, жан апам.
Айылга чыкпас үнүмдү,
Ашкере кылдым, жан апам
Алтындан эле билегим[77],
Азадан беле тилегим?!
Күмүштөн эле билегим,
Күйүттөн беле тилегим?!

## ЭНЕСИ ҮЗҮЛГӨНДӨН КИЙИН КЕЛГЕНДЕ АЙТЫЛУУЧУ КОШОК

Аргымак атым бар эле,
Аягынан шал эле.
Алыстан кызың келгиче,
Апаке күтпөй кетипсиң.
Шашылган ишиң бар беле?

Жайылган сууну кечпедим,
Жаның барда жетпедим.
Эшилген сууну кечпедим,
Эсиң барда жетпедим.

Күн өткөрүп мен келсем,
Күлүп тосуп чыгарым.
Көңүлүмдү сураарым,
Ай өткөрүп мен келсем.
Алдымдан тосуп чыгаарым,
Ал жайымды сураарым.

Жыл өткөрүп мен келсем,
Жылмайып тосуп чыгаарым.
Жөн жайымды сураарым,

Бөскөргөн аяк толобу?
Апамдын көзү өткөн соң,

77 Билегим – билерик

Апакемден башкасы,
Дал өзүндөй болобу?

Баалуудан тандап тон кийген,
Пайдасы элге көп тийген.
Кымбатын тандап тон кийген,
Кереги элге көп тийген.

Жашылын салган жүнандын[78],
Жакшысы элең жубандын.
Сарысын салган жүнандын,
Сарасы[79] элең жубандын.
Кызылын салган жүнандын,
Кыйыны элең жубандын.

Ак учук ийне саптаган,
Ак шайы көрпө каптаган.
Айланайын апакем,
Ак куштай боюн таптаган.

Көк учук ийне саптаган,
Көк шайы көрпө каптаган.
Кагылайын апакем,
Көк куштай боюн таптаган.

Кажаары согуп какканым,
Кайненеге жакканым.
Кыялың элге жакканым,
Айлансам апам, чеберим,
Беш колдору чеберим.

Көйкөлтүп кийген кийими,
Боюна куп жарашкан.
Кыз-келиндер артынан,
Суктанышып карашкан.

78 Жүнан – жүн жоолук
79 Сарасы – мыктысы (сортовойу)

Балпылдак болсун балышың,
Бүбү, батма болсун таанышың.
Үлпүлдөк болсун балышың,
Үр кыздар болсун таанышың.
Көп айткан менен пайда жок,
Эми, Курандан башка айла жок.

## СУЗАК РАЙОНУ



*Дооранова Савлет*
*Кызыл-Туу айыл өкмөтү, Кара-Көл айылы, 1949-жылы туулган, мундуз*

### АТАСЫНА КОШКОН КОШОГУ

Бул өлгөнү курусун,
Кууураган панда улусун.
Өлгөндү кимдер жараткан,
Өксүгүн элге тараткан.

Ай төбөдөн түш болду,
Бай атамын өткөнү.
Арманы бизге күч болду,
Күн төбөдөн түш болду.
Кайран атам өткөнү,
Күйүтү мага күч болду.

Кара көрпө тебетей,
Төбөсү элең, мырза атам.
Калың мундуз элимдин,
Төрөсү элең, мырза атам.
Чоргосу элең, кумгандын,
Чоргуну элең, туугандын.
Туткасы элең, кумгандын,
Туйгуну элең, туугандын.

Кандар келет бел ашып,
Калайлуу жүгөн жарашып.
Кан уулундай, бай атам,
Кайларга кеттиң, адашып?!



*Калматова Майрамкан*
*Кары-Дарыя айылы, 1946-жылы туулган, бостон*

### ЭНЕГЕ АЙТЫЛУУЧУ КОШОК

Орозо айлар жылышты,
Ойлобопмун бул ишти.
Саратан айлар жылышты,
Самадым беле бул ишти.

Шум ажалдын айынан,
Кыйылды нечен өмүрлөр.
Өксүдү нечен көңүлдөр.



Гүл бейиштин шагында,
Күкүктөр конуп сайрасын.
Менин оо дүйнө кеткен аз гөйүм,
Көңүлүң шаңдуу жайнасын.
Суу боюнда гүлдөрүң,
Сумсайып өсөт талдарың.
Сумсайып калат балдарың,
Сабыр берсин алганга.
Өмүр берсин калганга.



*Исакова Кыймат*
*Жаш-Тилек айылы, 1940-жылы туулган, тейит*

### ЖОЛДОШУНА КОШКОН КОШОК

Сарысы элең жылдыздын,
Сарасы[4] элең элиңдин.
Тор кашка минсе жарашкан,
Топ жакшы менен жанашкан.
Көк кашка минсе жарашкан,
Көп жакшы менен жанашкан.

4 Сарасы – мыктысы



*Калбаева Гүлдар*
*Дароот-Коргон айылы, 1950-жылы туулган, кыдырша*

### АТАГА КОШКОН КОШОК

Кара бир дарак мөмөсүз,
Какшаткан өлүм дабасыз.
Жашыл бир дарак мөмөсүз,
Жашыткан өлүм дабасыз.

Коргонумдан айрылдым,
Коргондон эгиз болгону.
Кайтып бир келээр чагымда,
Тосуп бир алаар атам жок.
Кайрылып бир келсеңчи,
Тосуп бир чыгаар атам жок.
Айланайын коргонум,
Коргондон эгиз болгонум.



*Мурзамидинова Зумрат*
*Кашка-Суу айыл өкмөтү, Жайылма айылы, 1975-жылы туулган, кыдырша*

## КАЙЫН ЭНЕСИНЕ КОШКОН КОШОГУ

Ак алма катык жегиздиң
Азаңды мага кийгиздиң.
Көк алма катык жегиздиң,
Күйүткө салдың келиниң.
Ай айланып бир келсем,
Ак бетиңден сүйчү элем.
Жыл айланып бир келсем,
Жүрөктө сөзүң укчу элем.

Көп ирет азан тыңшап соолтуу кеттиң,
Түр дүнүйө түйшүктүн баарын күтүп.
Акыретиң ойлонуп муң жок кеттиң,
Атак аброй мал мүлктү кошо жыйнап,
Ыссык суук күндөрдү эчен кечтиң.

Баары калды, бир аз гана сурпта кеттиң,
Мал мүлкүң, түр дүнүйөң
тапкан туткан.
Ал тургай өзүң төрөп, өзүң баккан,
Бар байлыгың, балдарың ара болбой.
Өзүң менен ыйманың ала кеттиң,
Алла деп намаз окуп динде кеттиң.
Аллага алтын башың ийип кеттиң,
Шарияттын шарттарын сүйүп кеттиң.
Жайнамазга маңдайың тийип кеттиң,

Раббыбыз алланы сүйүп кеттиң.
Балдарыңа сыр чечишип,
сыр айта албай,
Көп нерсени көкүрөктө түйүп кеттиң.
Балдарыңдын улуусу жетсе экен деп,
Үн чыгып дабыш чыкса эстей бердиң.
Россия алыс шаардан келсе экен деп,
Жаның уучтап, көзүң катып
күтүп кеттиң.
Энеден жалгыз калган небереңди,
Миң ойлоп, миң ууччалып
күтүп кеттиң.

Жазга чыкса барам деп,
Күттүрүп кеттиң келиниң.
Көп айтпайын кейишти,
Көрүп бир жүрсүн бейишти.
Аз айтайын кейишти,
Аралап жүрсүн бейишти.



Башайы көрпө каптаган.
Балдарым жакшы болсун, деп
Балапан куштай таптаган.

## КАЙЫН ЭНЕСИНЕ КОШКОН КОШОГУ

Ак сандыктын буту элең,
Ак сарай үйдүн куту элең.
Ак сандыктан бут кетти,
Ак сарай үйдөн кут кетти.
Көк сандыктын буту элең,
Көк сарай үйдүн куту элең.
Көк сандыктан бут кетти,
Көк сарай үйдөн кут кетти.

Желке бир чачым тараган,
Энемжан, жетелеп балам караган.
Энемин көзү өткөн соң,
Желке бир чачым ким тарайт?
Жетелеп балам ким карайт?

Көк шайы көрпө жүктө жок,
Кутманым энем үйдө жок.
Балтыркан түбү жошодур,
Энемжан, бүбү, батма менен
кошо жүр.

## АПАСЫНА КОШКОН КОШОГУ

Алтындан сөйкөм бар эле,
Аяктары зар эле.
Ал бейиш кеткен апамды,
Мен айтканымча бар эле.
Күмүштөн сөйкөм бар эле,
Үкөктөрү зар эле.
Гүл бейиш кеткен апамды,
Мен күйгөнүмчө бар эле.

Сары гүл чачкан жолума,
Сагынып кызым келди, деп.
Саамалын сунган колума,
Кызыл гүл чачкан жолума.
Кыйналып кызым келди, деп
Кымызын сунган колума.

Ак көйнөк кийсем батпаймын,
Айлансам апам базарым.
Апамдын көзү өткөн соң,
Айланып келип таппаймын.
Көк көйнөк кийсем батпаймын,
Айлансам апам базарым.
Апамдын көзү өткөн соң,
Көргөнү келип таппаймын.

Күкүктөр сайрайт ал жерде,
Гүлстан апам өткөн соң.
Күйүп бир ыйлайм бул жерде,
Сай боюнда сейдана.
Ала албадым бир даана,
Кагылайын, апакем.
Болдуң-го бизден бегана.

Жайлоого келген жайында,
Саратан июнь айында.
Жаркырап келип кетчи элең,
Жароокер апам барында.
Сагынып келгем айылга,
Кыш эмес дайым жайында.
Кубанып келип кетчи элең,
Кымбатым апам барында.

Айылда апам барында,
Айыл да чыкпайт көркүнө.
Алтыным апам өткөн соң,
Келгим да келбейт төркүнгө.

Кайын энеңдин ички сырын,
Кабагынан байкагын, кызым.
Кайында болгон кеп-сөздү,
Төркүнгө айтып барбагын, кызым.

## АТАСЫНА АЙТКАН КОШОГУ

Атамдын алтындан куру бар эле,
Ажары айга тең эле.
Бай атамдын көзү өтүп,
Алтындан куру сөгүлдү.
Бай атам, ай көрбөс жерге көмүлдү.

Атамдын күмүштөн куру бар эле,
Күлпөтү күнгө тең эле.
Бай атамдын көзү өтүп,
Күмүштөн куру сөгүлдү.
Бай атам, күн көрбөс жерге көмүлдү.

Алтындын кени кайда экен?
Аркырап аккан сайда экен.
Атамдын көзү өткөн соң,
Атадай доор кайда экен?
Күмүштүн кени кайда экен?
Күркүрөп аккан сайда экен.
Атаңдын көзү өткөн соң,
Атадай доор кайда экен?

Кара чаар кекилик,
Таштарда жүрөт секирип.
Казасы жетип күн бүтсө,
Пендеси калбайт экен бекинип.
Кыргыйек деген кыраан куш,
Кырларда учат жутунуп.
Казасы жетип, күн бүтсө –
Пендеси, кача албайсың, кутулуп.

Аргымак миндиң бели бош,
Бай атам, айлыңдан кеттин
кайыр кош.
Күлүк бир миндиң оозу бош,
Бай атам, калкыңдан кеттиң
кайыр кош.

## ЧОҢ АТАСЫНА КОШКОН КОШОГУ

Боз жорго минсе жарашкан,
Бойлору сындуу чоң атам.
Бойлошуп элдер карашкан.

Алтындан теспе имерген,
Чоң атам, аллага дилин жиберген.
Күмүштөн теспе имерген,
Чоң атам, кудайга дилин жиберген.

Белендеп атын токуган,
Чоң атам, беш убак намаз окуган.
Эртелеп атын токуган,
Чоң атам, беш убак намаз окуган.
Эшигиң алды жошодур,
Чоң атам, эшендер менен кошо жүр.
Эшигиң алды сурмадыр,
Чоң атам, калпалар менен кошо жүр.

## ЧОҢ ЭНЕСИНЕ КОШКОН КОШОГУ

Чачпагы менен чачы тең,
Чачы бир сындуу, чоң энем.
Босого менен бою тең,
Бою бир сындуу, чоң энем.

Кызылдан көрпө каптаган,
Кыздарым жакшы болсун, деп.
Кыргыйек куштай таптаган,





*Боронов Хамид*
*1937-жылы туулган, кыдырша*

Тажикстан Республикасынын Жерге-Тал району Жайылма айылында жашаган 58 жаштагы Фатима Сайназарова Тажикстандагы граждандык согушта (1992-1997-жж.) курман болгон Сейитов Матайга

## КОШКОН КОШОГУ

Ырдап өттүң бир өмүр,
Жаагын жанган торгойдой.
Жалпыга ырдап жүрсүн деп,
Жаралсаң керек ой тобо.
Он үчүнчү март күнү,
Күкүктүн тили кургады.
Булбулдар бүтүн эреркип,
Жүрөгү сокпой кулады.

Жанданып бүтүн майдандай,
Бүтүндөй элиң жыйналды.
Булбулу элдин кетти деп,
Муңканып дагы кыйналды.
Булбулуң сенин улусун,
Муңдуу кайкып жорголоп.
Жейрениң менен чолпонуң,
Эл ичинде корголоп

Китептериң ким жыйнайт,
Өзүңдөй кылып ким ырдайт.
Башка түшкөн мүшкүлдү,
Баатырдык менен көрүңүз.
Кыйналбай аман өтүңүз,

Эми менин айтаарым.
Алланын атын көп жаттап,
Көңүлгө бекем түйүңүз.
Көргөндөр угуп таң калсын,
Бейиште ырдап жүрүңүз.



*Ормонова Кыздаркан*
*Дароот-Коргон айылы, 1951-жылы туулган, кыдырша.*

## ИНИСИНЕ КОШКОН КОШОГУ

Кагылайын кандашым,
Кайгысы бизге билинди.
Тону төргө илинди,
Оорду бизге билинди,
Кагылайын кандашым.
Жайлоого чыгып жүргөнүң

Жашыл ала гүл чыгаар.
Жакында үйүңө биз барсак,
Жалынып ордуңа ким чыгаар.
Кагылайын кандашым,

Сенин ордуңа күлүп ким чыгаар.
Күн айланып биз барсак,
Күлүп го жайнап ким чыгаар.

Алтымыш баштуу ак үйүң,
Желкесинен капшырдың.
Кагылайын бир боорум,
Байбичеңди кимге тапшырдың?
Жетимиш баштуу ак үйүң,
Желкесинен капшырдың.
Ардактап баккан балдарың,
Кимдерге, аттиң ай, тапшырдың?

Эңкейиштен суу алган,
Эшендерден кыз алган.
Ылдыйыштан суу алган,
Эшендерден кыз алган,
Кагылайын Медетим.
Кагылайын, оой, коргонум,
Коргондон эгиз болгонум.
Жашылга жуулган жалжалым,
Сурап бир койчу бир жолу,
Кагылайын, оо, шумкарым.
Кызыл го чепкен жамынган,
Күлүп го койчу бир жолу.
Кагылайын оой шумкарым.



*Сайпилдаева Бусапура*
*Кара-Кабак айылы, 1951-жылы туулган, кыдырша*

## КЫЗ УЗАТУУ КОШОГУ

Көк шумкар бердим таптап ал,
Көк жибек бердим саптап ал.
Уктап калса ойготуң,
Ыйлап калса сооротуң.
Тарбиялап өстүрүп,
Бүлө кылып алыңыз.

Алтындан ийик бойлоп жүр,
Алганың менен тойлоп жүр.
Күмүштөн ийик бойлоп жүр,
Күйөөң менен тойлоп жүр.
Аркаңды бала бассын,
Алдыңды мал бассын.
Бактылуу болуп жашагын.

## ӨТКӨН КЫЛЫМДАРДАГЫ КУНГА БЕРИЛГЕН КЫЗДЫН БАЙБИЧЕГЕ АЙТКАН АРМАН КОШОГУ

Төөлөрүн берип сени алган,
Төрөлөрүн берип мени алган.
Бээлерин берип сени алган,
Бектерин берип мени алган.



Ак ийнесин саптаган,
Апамдын эмгегин эли мактаган.
Көк ийнесин саптаган,
Апамдын кызматын эли мактаган.

Жан алгычка го чалдырдың,
Бейишиң болгур мейманым.
Ооруга жаның алдырдың,
Кеселге жаның чалдырдың,
Гүл бейиш кеткен жан апам,
Көрүнөө жаның алдырдың.

## НЕБЕРЕСИНЕ КОШОК

Созулган менин чүрөгүм,
Себепсиз соолуду гүл өңүң.
Айнектей болгон чүрөгүм,
Арманда соолуду гүл өңүң.

Мээнетим менин кайтпады,
Мээримсиз өлүм айтпады.
Күткөнүм менин кайтпады,
Күйүтүү өлүм айтпады.

Өрдөктүн жүнү пар бекен?
Өлүмгө даба бар бекен?
Каздын бир жүнү пар бекен?
Кайгыга даба бар бекен?

# НООКЕН РАЙОНУ



*Мисирова Жаңылай*
*Шайдан айыл өкмөтү, 1956-жылы туулган, кыйра, мундуз*

## КЫЗ УЗАТУУ КОШОГУ

Алтындан сөйкө такканбыз,
Ай көргөзбөй бакканбыз.
Кудагый, сизге айтам,
Алтындан сөйкө тагып ал.
Ай көргөзбөй багып ал,
Күмүштөн сөйкө такканбыз.
Күн тийгизбей бакканбыз,
Кудагыйым, сизге айтам.
Күмүштөн сөйкө тагып ал,
Күн тийгизбей багып ал.

Аскадан аккан булак бол, кызым,
Алганың менен ынак бол, кызым.
Коктудан аккан булак бол, кызым,
Кошконуң менен ынак бол, кызым.

Кайната эшик такта эшик, кызым,
Өз ата эшик пахта эшик, кызым.
Эшигин катуу жаппагын, кызым,
Кайын энеңи какпагын, кызым.

Чылбыры элең буудандын,
Бай атам, чынары элең туугандын.
Чылбыры кетти буудандан,
Чынары кетти туугандан.

Адыр менен түздөргө,
Бай атам, алтындан соккон чеп элең.
Артында калган балдарга,
Бай атам, ай жетпес бийик бел элең.

Күнгөй менен тескейге,
Күмүштөн соккон чеп элең.
Күйүттө калган балдарга,
Бай атам, күн жетпес бийик бел элең.

Узарган чөптү майдан дээр,
Бай атам, уккандар сени кайран дээр.
Көгөргөн чөптү майдан дээр,
Бай атам, көргөндөр сени кайран дээр.

Алтының кетти бүчүндө,
Бай атам, арманың кетти ичинде.
Күмүшүң кетти бүчүндө,
Бай атам, күйүтүң кетти ичинде.

Асылган дартты жеңе албай,
Айнектей кызын көрө албай.
Арманда кетти, бай атам,
Үйүңө тирүү келе албай.

## АПАСЫНА КОШКОН КОШОГУ

Алыстан ыккан соодагер,
Артынганы ак товар.
Айлында жүргөн чыгаар деп,
Апакем, жүрбөдүм беле бейкабар?!

Кокондон чыккан соодагер,
Көтөргөнү көк товар,
Кыштакта жүргөн чыгаар деп,
Апамжан, жүрбөдүм беле бейкабар?!

Кызгалдактуу кең колот,
Кырына барып эл конот.
Кызыңыз келсе сагына,
Апакем, өзүңүздөй ким болот?!

Мөмөлүү бакка кирдиңби?
Мөмөсүн терип жедиңби?
Артында калган жалгызың,
Кандай бир болот дедиңби?

Алмалуу бакка кирдиңби?
Алмасын терип жедиңби?
Аркаңда калган кызыңды,
Апамжан, кандай бир болот дедиңби?

Күзгү бир сепкен буудайдын,
Дани[75] бир түштү башыма.
Апалаган панданин[76],
Алы бир түштү башыма.

Жазгы бир сепкен буудайдын,
Саманы түштү башыма.
Апалаган панданин,
Заманы түштү башыма.

Жабыркап жаның талдыбы?
Жабышкан оору алдыбы?
Кайгырып жаның талдыбы?
Жан апам, жабышкан оору алдыбы?

75 Дани – даны
76 Панда – пенде





*Саматова Айымкан*
*Чак айылы, 1949-жылы туулган, тейит*

## БАЛАСЫНА КОШКОН КОШОГУ

Жашыл бир тонду не чечтиң,
Жаш жаныңды не бердиң.
Күн көрбөгөн кулунум,
Кызыл бир тонду не чечтиң.
Кырчын бир жаштан не бездиң,
Олдо бир ай кулунум.
Уугумдун учу ыйлайт,
Уккан элдин баары ыйлайт.
Керегемдин көзү ыйлайт,
Көргөн элдин баары ыйлайт.

Күн көрбөгөн бей максат,
Аргымак атың бар беле,
Ашыгынан шал беле,
Ай айланып келгенче.
Шашылыш ишиң бар беле?
Тообурчак атың бар беле.
Томугунан шал беле,
Топ айланып келгенче.
Тополоң ишиң бар беле?
Олдо бир ай күйдүргү.

## АПАСЫНА КОШКОН КОШОГУ

Алтындан чачкеп[5] бош таштап,
Аргымак минип көч баштап.
Айланайын жан апам,
Күлүк бир минип көч баштап.
Күмүштөн чачкеп бош таштап,
Айланайын мадинам[6].

Эрте бир турсам шамал жок,
Элесиң көрөөр амал жок.
Саар бир турсам шамал жок,
Сагынсам көрөөр амал жок.
Алты бир кулак таш казан,
Аш көтөргөн кубатым.
Алты уруу элдин ичинде,
Баш көтөргөн кубатым.
Жети бир кулак таш казан,
Аш көтөргөн кубатым.

Жети уруу элдин ичинде,
Баш көтөргөн кубатым.
Как жеринде арчаны,
Какшатат өлүм барчаны.
Кур жеринде арчаны,
Кууратат өлүм барчаны.
Томук бир жилик аласы,
Толкуган байдын баласы.
Кашка бир жилик аласы,
Каадалуу байдын баласы.

Сүлөөсүндөй керилген,
Сүйлөөр сөзгө эринген.
Акмаралдай керилген,
Айтаар сөзгө эринген.

5 Чачкеп – өрүлгөн чачтын учуна тагылуучу күмүштөн жасалган кооздук
6 Мадина – бүткүл мусулмандардын зыярат кыла турган "ыйык" шаары деген мааниде.

Сабыр бир берсин салганга,
Өмүр берсин калганга.
Боздосом сөзүм укпайсың,
Бозоргон жерден чыкпайсың
Какшасам сөзүм укпайсын,
Кара бир жерден чыкпайсың



*Убраимова Зарипахан*
*Жекенди айыл өкмөтү, Кара-Мык айылы, 1962-жылы туулган, тиллек*

## ИНИГЕ КОШКОН КОШОК

Өлгөндөн өксүп болбодум,
Бир күн жаныңда жүрбөдүм.
Көлгө түшкөн бир өрдөктү,
Көрүп го мерген атты ай.
Көркөм бир жигит жан, уям ай,
Көз тийип аны узаттым.

Сууга бир түшкөн өрдөктү,
Суучул го мерген атты ай.
Сүйүктүү бир жигит жан уям,
Сууга барып ал жатты.
Тойго бир киер манатым,
Торуп учаар канатым.
Айлансам үкам канатым.



*Шарапова Мисират*
*Жаш-Тилек айылы, 1937-жылы туулган, кызыл баш*

## КЫЗ УЗАТУУ КОШОГУ

Алганың катуу сөз айтса,
Абайлап сүйлөп кечиргин.
Күмүштөн бозок кийилген,
Күймөнүп туруп өчүргүн.
Күйөөң катуу сөз айтса,
Күлүп бир жүрүп кечиргин.

Кызылдан шырдак ойдурдум,
Кызымдын үйүн толтурдум.
Кымбаттуу жерге кыз берип,
Кудагый болуп отурум.
Жашылдан шырдак ойдурдум,
Уулумдун үйүн толтурдум.
Жакшына жерден кыз алып,
Кайын эне болуп отурум.

## КУДАГЫЙГА АЙТКАНЫ

Чокусу бийик муз төрдөн,
Чоочулап учкан куш көрдүм.
Чолпондой менден жаш элең,
Азыр кайын эне болуп өзгөрдүң.
Талаасы бийик муз төрдөн,
Талпынып учкан куш көрдүм.



Атың бир, калды ноктодо,
Кийимиң калды бокчодо[74].
Жолдон бир, жорго миндиби,
Жолоочу көзү тийдиби?
Базардан жорго миндиби,
Базарчы көзү тийдиби?

Аргымак минип аттансам,
Ай астынан каттасам.
Бир боорум, жолдо жолукса,
Арызымды айтып даттансам.

Күлүктү минип аттансам,
Күн алдынан каттасам.
Бир боорум жолдо жолукса,
Күйүтүм айтып даттансам.

Эрте бир турсам, шамал жок,
Эсимде турат айла жок.
Саар бир турсам, шамал жок.
Самасам да санаамда турат,
айлам жок,
Айлансам, иним бир боорум.

Алтындан кемер белде жок,
Айлансам, иним элде жок.
Күмүштөн кемер белде жок,
Күйөөрүм иним, элде жок.

Көрүмдүн башын оёорум,
Көргө эле алып коёрум.
Жайымдын башын оёрум,
Жайга эле алып коёрум.

Көрүмдүн башын ким оёт?
Ажалым жетип мен өлсөм,
Көргө эле алып ким коёт?

74 Бокчо – (ир.) үп, мүлк оролгон таңык

Жайымын башын оёрум,
Жайга эле алып коёрум.
Жашоом бир бүтүп, мен өлсөм,
Жайга эле алып ким коёт?

Күйүп-күйүп не пайда,
Күйгөнүм менен бей пайда.
Айтып бир, айтып не пайда,
Айтканым менен бей пайда.

# БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ



*Токтогулова Акбермет*
*Акман айыл өкмөтү, Акман айылы 1948-жылы туулган, мундуз*

## АТАСЫНА КОШКОН КОШОГУ

Ак зоонун башы ак жалаң,
Аргымак жалын тоңдурду.
Айнектей болгон көзүңдү,
Бай атам, армандуу оору жумдурду.

Көк зоонун башы көк жалаң,
Күлүгүң жалын тоңдурду.
Күзгүдөй болгон көзүңдү,
Бай атам, күйүттүү оору жумдурду.

Бозоргон тоонун боорунан,
Бозоруп туман өтөбү?
Бир боорум кетип калды, деп,
Боздоп го, ыйлап жүрөмүн.
Боздогонум бекерби?

Аргымак минсем таптаймын,
Арманым айтып какшайын.
Күлүктү минсем таптаймын,
Дөөлөтүм, иним өткөн соң,
Күйүтүм айтып даттаймын.

Күлүктү минсем арылбайт,
Күйсөм да эми татыбайт.
Аргымак минсем арылбайт
Алтындай жаның өткөн соң,
Айтсам да эми табылбайт.

Бороон бир, бороон күн жааса,
Боз жамынчым, бир боорум.
Болор бир, болбос сөз уксам,
Болушарым, бир боорум.

Кар аралаш күн жааса,
Кар жамындың, бир боорум.
Капа бир болуп, мен барсам,
Капамды жазаар, бир боорум.

Айланып учар канатым,
Айтка эле, кийген манатым.
Канатымдан кайрылдым,
Манатымдан айрылдым.

Толгонуп учаар канатым,
Тойго эле, киер манатым.
Канатымдан кайрылдым,
Манатымдан айрылдым.

Айланайын, Бакытым,
Өйдө бассам, өбөгүм.
Ылдый бир бассам, жөлөгүм,
Эми, сага эле окшобойт бөлөгүң.

Карыганча, мен байкуш,
Кайгыңды кандай көтөрөм.
Карыганда, мен шордуу,
Күйүтүң кандай көтөрөм.
Айлансам, иним, бир боорум.

Караңгыда жүгүргөн,
Карышкыр колу сөгүлсүн.
Караанды болсо, кайтып кел,
Какшаганы сүйүнсүн.

Түндөсү жүгүргөн,
Түлкүнүн колу сөгүлсүн.
Түнү да болсо кайтып кел,
Түңүлгөнүң сүйүнсүн.
Аргымак атың бар беле,
Ашыгынан шал беле?
Ойлогон оюңа жетпедиң,
Шашылыш ишиң бар беле?

Күлүк атың бар беле,
Томугунан шал беле?
Токсонго чыгып кетпедиң,
Тополоң ишиң бар беле?
Айлансам, иним, бир боорум.

Калпагын койгон булака,
Кайрылып түшкөн улакка.
Чепкенин койгон булака,
Чечинип түшкөн улакка.
Айлансам, иним, бир боорум.



Татына менден жаш элең,
Азыр кудагый болуп өзгөрдүң.

## КАРЫЛЫК ТУУРАЛУУ АРМАН

Күндөн-күнгө келе берет карылык,
Карылыкты күткөн жокмун зарыгып.
Эгер ушул колдон келээр иш болсо,
Жүрбөйт белем он сегизге зарыгып.
Эстен кетпейт жыйырма
беш жаш курагым,
Эскерилип ошону эстеп турамын.
Деген менен ал күндөрүм эсте жок,
Жетимиш жаш, сексенге кетип
жаткан убагым.

## АКЕСИНЕ КОШКОН КОШОГУ

Суу боюнда жалбызым,
Канатына кемзел кызым.
Сай боюнда жалбызым,
Кубатыңа кемзел кызым.
Карарган тоонун башынан,
Карайган туман өзгөрбөйт.
Караанынды сагындым,
Сагынсам кайдан көз көрбөйт.

Сай боюнда сары тал,
Санаасы жерге талпынат.
Канатым акем кубатым,
Салкын бир жерде ыпырайт.
Көл боюнда көк талдын,
Көлөкөсү жерге кулпунат.
Көрүп өткөн кубатым,
Көлөкө жерде ыпырайт.

Чебериң тиккен жаздыгы,
Сайганың кара таңдайлаш.
Жармашып турат жаман жар,
Көрүнүп турат маңдайлаш.
Жар башы менен жашты деп,
Чымчыгы сайрайт ызы-чуу.
Өтүп барып келгенге,
Тоскоол кылат кара жер.



*Шарапова Назира*
*Жаш-Тилек айылы, 1947-жылы туулган, кызыл баш*

## БИР ТУУГАН ҮЧҮН АЙТЫЛГАН КОШОКТОР

Кашкалдак куштун карды ала,
Бир тууганы өткөндө.
Бечара болот кыз бала.

Капталдан учкан пар болду,
Караанына зар болдук.
Эгизден учкан пар болду,
Элесиңе зар болдук.
Кабыргам калды кайышып,
Омурткам калды майышып.
Бир көзүмдөн айрылып.

## ЖОЛДОШУ ӨТКӨНДӨ АЙТКАН КОШОГУ

Арс ичиги үрүмдө[7],
Ак жолборс эле үйүмдө.
Арс ичик түштү үрүмдөн,
Ак жолборс чыкты үйүмдөн.

Көрпө ичик[8] эле үрүмдө,
Көк жолборс эле үйүмдө.
Көк жолборс чыкты үйүмдөн,
Көрпө ичик түштү үрүмдөн,

Сур жорго минген сулуу деп,
Суур ичик кийген жылуу деп.
Боз жорго минген сулуу деп,
Боз ичик кийген жылуу деп.



*Эсенбаева Зулайка*
*Дароот-Коргон айылы, 1958-жылы туулган, кыпчак*

## ЭНЕСИНЕ КОШКОНУ

Оймогуң төргө илинген,
Ордуңда эми билинген.
Кайчың бир төргө илинген,
Кадырың эми билинген.

7 Арс ичик үрүм – майда терилерден бириктирип тигилген ичик
8 Көрпө ичик – курпөң козунун терисинен жасалган тон

Теспесин тартып жуптаган.,
Байбиче энем алдашим.
Алласын айтып уктаган,
Ак теспеси колунда.
Беш убак намаз оозунда,
Алласын айтып уктаган.
Байбиче энем алдашим.

## АЛАЙ РАЙОНУ

Алай районунун Гүлчө айылынан материал жыйнап жүргөн мезгилде бүгүнкү күнгө чейин эл арасында кээ бир учурларда секелек жаш кыздардын "кыздын чачын өрүү" салтынын сакталып калгандыгына күбө болдук. Салт боюнча кыз бала кол арага жарап, секелек болуп калганда беш көкүл кылып чачын өрүшкөн. Келечеги жакшылыктарга мол болсун деп чачын төрткө бөлүп анан бешинчиси кылып маңдайындагы көкүлүн эсептешкен. Анда берекеси жайнасын, аруулугунан жанбасын, ак жалгасын деп ак билик менен учуктап чачын сары май менен майлап өргөн. Ал кыздын балакатка жеткенде кыз узатуу тоюна күбө болуусун тилек кылышкан. Алай ханышасы тобундагы байбичелер (Матосмонова Уулкан, Алакозова Акkыз, Исабекова Бурул, Ысмаматова Абазгүл, Молдокулова Алтын жана Акматова Роза) атайын ушул салттан көрүнүш жасашып, 7 жашар Жибектин чачын өрүштү.



Боз жорго минип теминген
Боз ичик кийип керилген.
Кайран атам, дөөлөтүм,
Боз жорго оозу тыйылды,
Боз ичик жүккө жыйылды.

Үзөңгүсү коргошун,
Бай атам, үзбөй минген жоргосун.
Басмайылы коргошун,
Бай атам, башынан минген жоргосун.

Жоргону көрсө кайтпаган,
Жортокко бутун артпаган.
Аргымак көрсө кайтпаган,
Арыкка бутун артпаган.
Аргымак тандап ат минген,
Бай атам, ак куржун салбай
салт минген.
Тобурчак тандап ат минген,
Төрбөлжүн салбай салт минген

Төртөө эле жылдыздын.
Атам, төрөсү эле кыргыздын,
Бешөө эле жылдыздын.
Атам, бекзаты эле кыргыздын.

Карагер атың байлоодо.
Калкың го, чыгат жайлоого,
Кайгырбай кантип жатасың.
Эми, боз топурак чаңдоодо?



*Кадырматова Уулбү*
*Уч-Коргон айыл өкмөтү, Кызыл-Жар айылы, 1954-жылы туулган, саруу*

## БИР ТУУГАН БАКЫТ ИНИСИНЕ АЙТКАН КОШОГУ

Бугумду жазып алайын,
Дөөлөтүм, иним өткөн соң.
Муңайбай кантип калайын?
Капамды жазып алайын.
Бир боорум, көзү өткөн соң,
Кайгырбай кантип калайын?

Камчыңды алып илчү элең,
Кадырымды билчү элең.
Босого бою илчү элең,
Бозоргонум билчү элең.

Алтындай жаның өткөн соң,
Эми, менин бозоргонум ким билет?
Кереге бою илчү элең,
Кейигеним билчү элең.
Эми, менин кейигеним ким билет?

Карарган тоонун боорунан,
Карайган туман өтөбү?
Бир борум өтүп кетти деп,
Какшап бир, ыйлап жүрөмүн.
Какшаганым бекерби?

Суусарды кийген башына,
Суйкайып жүргөн жакшына.
Кундузду кийген башына,
Кулпуруп жүргөн жакшына.

Алтындан камар белде жок,
Ардагым, Жоомарт, элде жок.
Күмүштөн камар белде жок,
Күйөөрүм, Жоомарт эми жок.

Кара бир союп ашына,
Кадырлуу жигит, Өмүрбек.
Төгөт төрөл башына,
Тору бээ союп ашына.
Торколуу жигит, Өмүрбек,
Кабыр коёр башына.

Салкын төр болсун жайларың,
Саламат болсун балдарың.
Кыздарды бактык экөөлөп,
Кыдырып чайын ичерде.
Мээнет болду го тартканың,
Кара жер болду го жатканың.

Уулдарды бактык экөөлөп,
Урматын эми көрөөрдө.
Мээнет болду го тартканың,
Кара жер болду го жатканың.
Азайтайын кейишти,
Аралап жүргүн бейишти.

## АКСЫ РАЙОНУ



*Анарбекова Турсун*
*Уч-Коргон айыл өкмөтү, Кызыл-Жар айылы, 1952-жылы туулган, саруу*


### САЯПКЕР АТАСЫ ДЫЙКАНБАЕВ АНАРБЕККЕ КОШКОН КОШОГУ

Баштап бир гана баштап, айтайын,
Мен кургур, бай атамдын шаанисин.
Бардык бир гана элге даңк болгон,
Айтсам, айтканымча бар эле.
Айтпай бир турган жан беле,

Кагылайын, бай атам.
Күйсөм, күйгөнүмчө бар эле,
Күйбөй бир турган жан беле.
Алтындан гана күрөк күрөгөн,
Бай атам, айда эле күлүк сүрөгөн.
Күмүштөн гана күрөк күрөгөн,
Менин болгонум, атам,
Күндө эле күлүк сүрөгөн.

Долоно эле, булак башына,
Торала эле, кулун байлаган.
Торала эле, кулун энесин,
Болгонум, атам, тору жорго
минип айдаган.





Кыз бала бойго жетип, турмушка узап баратканда жеңелери чогулуп, кырк өрүмүн жазып, кошогун кошуп, акыл-кеңешин айтып, кыздын чачын кош өрүм кылып өрүшкөн. Бул “кош өрүм чач” деп аталат. Муну менен кыздын эрке-эселектиги кетип, бирөөнүн жары болуп, бирөө менен жуп болгону белгилүү болгон. 61 жаштагы, баргы уруусунан **Матосмонова Уулкан апа** кыз узатуу кошогунан айтып берди



Беш-бештен өргөн чачыңыз,
Бедерлүү кара кашыңыз.
Беш торпокко кат берсе,
Бергени жатат атаңыз.

Он-ондон өргөн чачыңыз,
Оймодой сонун кашыңыз.
Он жамбыга кат берсе,
Узатмак болду атаңыз.



*Исабекова Бурул*
*1953-жылы туулган, адыгене*

### КЫЗ УЗАТУУ КОШОГУ

Бийкечти көлөкө жерге бакканбыз,
Көкүлүнө тумар такканбыз.
Кудагый, бийкечти көлөкө жерге
багып ал, оой,

Бийкечтин көкүлүнө тумар
тагып ал, оой.
Бийкечти салкын бир жерге
бакканбыз, оой,
Саамайына тумар оой такканбыз, оой.
Кудагый, бийкечти салкын
бир жерге багып ал оо.
Саамайына тумар тагып ал, оой.

Артылтып камчы салдырба, оой,
Атаңа наалат алдырба, оой сиңдим.
Эңилтип камчы салдырбай,
Энеңе наалат алдырба, сиңдим.
Алтындан бешик ыргагын,
Алганың менен жыргагын.
Күмүштөн бешик оой, ыргагын,
Күйөөң менен жыргагын.

Атакең конгон чоң конуш,
Чоң конушка конуп өт.
Барган жериңден наалат албай,
Чоюлган жубан болуп өт, балам
Энекең конгон кең конуш,
Кең конушка конуп өт, балам.
Энекеңди кекке калтырбай,
Керилген жубан болуп өт, балам.

Эртең менен ойгонгун балам,
Эт жибек кийип толгонгун балам.
Эңсеп бир көрдү кайын энең,
Дааратына суу койгун балам.



*Абдырахманова Жамила*
*Сары-Могол айылы, 1948-жылы туулган, адыгене*

### АПАСЫНА КОШКОН КОШОГУ

Байбиче энем жөлөгүм.
Алтыдан комуз күү айткан,
Алыста жүрсөм дуба айткан.
Үчтөн комуз күү айткан,
Күнчүлүк жүрсөм дуба айткан,
Айлансам энем топурум[9].

Товар бир көрпө жүк көркү,
Топурум энем үй көркү.
Атлас көрпө жүк көркү,
Айлансам энем үй көркү.

Айлансам энем топурум.
Оозуңда тишиң берметтей,
Ойлонсом келбейт албетте.
Санасам тишиң берметтей,
Сагынсам келбейт албетте.
Көйнөк бир кирин жубаарым,
Көңүл бир сырым айтаарым.

Балама күйгөн башкачам,
Өзүмө күйгөн өзгөчөм,

9 Топурум – меймандос, дасторкону кеңири деген мааниде



Жашылдан го буйла байлооң.
Айланайын, бир боорум,
Жазында келчү го жайлоом.
Жорго оозун бураарым,
Айлансам го бир боорум.
Жолугуп алым сураарым,
Күлүктүн оозун бураарым.
Айланайын, жигарим,
Күндө го алым сураарым.
Аргымак миндиң жетелеп,
Алтынды тактың этектеп.
Үзүрүн эми көрөөрдө,
Ажал кетти жетектеп.

Күлүктү миндиң жетелеп,
Күмүштү тактың этектеп.
Күнүн го эми көрөөрдө,
Шум ажал кетти жетектеп.

## ОШ ШААРЫ



*Нарматова Жумакан*
*1957-жылы тулган, кыдырша*

### ЖОЛДОШУ ЖООМАРТ МАТКАСЫМОВГО АЙТКАН КОШОГУ

Муңдуу бир өлүм, оо болбосо,
Муңайат белек биз мынча.
Кайгылуу өлүм болбосо,
Кайгырат белек биз мынча.

Сары алалуу сан жылкы,
Сайга айдасам бөлүнбөйт.
Сан кишинин ичинен,
Сакадай Жоомарт көрүнбөйт.

Тору алалуу топ жылкы,
Тоого айдасам бөлүнбөйт.
Топ кишинин ичинен,
Тоодоюм, Жоомартым көрүнбөйт.

Тоодо жылан октолот,
Жоомартым, бизге жоктолот.
Кыяда жылан октолот,
Жоомарт, кылыгың бизге жоктолот.

Күмүштөн сөйкө тakканбыз,
Күн тийгизбей бакканбыз.
Эми сага тапшырдык,
Күмүштөн сөйкө тагып ал.
Күн тийгизбей багып ал.

Айланайын, кудагый,
Алтындан сөйкө такканбыз.
Ай тийгизбей бакканбыз,
Айымды сага тапшырдык.
Алтындан сөйкө тагып ал,
Ай тийгизбей багып ал.

Айланайын, айымым,
Эми сага айтаарым.
Кайын энеңден сөз уксаң,
Күлкү менен кечиргин.
Айланайын, айымым,
Алтындан бешик өңөргүн,
Алганың менен көгөргүн.

Күмүштөн бешик өңөргүн,
Күйөөң менен көгөргүн.
Күйөөң келсе эшиктен,
Жаркырап күлүп тосуп ал.
Жанына барып бөркүн ал,
Кайын атаң келсе эшиктен.
Ордуңдан туруп жай бергин.

Кайын энең төргө отурса,
Эңилип туруп чай бергин.
Айланайын айымым,
Артылтып камчы салдырба.
Атаңа наалат алдырба,
Этиңе камчы салдырба.
Энеңе наалат алдырба.

Башыңарга бак консун,
Бак гүлүңөр ак болсун.
Асманда айдай жаркырап,
Тоодо аккан дарыядай шаркырап.
Жашоодогу жолуңар шат болсун,
Уучуңарга пул[71] толсун.
Кампаңарда ун болсун,
Курган ак үйүңөрдө.
Ак көйнөк, кызыл көйнөк
персент[72] толсун,
Мына ушул балдарым.
Мен силерге кааларым,
Тоюңарга чын жүрөктөн.
Ак батамды арнадым,
Бактылуу болгула балдарым.



*Эргешова Жамила*
*Шоро-Башат айыл өкмөтү,*
*Төрт-Көл айылы, 1942-жылы*
*туулган, кыпчак*

## БИР ТУУГАН ИНИСИНЕ КОШОК

Кызылдан го буйла байлооң,
Айланайын, жигарим[73].
Кышында келчү го жайлоом,

71 Пул – акча
72 Перзент – наристе
73 Жигарим – бир боорум



Айлансам энем топурум.
Ак сандыгын ач деген,
Атаганым мал деген,
Байбичем энем жөлөгүм.
Көк сандыгым ач деген,
Көксөгөнүм ал деген,
Байбичем энем топурум.



*Алиева Сүйдүмкан*
*Талды-Суу айылы, 1967-жылы*
*туулган, сарттар*

## АГАСЫНА КОШУЛГАН КОШОК

Улуу бир тоонун боорунда,
Улар бир оттойт эл жокто.
Күйөөрүм акем, оой, өткөн соң,
Бара албадым жол салып,
Ала албадым кол салып.

Белестен жайың бөлүнбөйт,
Белесте жайдын ичинде,
Белдерим акем көрүнбөйт.
Күңгөйдө жайың бөлүнбөйт,
Күңгөйдө жайдын ичинде,
Күйөөрүм акем көрүнбөйт.

Улуу бир тоонун боорунда,
Уларлар оттойт бел жоктон.
Күйөөрүм акем өткөн соң,
Улуп бир ыйлайм сизди жоктоп.

Мустака буудай айдаса,
Өнүүчү бир дүйнө болбойбу.
Сагынганда акемди,
Көрүүчү бир дүйнө болбойбу.

Саздака буудай айдаса,
Өнүүчү бир дүйнө болбойбу.
Эңсегенде бир боорумду,
Саламдашчу дүйнө болбойбу.

Улуу бир агам барында,
Ак боз ат минип жайнаган.
Көк сууларды жайлаган,
Көк боз ат минип жайнаган.
Ак бараң мылтык асынган,
Эчкисин атпай теке аткан.
Элдерден бир журттан бата алган.
Көк бараң мылтык асынган,
Көлөкө ташка жашынган,

Алтын така кашка аты,
Айды бир карап сызылат.
Улуу бир тоонун боорунда,
Уларлар оттойт эл жокто.
Күйөөрүм акем өткөн соң,
Улуп бир ыйлайм сиз жоктоп.



*Алакозова Аккыз*
*Гүлчө айылы, 1951-жылы туулган, адыгене*

## АТАСЫНА КОШКОН КОШОГУ

Күңгөйдө сайрайт күкүгүм,
Күйөөрүм атам түркүгүм.
Тескейде сайрайт күкүгүм,
Айлансам атам түркүгүм.

Ата албаган кайыңга,
Кандар бир барып аралайт.
Кан уулундай бай атам,
Эми качан бир элин аралайт.

Тескейдеги кайыңга,
Бектер бир барып аралайт.
Бек уулундай бай атам,
Эми качан бир элин аралайт.

Күлүктү минсең бели бош,
Атам, күлүп бир барсаң кайыр кош.
Аргымак минсең бели бош,
Ата, күлүп бир барсаң кайыр кош

Кыздардан кызмат көргөнүм,
Атамжан, кызык бир өмүр сүргөнүм.
Уулдан бир урмат көргөнүм,
Атамжан, узун бир өмүр сүргөнүм.

Күмүштөн кемер белде жок,
Күйөөрүм атам элде жок.
Алтындан кемер белде жок,
Атамжан, алтыным атам элде жок.

Тегизим менен мен айтсам.
Аргымагың арындаш,
Атам, ар жакшы менен карындаш.
Тообурчагың арындаш,
Атам, топ жакшы менен карындаш.



*Акматова Роза*
*Гүлчө айылы, 1965-жылы туулган, тооке*

## ЖАКЫН АДАМДАРЫНЫН КӨЗҮН КӨРБӨЙ КЕЧ КЕЛГЕНДЕ АЙТЫЛА ТУРГАН КОШОК

Чапсам бир чыкпас майсаным,
Чакырса келбес мейманым.
Эксем бир чыкпас майсаным,
Эстесем келгис мейманым.

Көрбөй калдым көзүңдү
Укбай бир калдым сөзүңдү.
Жайылма сууну кечпедим,
Жаның бир барда жетпедим.



Сай боюнда талдарың,
Эми го, артында калды балдарың.
Айланайын, эй бир боорум,
Көл боюнда талдарың.
Эми го, кыздарың калды артында,
Айланайын, эй бир боорум.
Балтыркан түбү бал татыр,
Эми, балдан бир ширин сөзүңдү.
Эми го, кимден угамын,
Балтыркан түбү сүт тадыр.
Эми сүттөн ширин сөзүңдү,
Эми го, кимден угамын.

Айланайын эй, бир боорум,
Аз айтайын кейишти.
Аралап жүргүн бейишти,
Көп айтпайын ой, кейишти.
Бир боорум, көрүп го жүргүн бейишти.

Айланайын, кулунум.
Жумшак бир болсун балышың,
Бүбүлөр болсун таанышың.
Балпылдак болсун балышың,
Пайгамбар болсун таанышың.

## КҮЙӨӨГӨ КОШУЛГАН КОШОК

Керегенин башында,
Кыл жарашат дедиңби?
Кериле баскан жарыңа,
Эми, тул жарашат дедиңби?
Босогонун башына,
Кыл жарашат дедиңби?
Бойлошуп өскөн жарыңа,
Эми, тул жарашат дедиңби?
Босогонун боз сарай,
Боз сарайда ким калды.

Бойлошуп өскөн бир жарың,
Боз сарайда ким калды?

Керегелүү кең сарай,
Келишкен үйдө ким калды?
Келишкен үйгө кире албай,
Кайгыны тартып мен калдым.

Ак кептер учат көкөлөп,
Балдарды бактык бөпөлөп.
Балдардын чайын ичээрде,
Кетип бир калдың көкөлөп.
Көк кептер учат көкөлөп,
Кыздарды бактык бөпөлөп.
Кыздардын чайын ичээрде,
Көрүнбөй кеттиң көкөлөп.



*Эргешова Кадича*
*Шоро-Башат айыл өкмөтү, Төрт-Көл айылы, 1949-жылы туулган, кыпчак*

## КЫЗ УЗАТУУ КОШОГУ

Кудагый, карап угуп тур,
Көңүлүңдү буруп тур.
Ай чырайлуу айымды,
Эми сага тапшырдык.

Күндүн го табы сизге өттү.
Күн айланып бараарга,
Күн азарың го мага өттү.

Ак сарай урат башыңа,
Ак боз ат соёт ашыңа.
Эми, балдарың ак сарай курат башыңа,
Көк боз ат соёт ашыңа.
Балдарың көк сарай курат башыңа.

Арманым айтып отурсам,
От жакканга отун чачылат.
Арманым айтып отурсам,
Акемжан, келген мейман зарыгат.
Кан оозуңа кан толсун,
Кайгырганым ушул болсун.
Бул оозума май, муз толсун,
Муңайганым ушул болсун.



*Турганбаева Дариякан*
*Кызыл-Тоо айыл өкмөтү, Эркин-Тоо айылы, 1959-жылы туулган, басыз*

## КЫЗ УЗАТУУ КОШОГУ

Улага бою от жаксаң,
Күлүн го койбой өчүргүн.
Келинден кетсе кемчилик,
Кемчилигин кечиргин.
Кереге бою от жаксаң,
Күлүн го койбой өчүргүн.
Келин го болгон кызым эй,
Бирөөнүн кемчилигин кечиргин.



*Токоева Азинахан*
*Кызыл-Тоо айыл өкмөтү, Эркин-Тоо айылы, 1964-жылы туулган, бостон*

## БИР ТУУГАН СИҢДИСИНЕ КОШКОН КОШОГУ

Кызылын кийбей күрмөнүн,
Кызыгын көрбөй дүйнөнүн.
Жашылын го, кийбей күрмөнүн,
Жыргалын го, сүрбөй дүйнөнүн.

Отурган турган жерлериң,
Эми го, базарлуу шаар көрүнөт.
Айланайын момунум,
Отурган турган жерлериң.
Эми, ордолуу шаар көрүнөт,
Айланайын эй, бир боорум.
Эртелеп турсам шамал жок,
Эми го, элесиң турат өзүң жок.
Айланайын эй, муңдашым,
Саарлап го турсам шамал жок.
Айланайын эй, бир боорум,
Саамайың турат, өзүң жок.



Эшилме сууну кечпедим,
Эсиң бир барда жетпедим.
Эсиң бир барда жете албай,
Зыркырап ыйлап мен калдым.

Чыпалактай кашыңдын,
Чийилгенин көрбөдүм,
Карагаттай көзүңдүн,
Жумулганын көрбөдүм.



*Дубанаева Света*
*Гүлчө айылы, 1966-жылы туулган, баргы*

## КЫЗ УЗАТУУДА ЭЖЕСИНИН КӨРҮШКӨНҮ

Боз кайыш экен жылооңуз,
Боз бала экен күйөөңүз.
Боз кайыш жүрүп ий болоор,
Боз бала жүрүп бий болоор.

Кам кайыш экен жылооңуз,
Кам бала экен күйөөңүз.
Кам кайыш жүрүп ий болоор,
Кам бала жүрүп бий болоор.

Айланайын жан балам,
Алганың жакшы болгон соң,
Алтындан чачпак сүйрөтөт,
Айда акылын үйрөтөт.

Алганың жаман болгон сон,
Алтындан чачпак кор болот,
Айда акылың кор болот.

Жаңы бир бычак бүлөөдөн[10],
Жакшы бир кылмак күйөөдөн.
Эски бир бычак бүлөөдөн,
Эстүү бир кылмак күйөөдөн.



*Исаева Зия*
*Сары-Могол айылы, 1950-жылы туулган, тейит*

## АТАСЫНА КОШКОНУ

Боз жорго минген сулуу деп,
Боз ичик кийген жылуу деп.
Көк жорго минген сулуу деп,
Көк ичик кийген жылуу деп.

Күнгөйдө сайрайт кукүгүм,
Күйөөрүм атам түркүгүм
Тескейде сайрайт кукүгүм,
Дөөлатим атам түркүгүм.
Алтындан соккон ай балкам,

10 Бүлөө – кайракташ

Дөөлатим атам зар аркам.
Күмүштөн соккон ай балтам,
Күйөөрүм атам зар аркам.

Ай тегерек бурч экен,
Ата бир кызга мүлк экен
Күн тегерек бурч экен,
Ата бир кызга мүлк экен.

## ӨМҮРЛҮК ЖОЛДОШУНА КОШУЛУУЧУ КОШОК

Алдыңда аккан дарыяда,
Ак балык болуп сүзүп жүр.
Арманда калтырбай мени да,
Кайрылып келсең болбойбу.
Азыраак айтам кейишти,
Арбагыңды сыйлайын.
Көп айтпайын кейишти,
Көрүп го жүргүн бейишти.
Көзүмдөн аккан кара жаш,
Ак бетиңе нур болсун,
Айланайын жөлөгүм.

Ай айланып баккан жер,
Ата баба жаткан жер.
Күн айланып баккан жер,
Кулан эли жаткан жер.
Камчыңдын учун какпай кел,
Кара жер катып жатпай кел.
Чылбырың учун какпай кел,
Чын жайың катып жатпай кел.

Алды го менин теңпайым,
Тең көрбөдү кудайым.
Алтымыш баштуу ак үйүң,
Аркасынан оо капшырттың.
Азиздеп баккан балдарың,
Аргасыз мага тапшырдың.
Жетимиш баштуу ак үйүң,
Желкесинен капшырттын.
Жетелеп баккан Сабырың,
Аргасыз мага тапшырдың.
Алды го менин теңпайым,
Тең көрбөдү кудайым.



*Калыкова Апиза*
*Будалык айыл өкмөтү, Кум Шоро айылы, 1941-жылы туулган, тооке*

## ЖАШ ӨЛГӨН АДАМГА АЙТЫЛЧУ КОШОК

Жашылын кийбей күрмөнүн
Жаштыгын сүрбөй дүйнөнүн.
Кызылын кийбей күрмөнүн,
Кызыгын сүрбөй дүйнөнүн.

Кызылың калды боёлбой,
Кыз балаң калды соройбой[11].
Кызылың калса боёлор,
Кыз балаң калса чоңоёр.
Жашылың калды боёлбой,
Жаш балаң калды соройбой.
Жаш балаң калса сороёт,
Жашылың калса боёлот.

11 Соройбой – чоңойбой деген мааниде



Жаман го жакшы сөз уксаң,
Айымым, күлкү го менен кечиргин.

Алтындан чачпак, оо, таштап өт,
Канкыпчактын кызы деп.
Айымым, Курманжандай баштап жүр.

Айымым, күлкүгөн байлар,
кайын атаң,
Шалдырап жүргөн өз атаң.
Айымым, шаңшыган байлар
кайын атаң,
Жазгы го кылган кийизи.
Жыйып го берди атаңыз,
Кыз балам кетип жатат деп.
Баламжан, түйдү го экен апаңыз,
Күзгү го кылган кийизин.
Ороп го берди атаңыз,
Кыз балам кетип жатат деп.
Абдан түйдү го экен, апаңыз.

## БИР ТУУГАН АГАСЫНА КОШУЛГАН КОШОК

Күлүгү жолду чендеген,
Акем, калк үчүн жанды мен деген.
Аргымак жолду чендеген,
Акемжан, эл үчүн жаны мен деген.

Эшиктен төргө ак кийиз,
Акемжан, эшендер кирген үйүңүз.
Эшендер келсе кош деген,
Ак үйүм сизге бош деген.

Капшыттан төргө ой, ак кийиз,
Акемжан, кожолор кирген үйүңүз.
Кожолор келсе кош деген,
Акемжан, көк үйүм сизге бош деген.

Ай төбөдөн түш болот,
Жалгызым акем, айтып отурсам.
Аттиң, арманым жаман күч болот,
Күн төбөдөн түш болот.
Жалгызым айтып отурсам,
Абдан күйүтүм жаман күч болот.

Түлкү го жүрөт түз менен,
Алты ай го өтпөй арадан.
Аттиңай, түшүп кетти из менен,
Бели муундай, акемжан.
Аттиң, качан го элин аралайт,
Капталдап ыйлап беш балам.
Кандар го келип саялайт,
Кан уулундай, акемжан,
Эми качан элин аралайт.

Түндүгүнөн ай өткөн,
Акемдин, түп атасы ой бай өткөн.
Капшытынан ай өткөн,
Акемдин, түп атасы бий өткөн.
Жалгызым менен сүйлөшсөм,
Абдан ачылат эле го баарың.
Эртең менен болгондо,
Көң алат эле гоо нарың.
Жалгызым менен сүйлөшсөм,
Абдан ачылат эле гоо баарың.
Капталга улак таштаган,
Акемжан, кан кыпчакты баштаган.
Белеске улак таштаган,
Акемжан, бек уулундай баштаган.

Айдан айга, ай өттү,
Айдын го табы сизге өттү.
Ай айланып келгенде,
Айназарың мага өттү.
Күндөн го күнгө күн өттү,



*Султанова Анаркан*
*Шоро Башат айыл өкмөтү, Төрт-Көл айылы, 1963-жылы туулган, кыпчак*

### АТАСЫНА КОШКОН КОШОГУ

Желесинен оой, ай өткөн,
Атамдын жети атасы бай өткөн.
Түндүгүнөн ай өткөн,
Атамдын түпкү атасы бай өткөн.

Бай атам өзү барында,
Чайпаганым чай эле.
Чайнаганым май эле,
Бай атам көзү өткөндө.
Чайпаган чайым чуу болду,
Чайнаган майым уу болду.
Алтындан кемер белде жок,
Айланайын, бай атам.
Саар турсам шамал жок,
Айланайын, бай атам.
Санаам да турат аргам жок.

Эртең менен турсам шамал жок,
Айланайын, бай атам.
Эсимде турат аргам жок,
Төрдө эле жылан октолот.
Айланайын, бай атам,
Күндө эле ордуң жоктолот.
Сайда эле жылан октолот,
Айланайын, бай атам.
Саат сайын ордуң жоктолот,
Отурган турган жерлериң.
Ордолуу шаар көрүнөт,
Айланайын, бай атам.
Көрүнүп кой өтүнөм.



*Ташалиева Зууракан*
*Шоро Башат айыл өкмөтү, Төрт Көл айылы, 1950-жылы туулган, кыпчак*

### КЫЗ УЗАТУУ КОШОГУ

Ак учук бердим, саптап ал,
Оо, кудагый, сага айтам.
Ак туйгун бердим, таптап ал,
Ак туйгун тапка келгенче.
Кудагый, алпештеп жакшы багып ал.

Көк учук бердим, саптап ал,
Көк туйгун бердим, таптап ал.
Оо, кудагый, сизге айтам,
Көк туйгун тапка келгенче.
Бөпөлөп жакшы багып ал.

Кыз ботосу сага айтам,
Кайын эне деген кыйын иш.





*Калмаматова Рабиякан*
*Гүлчө айылы, 1964-жылы туулган, мундуз*

### КЫЗ УЗАТУУ: ЭНЕСИНИН КӨРҮШКӨНҮ

Белсенип кудаа келиптир,
Айланайын жан балам,
Бек атаң жол бериптир.
Камданып кудаа келиптир,
Кагылайын жан балам.
Кан атаң жооп бериптир.

Толгонуп үйдөн чыккан соң,
Тартып бир килем салып өт.
Тартиптүү келин болуп өт,
Сүйүнүп үйдөн чыккан соң.
Сүйрөм бир килем салып өт,
Айланайын жан балам,
Сүймөнчүк келин болуп өт.

Күмүштөн ээр атка чак,
Күмүшүн алып отко жак.
Кагылайын жан балам,
Күлүп бир ойноп элге жак.

Алтындан ээр атка чак,
Алтынын алып отко жак.
Айланайын жан балам,
Араздашпай элге жак.



*Мамажанова Бүбүзайнап*
*Сары-Могол айылы, 1955-жылы туулган, баргы*

### КЫЗ УЗАТУУ КОШОГУ

Саамайын сылап кызымдын,
Сая бир жерде бакканмын.
Беш көкүл өргөм чачыңды,
Акылдуу болсун кызың деп.
Тандап бир койгом атыңды.

Көкүлүн сылап кызымдын,
Тоюн бердим элиме.
Күйөөгө узатып турган убагым,
Барган бир жерден бак берсин.
Узун ай өмүр жаш берсин.

Кайын журт сенин сыйлаарың,
Атаңа наалат жеткизбей.
Адептүү келин сен болуп,
Кайын журтуң сыйлагын.

Алганың сенин сыйлаарың,
Энеңе наалат жеткизбей
Ийкемдүү келин сен болуп,
Алган бир жарың сыйлагын.



*Маматкулова Катыча*
*Сары-Могол айылы, 1951-жылы туулган, найман*

### КЫЗ УЗАТУУ КОШОГУ

Кайын-журт сенин сыйларың,
Атаңа наалат жеткизбей.
Адептүү келин сен болуп,
Кайын-журтту сыйлагын.

Алганың сенин сыйларың,
Ийкемдүү келин сен болуп.
Алган бир жарың сыйларың,
Жети чыны бир чайнек.
Жерге түшсө сынбасын,
Күйөөңдөн жаман сөз уксаң,
Айылга асти чыкпасын.



*Мурзакулова Таттихан*
*Сары-Могол айылы, 1969-жылы туулган, кыдырша*

### ЖОЛДОШУНА КОШКОН КОШОГУ

Алтындай такта сен элең,
Айдай бир бакта мен элем.
Алтындай тактадан айрылдым,
Айдай бир бактан мен калдым.

Күмүштөй такта сен элен,
Күнөстүү бакта мен элем.
Күмүштөй тактан сен тайдың,
Күндөй бир бактан мен калдым.

Жашылды кийсең шуудурап,
Жаш гана кеттиң жобурап.
Кызылды кийсең шуудурап,
Кылчайбай кеттиң жобурап.

### АПАСЫНЫН ЖЫЛДЫГЫНДА КОШКОН КОШОГУ

Ой жоктонуп, башыма жолук алдырып.
Жашоомдон бир заматта өзгөрүп,
Апа сизди абдан катуу сагындым.



### АЯЛ КИШИГЕ КОШУЛГАН КОШОК

Карчыга куштун кадала,
Кан атасы болбосо,
карып го болот кыз бала.
Безбеле куштун бел ала,
Бек атасы болбосо.
Бечара болот кыз бала.

Козум го кетип баратат,
Кобурашып сүйлөшкөн.
Балам го кетип баратат,
Журт ичинде иштеген.
Пайым го кетип баратат,
Кобурашып сүйлөшкөн.
Кызым го кетип баратат.



*Салиева Анаркан*
*Чангет айыл өкмөтү, Өстүрүү айылы, 1967-жылы туулган*

### АПАГА АЙТЫЛГАН КОШОК

Ак-сайдын суусу кашка эле,
Айылдаш журтум башка эле.
Айланайын, апамжан,
Артыңда калган үч кыздан.
Бир уул болсо жакшы эле,
Алымдан кабар алаарга,
Кызым деп сурап бараарга.
Көк Сайдын суусу кашка эле,
Айланайын, апамжан.
Көгөргөн журтуң башка эле,
Көргөнү мени бараарга.
Алымдан кабар алаарга,
Артыңда калган үч кыздан.
Бир уул болсо жакшы эле.



*Сулайманова Жыпаркан*
*Салам-Алик айыл өкмөтү, 1979-жылы туулган, кара баргы*

### КЫЗ УЗАТУУ КОШОГУ

Карчыга деген куш болот,
Канаты кайкы шиш болот.
Кайната деген жакшы киши,
Карыганча сыйлап өт.
Турумтай деген куш болот,
Тумшугунан сылап өт.
Кайнене деген жакшы киши,
Карыганча сыйлап өт.

Атаганат, ай келиним.
Сагынып ыйлайт балдарың.

Көл боюнда талдарың,
Атаганат, ай күнүм.
Эми көрсөм, деп ыйлайт балдарың,
Тооруган оору кетпеди.
Айланайын, жан балам,
Канча ирээт жүгүрдүң.
Минтип, тооруган оору кетпеди,
Доктурдун алы жетпеди.
Андижан көздөй чаптырдык,
Ал жактан дарың таптырдык.
Атаганат, ой ай күнүм,
Дарыдан даба таппадың.
Калкылдап учкан пар болду,
Жан балам, эми караанына
зар болдук.
Көкөлөп учкан пар болду,
Эми, балдарың, көлөкөңө зар болду.
Көп айтпайын ой кейишти,
Жан балам, көрүп го
жүргүн бейишти.



*Супатаева Гүлбара*
*Чангет айыл өкмөтү, Өстүрүү айылы, 1920-жылы туулган, кылыч тамга*

## КҮЙӨӨСҮНӨ АЙТКАН КОШОГУ

Койнунда түндө зыңгырап,
Толкуган байлар келди, деп.
Кокондук сарттар чогулаар,
Бээжинге барган кой айдап.
Бээжинде тилла зыңгырап,
Береке кыргыз келди, деп.
Бээжиндик сарттар чогулаар.

Бейиштин жолу беш эшик,
Беш манжаң тийбей ачылсын.
Оомайдай көп периште,
Жаныңа бештей отурсун.
Оозуңа келме толтурсун,
Онун жолун он эшип.
Он манжаң тийбей ачылсын,
Оомалай, көп периште жаныңа отурсун.
Оозуңа келме толтурсун.



Тирүүңүздө бакыт экен күндөрүм,
Кадырыңа жетпей ошондо жүргөнүм.
Ошол жыргал бакыт күндү эстесем,
Бул жашоого батпай кетет күндөрүм.

Мен күнөдө көрүп калсам энени,
Аккан көз жаш калтыратат денени.
Туз куйгандай жүрөктөрүм ачышат,
Аттиң апа келбейсиң да сен эми.

Өтүп жатат бул жашоодо турмушум,
Айтат мага дагы бирөө күйүтүн.
Эстешкенде энелерди экөөбүз,
Эки жеңим болот мага аарчуучум.

Эки жакты мен элеңдеп карасам,
Апа сенин келе жатат кеңешчиң.
Жарык мага боло түшөт караңгы,
Мен өзүмдүн эмне экенин
сезе албайм.
Бүт денемди басып кетип калтырак,
Мен жетелеп басып кетем баламды.

Түнт жүрөгүм
мына ушундай сыр болду,
Түбөлүккө айыкпаган муң болду.
Кусалыгым батыра албай ичиме,
Ак кагаздын бети бүгүн
ыр болду.

Бир көрүнсөң айтаар элем муңумду,
Көкүрөккө бекем бекем кучактап,
Мындай күндүн болбосуна
көз жетип,
Жазып койдум ак кагазга сырымды.

Түшүнгөнсүйм мына бүгүн баарына,
Жалгыздыгым батып кетти жаныма.
Бул да болсо жаратқандын буйругу,
Башым ийип багынамын тагдырга.

Ырыс эже ал да эңсейт энесин,
Ызасыны көздөрүнөн сезесиң.
Жазып койдум ал да болсо калем сап,
Жазбаптыр го мени деле дебесин.

Келээриңдей бүгүн сени күтөмүн,
Эстегенде балдарым да сумсаят.
Карап-карап бара жатса бир кемпир,
Ал да башка таенеси бирөөнүн.

Кош апаке, кош айтышам сиз менен,
Жаратқандан намаз сайын суранам.
Насип этсе оо дүйнөдө жаннатта,
Ээрчиштирип койсо эгер сиз менен.

Мен жасалгыч жолу катуу жердешиң,
Күнөө кылбас сен бир башка элдердин.
Келээриңди үмүт үзбөй күтөмүн,
Билем апа, кайтып мага келбесиң.



*Молдокулова Алтын*
*Гүлчө айылы, 1958-жылы туулган, баргы*

### ЭНЕГЕ КОШОК

Аккан торго олтурган,
Энем, ак кагаз бетин толтурган.
Көк торго бекем олтурган,
Энем, көк кагаз бетин толтурган.

Кереге түлкү илгеним,
Кейигеним билгеним.
Алтыным апам өткөн соң,
Кереге түлкү ким илет,
Эми кейигеним ким билет?

Босого түлкү илгеним,
Бозоргонум билгеним.
Базарым апам өткөн соң,
Босого түлкү ким илет?
Боздогонум ким билет?

Кара бир кунан тендеген,
Апамжан, калкымда жубан мен деген.
Кызыл бир кунан тендеген,
Апамжан, кыргызда жубан мен деген.

Апам, көк сарайдын куту элең.
Жети бир кулач так үйүн,
Желбегей басып улаган.
Апамжан болгон чагында,
Жети учук бирдей улаган.

Саймалуу кийим өңдөнүп,
Сардалуу апам өткөн соң.
Санаада жүрөт, ай, көңүлүм,
Кечте көңүл өңдөнүп.
Кымбатым апам өткөн соң,
Кейип бир жүрөт көңүлүм.



*Осмонова Жыпаргүл*
*Будалык айыл өкмөтү, Кайнама айылы, 1971-жылы туулган, арзике*

### АТАСЫНА АЙТЫЛГАН КОШОК

Саар турсам шамал жок,
Сагынган менен айлам жок.
Садагам атам, эй, таппаймын,
Күүгүмдө дагы шамал жок.
Күйөөрүм ата таппадым,
Күйгөнүм менен амал жок.

Суу боюнда да талдарың,
Сагынып ыйлайт балдарың.



Белестеги беш жылдыз,
Белеске кеттиң басканы.
Бек уулундай бай атам,
Бейишке кеттиң жатканы.
Кыраандагы кырк жылдыз,
Кыраанга кеттиң, эй, батканы.
Кан уулундай кан атам,
Кыямат кеттиң, эй, жатканы.

### АПАСЫНА КОШКОН КОШОГУ

Алтындан беле билегиң?
Атаганат ой, апам,
Армандуу беле жүрөгүң?
Күмүштөн беле билегиң?
Атаганат, ой, жан апам,
Күйүттүү беле тилегиң?

Көйнөгүм жуусам буураарым,
Кагылайын, ой, жан апам,
Көңүлдөгү дартым ой сурaарым.
Көйнөгүм жуусам ким бурайт?!
Эми го, дартым ким сурайт?!

Жоолугум жуусам буураарым,
Жан апам, көңүлдө дартым сураарым.
Кекилик этин кактаган,
Келинин кыздай сактаган.
Улардын этин, ой, кактаган,
Жан апам, уулун, аа кыздай сактаган.

### ИНИСИНЕ КОШКОН КОШОГУ

Алтынчы класс бүтөрүп,
Молдо болгон, жан боорум.
Жети бир китеп көтөрүп,
Жолдо болгон, жан боорум.

Жетинчи класс бүтөрүп,
Молдо болгон, жан боорум.
Капшытың тоонун түргүдөй,
Атаганат, жан боорум.
Кайманаң элең го, гүлгүндөй,
Тушуңду тууран түргүдөй.
Атаганат, жан боорум,
Булар душманың беле, күлгүдөй?

### КЕЛИНИНЕ КОШКОН КОШОГУ

Атаганат, жан балам,
Сыздадым өлүм дартынан.
Кандай бир жорук баштадың?
Атаганат, жан балам,
Артыңда калган балдарды
Кимге ишенип таштадың?

Жаман бир жорук баштадың,
Атаганат, жан балам.
Ардактап сүйгөн жарыңды,
Ишенип кимге таштадың?
Кандайдан эле оорудуң,
Атаганат, жан балам.
Азып эле соолудуң,
Айыкпас дарттан оорудуң.
Айланайын, жан балам,
Өзүңө келбей соолудуң.

Чырмоок го десем барк белең?
Атаганат, ой келиним.
Чырмалышкан дарт белең?
Ажырык десем, барк белең?
Атагаганат ой, уулум,
Ажал го, келген дарт белең?
Сай боюнда талдарың,

Атактуу элең кыйладан,
Күлгүн тушта туйлаган.
Көп жакшыны сыйлаган,
Күмүшү капка сыйбаган.
Өзгөндүн элине,
Теңтуштардын ичинен.
Кадырлуусуң кыйладан.

Өлбөйт, деп сени жүрчүмүн,
Бул күнү өлөөрүңдү билбедим.
Арак ичип сен келсең,
Мен сени адыраңдап тилдедим.
Бүркүтүм, мас деле болсоң
жакшы элең,
Бапестеп сени бакчу элем.
Козголуп койбой жанымда,
Коңурук тартып жатчу элең.

Бүркүтүм, жемиштүү иште арманым,
Жесир калды алганың.
Мөлт этип жашым сени эстейм,
Аракты көрсөм ар дайым.
Бүркүтүм, жалгыз гана чечек пейм,
Бир күндө миң жолу сени эстейм.
Бүркүтүм, өзүң менен бир жүргөн,
Мастарды көрсөм сени эстейм.

Бүркүтүм, эрдүүгө өзүм теңесем,
Эри жок адам кем экен.
Кайгырып кара жердин койнунда,
Кантейин, калдың го уктап, берекем.
Бүркүтүм, караанын кимден кем эле,
Мен үчүн тоодой бел эле.
Мас болуп дагы жанымда,
Басканың канча дем эле.

Бүркүтүм, ажырап сенден калдымбы,
Бул жактан ал жак жайлуубу.
Тирүүңдө, кулаалымын,
деп айтчу элең,
Ичиңде калды арманың.
Жетим калды балдарың,
Теңиңди көрсөм сени эстейм,
Көздөн бир жаш тамганы.



*Мааданова Канымбү*
*Жазы айыл өкмөтү, Кызыл-Дыйкан айылы, 1951-жылы туулган, кара багыш*

## АТАСЫНА КОШКОН КОШОГУ

Сыдырдым талдын баркинан,
Сыздадым өлүм дартинан.
Кармадым талдын баркинан,
Какшадым өлүм дартинан.
Бектер келет бел ашып,
Беделүү жүгөн жарашып,
Бек уулу менен санашып,
Бай атам, каякa кеттиң адашып.

Кандар го келет, эй, бел ашып,
Каадалуу жүгөн жарашып.
Кан уулу менен санашып,
Бай атам, каякa кеттиң адашып.



Сай боюнда да талдарың,
Санаа бир тартат балдарың.

Күмүш бир кемер белде жок,
Күйөөрүм атам элде жок.
Алтын бир кемер белде жок,
Ардагым атам элде жок.

Кара атың калды токулбай,
Сабагың калды окулбай.
Үмүтүм башка эле го,
Оо дүнүйө кеттиң шашылып,
Уулуңдун жытын жыттабай.

## АПАГА КОШОК

Ай түйүнчөк түйөөрүм,
Айрыкча мага күйөөрүм.
Көк түйүнчөк түйөөрүм,
Көбүнчө мага күйөөрүм.

Суу боюнда сейдана,
Ападан кийин төркүн жок,
Мен боломунбу эми бегана.

Сай боюнда сейдана,
Энеден кийин төркүн жок,
Эми мен боломунбу бегана.



*Рыскулова Зейнеп*
*Будалык айыл өкмөтү, Кайнама айылы, 1986-жылы туулган, арзике*

## АТАСЫНА КОШКОН КОШОГУ

Жашоодо жанылдым, ата,
Жал ооруп мен да сагындым, ата.
Таянаар тоом эми жок,
Атаке сизди сагындым.
Элестейт көзгө басканың,
Агарып бүгүн чачтарың, ата.
Эсимден кетпейт эч убак,
Бапестеп мени бакканың.

Баркына жетип апамдын,
Боорукер менин атамдын.
Эсиме келет жыттасам,
Атамдан калган чапанын.
Жашоодо мен да агылдым,
Турмушта мен да чабылдым.
Жал ооруп мага күч берген,
Атаке сизди сагындым.

Жети бир канат бөз үйүм,
Бошотойун дедиңби.
Артыңда калган балдарды,
Жоктотойун дедиңби.
Алтындан кемер белде жок,

Айлансам атам элде жок.
Күмүштөн кемер белде жок,
Күнөөлүүм атам элде жок.

Алтындан сандык чаптырып,
Салып бир коёр болсочу.
Көрүп бир коёр болсочу

Жылгадан ылдый чаптырып,
Жыландын өтүн таптырып.
Ал деле даба болбоду,
Асылган ажал койбоду.
Коктудан ылдый чаптырып,
Коёндун өтүн таптырып.
Ал деле даба болбоду,
Асылган ажал койбоду.

Сагынып барсам өзүң жок, ата,
Кайраты күчтүү көзүң жок, ата.
Насаатын айтып ак жолго салган,
Күч кубат берген сөзүң жок, ата

Атасын ар ким сагынаар, ата,
Атасы бардын багы бар, ата.
Үшүгөн кезде турмушум сууктап,
Өзүңүз жоксуз жабынаар, ата

Унутуп сизди койбосмун, ата,
Сизчелик инсан болбосмун, ата,
Жолуксам эгер дагы бир ирээт,
Жытыңа такыр тойбосмун, ата.

## НАРИСТЕСИН ЖОКТОГОНУ

Кагылайын, айланайын данегим,
Карааныңан кагылайын карегим.
Караанды көрсөтпөстөн кудайым,
Алып кетти айтпай туруп дарегин.
Кудайым бизге берди белегин,
Алып кетти, кайгыртып
бизди керегин.
Оо, каралдым, караанындан
айланамын,
Сени эстеп сансыз ойго байланамын.

Кечээ күнкү күлкүң,
ырың эстеп алып,
Таппай келем эмне айла амалын.
Бассам-турсам издеп келем
караанынды,
Билбептирмин, сыздатып
кетип калаарыңды.

Дартты берип, бербей койду дабаңды,
Кудай бизди алаксытып албадыбы.
Жаным сыздап ооруп турат жүрөгүм,
Сагындым го алдан тайып жүдөдүм.

Сүрөтүңдү кайра-кайра карай берем,
Жалжылдайт го карагаттай көздөрүң.
Угасыңбы менин каргыл үнүмдү,
Туясыңбы, сыздаган
менин жүрөгүмдү.

Сагындым го, оо каралдым
жан биргем,
Сагындым го “апа” деген үнүңдү.
Угасыңбы шамалдын шуулдагын,
Сезесиңби аппак кардын бурганагын.
Сагынганда эмне кылаар
айла таппайм,
Боздоп ыйлап сагынычым
таркатамын.



Ак көйнөк кийсең кең келген,
Апакем, ар жакшыга тең келген.
Көк көйнөк кийсең кең келген,
Апамжан, көп жакшыга тең келген.
Алмадай камыр жууруган,
Адамдын көңүлүн куш кылган.
Мейман бир келсе кош деген,
Апамжан, мейманкана бош деген.

Апамжан, ойлогон ишин койбогон.
Шакектин ишин ойбогон,
Апамжан, шайлаган ишин койбогон.
Кармаган үйүн гүл кылган,
Боз шайы шалчаң[70] түр кылган.

## КАЙЫН ИНИСИН ЖОКТООСУ

Тууган десе төш тоскон,
Боорукер элең, кайын иним.
Чукугандай сөз тапкан,
Чечен элең, кайын иним.
Ар кандай ишке бет алган,
Кайраттуу элең, кайын иним.
Сөздү чечен сүйлөгөн,
Чечкиндүү элең, кайын иним.

Аш, тойдун башында,
Башкарчу элең, кайын иним.
Тугандардын ичинде,
Камчы сабы элен, кайын иним.
Тоодоогу торгойду,
Томолотуп атпайбы.
Быйыл тоого чыкпай,
Кайын иним, үйүндо эле жатпайбы.

Кыргыз, түркү сыйлаган,
Кыргыздын туйгуну элең, кайын иним.
Өзүңдөн киши жалтанган,
Ажынын уулу Ашим деп,
Атагың кетти даңкталган.

Алтынын кумдай күрөгөн,
Сүйлөгөн киши жүдөгөн.
Алты канат үйүнө,
Түрдүү улут түнөгөн.
Алкыш айтып баарысы,
Батасын берген үйүндө.
Күмүшүн таштай күрөгөн,
Күрөшкөнү жүдөгөн.
Ай тегерек тоолордо,
Тели теңтуш тааныштар,
Апталап жатып түнөгөн.

Жаман жакшы адамды,
Ажыратып билчү эле.
Жакшы адамдар менен кол үзбөй,
Катташып гана жүрчү элең.
Алтынына кап толгон,
Алышаны мал болгон.
Ар уруулар өзүнчө,
Өзүнөн-өзү жок болгон.
Күмүшүнө кап толгон,
Карагады мал болгон.
Көп адамдар көрө албай,
Өзүнөн-өзү жок болгон.

Сүйлөшкөндөр чер жазып,
Көңүлдөрү шат болгон.
Аргымагы туйлаган,
Ар жакшыны жыйнаган.
Алтыны капка сыйбаган,
Өзгөн, Барпы элине.

70 Шалча – (ир.) таар



*Мамаджанова Раиля*
*Кызыл-Дыйкан айылы, 1949-жылы туулган, кытай*

## КҮЙӨӨГӨ КОШКОН КОШОК

Өткөндүн аты не жаман,
Өксүтөт экен ар заман.
Кеткендин аты не жаман,
Кейитет экен ар заман.
Озондон түшкөн тамчы элең,
Ар жакшы менен жакшы элең.
Аркадагы балдарга,
Алтын бир саптуу камчы элең.

Көк зоодон түшкөн тамчы элең,
Көп жакшы менен жакшы элең.
Катарда турган балдарга,
Күмүш бир саптуу камчы элең.
Манабымдын барында,
Айткан бир сөзүң эп эле.
Манабым көзү өткөн соң,
Сөзүң бир калды сөгүлүп.
Кебиң бир калды кагылып.

Ай тиердин боз салкын,
Аргымак мойнун тоңдурат.
Асыл жаның өткөн соң,
Ай чырайлуу бетиңди.
Боз топурак тоңдурат.

Сырттап-сырттап тон кийген,
Алыскы жолго боз минген.
Сырттаган тонуң бокчодо[69],
Сыргалуу жоргоң жоктолот.

Каттап-каттап тон кийген,
Катарлап жолго боз минген.
Каттаган тонуң бокчодо,
Кайран жаның өткөн соң,
Кабат жоргоң ноктодо.

## АПАСЫНА КОШКОН КОШОГУ

Алтындан сөйкөң бар эле,
Аягы толгон зар эле.
Апамды мен айтсам,
Апакем, айтканымча бар эле.
Күмүштөн сөйкөң ой бар эле,
Күбөгү толгон зар эле.
Апамжанды мен айтсам,
Апамжан, күйгөнүмчө бар эле.

Чырмоок бир гүлүң барк бекен,
Чырмашып алган дарт экен.
Ажырык гүлүң барк бекен,
Ажалга бүткөн дарт экен.

Кат-каттап теспени жуптаган,
Апакем, келмени айтып уктаган.
Кабаттап теспени жуптаган,
Апакем, алланы айтып уктаган.
Торулуу оору кетпеди,
Сизге бир, доктурдун алы жетпеди.
Кайрылып ооруң кетпеди,
Апама калпанын алы жетпеди.

69 Бокчо – (ир.) үп, мүлк оролгон таңык





*Самаматова Толгонай*
*Будалык айыл өкмөтү, Кайнама айылы, 1938-жылы туулган, тооке*

## ИНИСИНЕ КОШКОН КОШОГУ

Карагайдан топ жалгыз,
Кайрылаары жок жалгыз.
Долонодон топ жалгыз,
Толгоноору жок жалгыз.

Бетегелүү белде өлбөй,
Бел дарың жалгыз барда өлбөй.
Жобургандын жондо өлбөй,
Жалынаарым жалгыз барда өлбөй.



*Сайдахматова Шаархан*
*Сары-Могол айылы, 1950-жылы туулган, найман*

## ЖОЛДОШУНА КОШКОН КОШОГУ

Үйүр баштап минсе жарашкан,
Топуруң кайда кетиптир.
Телтору минсе жарашкан,
Таалайым кайда кетиптир.
Телтору минсең башын тартаарда,
Тескейге жатпай үйгө кайт.
Тулпарды минсең башын тартаарда,
Туюкта жатпай үйгө кайт.

Алманын көрдүм кызылын,
Алып го жүрдүң жетелеп.
Айланайын дөөлөтүм,
Кайда го кеттиң эскербей.
Күкүккө үнүм окшоттуң,
Күйүтүңө бошоттуң.
Булбулга үнүм окшоттуң,
Муңуңа мени бошоттуң.
Бул дүйнө оой аманат.

Мен кантип сүрөм саламат,
Күн айланып мен барсам.
Күлүп го чыгып тосуп ал,

Ай айланып мен барсам.
Алдымдан чыгып тосуп ал,
Айланайын оой жөлөгүм.
Ой, бар беле сенден бөлөгүм.



*Ташкулова Адалат*
*Сары-Могол айылы, 1948-жылы туулган, тейит*

## ЖОЛДОШУНА КОШКОН КОШОГУ

Боздоп бир кеткен кемпайым,
Кайрылышта сайраган.
Булбулдун үнү курусун,
Кемпайым деп сайраган.
Менин го үнүм курусун,
Бурулушта сайраган.
Булбулдун үнү курусун,
Кемпайым деп ыйлаган.
Муңайган үнүм курусун.

Алтындан чапкан айбалкаң,
Ардактап баккан балдарың.
Оой, эми го кимге таштадың?
Күмүштөн чапкан оой, айбалкаң.
Күнестеп баккан балдарды,
Эми кимге таштадың?



*Субанова Жылдызкан*
*Гүлчө айылы, 1971-жылы туулган, мөнөк*

## КЫЗ УЗАТУУ КОШОГУ

Түндүк бир бойлуу от жаксаң,
Түтүн кылбай өчүргүн.
Жакшы бир жаман сөз уксаң,
Айланайын жан балам,
Каткырып күлө кечиргин.

Атаңа наалат айттырба,
Артылтып камчы чаптырба.
Энеңе наалат айттырба,
Эңилтип камчы чаптырба.

Ак элечек көрүнсө,
Апам келет дебей жүр.
Апаң барса басып чык,
Акырын эшик ачып чык.

Ак калпак көрүнсө,
Атам келет дебей жүр.
Атаң барса басып чык,
Акырын эшик ачып чык.



Самообарда кайнаган,
Чайың калды, бай атам.
Ак куржунду толтурган,
Пулун калды, бай атам.
Куран окуп отурган,
Уулун калды, бай атам.



*Курманбаева Малике*
*Салам-Алик айыл өкмөтү, Салам-Алик айылы, 1946-жылы туулган, кара баргы*

## АПАСЫНА КОШКОН КОШОГУ

Ак суунун башы майдан дейт,
Жан энем, атыңды уккан аттиң дейт.
Көк суунун башы майдан дейт,
Көзүңдү көргөн кайран дейт.
Айлансам энем, сырдашым,
Сырымды тыңшаар бир жакшым.

Каз элечек кайнар көз,
Калкына жаккан ширин сөз.
Торко элечек торгой көз,
Тобуна жаккан ширин сөз.
Айлансам энем, сырдашым,
Сырымды тыңшаар бир жакшым.

Кара манат эндеген,
Калкымда жубан мен деген.
Мендей го жубан кем деген,
Кызыл го манат эндеген.
Кылымда жубан мен деген,
Мендей го жубан жок деген.
Айлансам энем, ой болгонум,
Болоттон акты го коргонум.

Алтындан сөйкөң бар эле,
Айлансам энем, сырдашым.
Айтканымча бар эле,
Күмүштөн сөйкөң бар эле.
Күбөгү толо зар эле,
Менин күйгөнүмчө бар эле.
Айлансам энем, муңдашым,
Муңумду тыңшаар бир жакшым.
Аргымак минсем бел ашкан,
Энемдин барында.
Ак көйнөк кийсем жарашкан,
Сырдашым энем, көзү өтүп.
Аргымак минсем бел ашпайт,
Ак көйнөк кийсем жарашпайт.

Мен энемдин барында,
Кер жорго минсем бел ашкан.
Кызылды кийсем жарашкан,
Сырдашым энем көзү өтүп.
Кер жорго минсем кыр ашпайт,
Кызылды кийсем жарашпайт.

Жамынганың топурак,
Жан энем, жаныңа күйсүн шам чырак.
Төшөнгөнүң топурак,
Жан энем, төрүңө күйсүн шам чырак.

Акырек жүнүн жулайын.
Аллаанын кылган ишине,
Кандай бир айла кылайын.

Кымыздыктуу ой коктуга
Кыялай басып эл конот.
Кымбатым апам өткөн соң,
Андагыдай ким болот.

Балтыркандуу коктуга,
Баса барып эл конот.
Дөөлатим, апам өткөн соң,
Мурдагыдай ким болот.

Алтындан сөйкөң бар эле,
Аябай күмүш зар эле.
Акырет кеткен күйөөрүм,
Менин айтканымча бар эле.

Күмүштөн сөйкөң бар эле,
Күйөөгө күмүш зар эле.
Күнчөлүк кеткен күйөрүм аа,
Менин күйгөнүмчө бар эле.
Сабыр го берсин салганга,
Эми, өмүр го берсин калганга.



*Кубатова Зууракан*
*Салам-Алик айыл өкмөтү,*
*Эркин-Тоо айылы, 1968-жылы*
*туулган, бостон*

## АТАСЫНА КОШКОН КОШОГУ

Алтындан чигер сүйрөткөн,
Атакем, балдарына
акыл айтып үйрөткөн.
Күмүштөн чигер сүйрөткөн,
Кыздардын көңүлүн карап, үйрөткөн.

Алтын эшик дарбаза
Чегеси[68] элең нойонум,
Гүмүш эшик дарбаза,
Эгеси элең нойонум.

Ак боз ат минген такалап,
Маргалаң барган чалкалап.
Көк боз ат минген такалап,
Анжиян барган чалкалап.

Балдары тайын молдодон,
Чарбасын базар киргизген.
Чарбасына чай алган,
Токтусун базар киргизген,
Токтусуна тон алган.

68 Чегеси – кооз деген мааниде



## ИНИСИНЕ КОШКОН КОШОГУ

Айлансам укам күйөөрүм,
Башыма салган дүрүйөм[12].
Барсам бир келсем түгөнгүс,
Базарлуу шаар дүнүйөм.
Желкеме салган дүрүйөм,
Жесең бир ичсең түгөнгүс.
Жемиштүү шаар дүнүйөм.

Күйөөрүм деп ыйлаган,
Менин го үнүм курусун.
Кайрылышта сайраган,
Булбулдун үнү курусун.
Канатым деп ыйлаган,
Менин го үнүм курусун.
Айлансам укам күйөөрүм,
Карыган ата-энеңди,
Күйүткө салып таштадың.

Сай боюнда сагызган,
Сагызганды самаган.
Алты бала санаган,
Сагынганда келем деп.
Көрө албадым күйөөрүм.
Көл боюнда өрдөктү,
Көздөгөн адам атаарбы.
Көрөм деп жүргөн күйөөрүм,
Көрө албай калдым сагынып.

Эшилген кумду кечпедим,
Эсим го барда жетпедим.
Жайылган кумду кечпедим,
Жаның го барда жетпедим.
Айлансам укам күйөөрүм,
Өлчөп бир сууну кечпедим.
Өзүң го барда жетпедим,
Айлансам укам күйөөрүм.
Көрө албадым көзүңдү,
Уга албадым сөзүңдү.



*Токтобекова Мыйман*
*Сары-Могол айылы, 1955-жылы*
*туулган, кочкор*

## АПАГА КОШОК

Асманда кыйоо жетиген,
Жети ойгонуп эмизген.
Айлансам апам тирегим,
Сизди эстеп эзилем.

Колумда кыйоо оймогум,
Колума салсам толобу.
Айлансам апам жөлөгүм[13],
Эми го сиздей болобу.
Кайчыңыз төргө илинди,
Кадырың мага билинди.
Айлансам апам жөлөгүм.

12 Дүрүйө – (ир.) эки бети тең бирдей жибек кездемеден жасалган жоолук

13 Жөлөгүм – жөлөк-таяк болгон жакын адамды



*Турганбаева Кыймат*
*Сары-Могол айылы, 1953-жылы туулган, найман*

## АПАСЫНА КОШКОН КОШОГУ

Балама күйгөн башкача,
Базарым менин мадинам.
Өзүмө күйгөн башкача,
Өзгөчө элең алдашим.

Акмалдак көрпө жүктө жок,
Айланып үйгө мен келсем.
Мадинам энем үйдө жок,
Карчыга куштун канатын.
Кайрып сайма сайдырган.
Калкыңдан чыккан чеберим.

Айлансам энем мадинам,
Турумтай куштун канатын.
Туурулап сайма сайдырган,
Туугандан чыккан чеберим.
Айлансам энем мадинам.

Асманда жүргөн башымды,
Паз кылдың го адинам.
Айлансам энем алдашим,
Ачык го жүргөн көңүлдү.
Таш кылдың го мадинам,
Булутта жүргөн башымды.
Пас кылдың го башымды,

Булуттай жүргөн көңүлдү.
Пас кылдың оой мадинам,
Бүрмөлүү эле көйнөгүм.
Айлансам апам оой дүнүйөм,
Бүрмөлүү көйнөк чечилди.
Айлансам энем оой мадинам.



*Уметова Мерниса*
*Сары-Могол айылы, 1958-жылы туулган, тейит*

## ИНИСИНЕ КОШОК

Жазда бир, аай, конгон журтуңа,
Жашыл, го, ала, ой, күл чыгат.
Жаз айланып мен барсам,
Жөлөктөйүм келди деп,
Жагынып эми ким чыгат?

Алды, го, оой, кулунум,
Күздө го, конгон журтуңа.
Күлгүн ала гүл чыгат,
Күз айланып мен барсам.
Кубаттарым келди деп,
Күлүп го үйдөн ким чыгат?
Олдо күйдүргүм аай.



Пайым элең, манабым.

Эртеден кечке кайнаган,
Чайым элең, манабым.
Эртеден кечке сырдашкан,
Пайым элең, манабым.

Сандык толгон сары мейиз
Сай жакалай чачайын.
Санаам толгон көк дартым,
Кайсы бирин айтайын.

Көмөкөй толгон көк мейиз,
Көк жакалай чачайын.
Көңүлүмө толгон көк дартым,
Кайсы бирин айтайын.

Ак түйүнгө туз түйүп,
Бере албадым бадага.
Ажалың жетип калыптыр,
Ала албадым ажалдан.

Көк түйүнгө туз түйүп,
Коё албадым бадага.
Күнүң бүтүп калыптыр,
Түшө албадым арага.

Кыранга каккан куу казык,
Кулжанын эти жол азык.
Кудайым өмүр бербесе,
Куураган менде не жазык.

Тектирге каккан куу казык,
Текенин эти жол азык.
Теңирим өмүр бербесе,
Теңтушум менде не жазык.
Алты канат ак үйдө,
Айтып кошкон ый калды.
Ажал алып өзүңдү,
Айтылбаган сыр калды.

Айрылдым деп алганың,
Арманым айтып ыйладым.
Жашап өткөн күнүң бар,
Жан сергитип кубанган,
Урмат-сыйга ээ болгон,
Үй-бүлөң бар куралган.
Уул-кызың бар артыңда,
Учугуңду улаган.

Жаткан жериң жай болсун,
Арты майлуу көл болсун.
Топурагы торко болсун,
Топ периште колдосун.



*Касымова Роза*
*Салам-Алик айыл өкмөтү, Эркин-Тоо айылы, 1964-жылы туулган, басыз*

## АПАГА КОШКОН КОШОК

Көкөлөп учкан ак куунун,
Көкүрөк жүнүн жулайын.
Кудайдын кылган ишине,
Кандай бир айла табайын.
Асманда учкан ак куунун,

Оймодон сенин камзириң[66].
Оймолоп седеп кадагын,
Алганың жакшы болгон соң.
Ойноого чабып ат алгын.

Кыймадан сенин камзириң,
Кыймалап седеп кадагын.
Көргөнүң жакшы болгон соң,
Күлүккө чаап ат алгын.
Аркаңды салып чыкпагын,
Сүйүнүп келин алыптыр.
Өз атаңдай сыйлагын.

Айланайын, жан балам,
Түндүккө коюп от жаксаң.
Жалындатпай өчүргүн,
Айланайын, жан балам.
Жаман го, жакшы кеп уксаң,
Жоругуң менен кечиргин.

Улагың болсо үйлөп ал,
Чөнтөгүң болсо түйүп сал.
Турмушка кызың чыгарсаң,
Ырдап го, жүрүп чериң жаз.
Ырымды угуп тургула,
Мени бир сурап келсеңер.
Чай ичип үйдөн чыккыла,
Чайды бир ичип болсоңор.
Ырдаган ырым сунайын,
Кабыл бир алар бекен деп,
Ойлонуп бир турамын.

66 Камзир – кемсал



*Касымова Касиет*
*Салам-Алик айыл өкмөтү, Эркин-Тоо айылы, 1938-жылы туулган, караке*

## 1975-жылы жолдошу Казыев Токо каза болгондо айткан КОШОГУ

Алтыным кетти элүү үчүндө,
Арманың кетти ичиңде.
Күмүшүм кетти элүү үчүндө.
Армандуу кеткен бекзатым,
Күйүтүң кетти ичиңде.

Бектер го келет бел ашып,
Белине камар[67] жарашып.
Бек сымал оо, менин теңтушум,
Эми бизден го кеттиң адашып.

Кандар го келет бел ашып,
Калкына камар жарашып.
Кан сымалдуу го бекзатым,
Эми элимден кеттиң адашып.

Саар менен гой кайнаган,
Чайым элең, манабым.
Саардан кечке бир болгон,

67 Камар – бел кур





*Ысмаматова Абазгул*
*Гүлчө айылы, 1947-жылы туулган, тооке*

## ЭЖЕСИНЕ КОШКОН КОШОГУ

Ак жибектен элечек[14],
Маңдайыма жарашкан.
Ак набаттан кызыл чай,
Таңдайыма жарашкан.
Эл башкарган байыңыз,
Тагдырыма жарашкан.

Аргымак келет жүгүрүп,
Ашыгынан түйүлүп.
Олтурамын муңайып,
Мен эжемен түңүлүп.

Бет алып жаткан жериңе,
Беш арча дарак бүрдөсүн.
Азирети пайгамбар,
Бейишти карай жүр десин.

Ак добар[15] кийсе жайкалган,
Небере жумшап кубанган.
Көк добар кийсе жарашкан,
Чебере жыттап кубанган.

14 Элечек – аялдардын баш кийими
15 Ак добар – кездеменин түрү

Алтындан чачпак беш таштап,
Ай тийген жерге көч баштап.
Күмүштөн чачпак беш таштап,
Күн тийген жерге көч баштап.

Тойго бир кийген манатым,
Айтып бир бүткүс санатым.
Ашка бир кийген манатым,
Давлатим эмес савлатим.

Шурудан таспи[16] жуптаган,
Алланы атап уктаган.
Акактап таспи жуптаган,
Жаратканды атап уктаган.

Беш манжасына шакек муунаган,
Бекайымдай дуулаган.
Он манжасына шакек муунаган,
Он айымдай дуулаган.

Байбичем эжем көргөнүм,
Көрүп бир доорду сүргөнүм.
Оо дүйнө эшик ак эшик,
Колуң бир тийбей ачылсын.
Бейиштин беш эшиги ачылсын.

## АПАГА КОШОК

Карайгандын баары бак,
Какшагандын баары дак.
Карайган шамал болбой кал,
Какшаткан өлүм оңбой кал.
Бозоргон шамал болбой кал,
Бозорткон өлүм болбой кал.

Гилем бир согуп гүл кылган,
Кирген бир үйүн гүл кылган.

16 Таспи – теспе

Кажары[17] согуп какканым,
Кайненеге жакканым.
Гилем бир согуп какканым,
Кыялың элге жакканым.
Айлансам апа чеберим,
Беш колдору чеберим.

Кайтар бир куштан кайчы алган,
Кайчылабай тон бычкан.
Учар бир куштан үлгү алган,
Үлгүлөбөй тон бычкан.
Айлансам апам чеберим,
Сага жетпейт нечени.

Илип бир сайсам ийнем жок,
Илинип барсам апам жок.
Кайрып бир койсом кайчым жок,
Кайрылып барсам апам жок.
Күмүштөй таштын алдында,
Күмүшүм жатат бирикпей.
Күн тийбес жердин алдында,
Күйөөрүм, апам жатат зерикпей.

Арманым такыр арылбайт,
Ушуларды айтпасам,
кусам такыр басылбайт.
Сайсам бир ийнем кыл болот,
Базарым апам өткөн соң.
Сагынсам апам ким болот,
Тиксем бир ийнем кыл болот.
Мазарым апам өткөн соң,
Тиктесем апам ким болот.

Күмүштөн сандык эгелбейт,
Эгелсе дагы кебелбейт.
Апамын көзү өткөн соң,
Эзилип мага ким күйөт?

17 Кажаары – түр салынган сокмо таар

Кастарлап уул үйлөгөн,
Катуу бир айтпай жакшы айтып,
Келинге жакшы сүйлөгөн.
Улуулардан дуба алган,
Кичүүлөрдөн сый алган.
Айлансам апам мазарым,
Карыядан дуба алган.
Кайненеден сый алган.

Алтындан сөйкөм бар эле,
Айлансам апам базарым.
Айтканымча бар эле,
Көзүмдө турат дагы эле.
Мазарым апам мейманым,
Күйгөнүмчө бар эле.

Жазгы бир келген жаанга,
Жашыл бир манат кийгеним.
Жазындасы мен келсем,
Жарыгы айдай тийгеним.
Күзгү бир келген жаанга,
Күлгүн бир манат кийгеним.
Күзүндөсү мен келсем,
Күлпөтү айдай тийгеним.
Айлансам апам мазарым,
Мага бир өтөр азарың.

Ак шайы кийип дууладым,
Апамдын көзү өттү деп.
Арманым айтып ыйладым,
Көк шайы кийип дууладым.
Көрүнбөй апам кетти, деп,
Көгөрүп жатып ыйладым.

Сай боюнда сары гүл,
Чекеме сайсам дечү элем.
Сарала кымкап тон болсо,



Эшигиң алды нашатур[64],
Эшендер менен кошо тур.
Үйүңүн үстү нашатур,
Манабым, үрлөр менен кошо тур.
Баргының менен майлуу бол,
Пайгамбар менен айлуу бол.



*Курбанбаева Зиягүл*
*Куршаб айылы, 1976-жылы туулган, жору*

## КЫЗ УЗАТУУ КОШОГУ

Эртең менен бир ойгонгун,
Эңсеп койгун алган энеңди.
Дааратына суу койгун,
Саары менен ойгонгун.
Санап кой алган атаңды,
Дааратына да суу койгун.

Алтындан бешик өңөргүн,
Алганың менен көгөргүн.
Күмүштөн бешик оо өңөргүн.
Көргөнүң менен көгөргүн.

Айланайын жан балам,
Артыңдан камчы, да, салдырба.
Атаңа наалат, эй, алдырба,

64 Нашатур – жыттуу деген мааниде

Эңилтип камчы салдырба.
Энеңе наалат, эй, алдырба.

Айланайын, жан балам,
Көлгө бир түшкөн өрдөктүн.
Көркү болдуң, жан балам,
Көркөмсүнгөн жигиттин.
Жары эле болдуң, жан балам,
Айланайын, жан балам.
Суугa эле түшкөн өрдөктүн,
Жары эле болдуң, жан балам.

Сулуусунган жигиттин,
Жары эле болдуң, жан балам.
Айланайын, жан балам,
Алтындан сөйкө такканмын.
Жар-жарлап кызды бакканмын,
Күмүштөн сөйкө такканмын.
Үлпаттап[65] кызды бакканмын.

Алтындан сөйкө тагып ал,
Оо, кудага сөз айтам.
Жар-жарлап кызды багып ал,
Күмүштөн сөйкө тагынган.
Оо, кудага сөз айтам,
Кызыңдай кылып багып ал.

Арка эле чачы коомайдай,
Кыз баласы курусун.
Айдап бир саткан соомайдай,
Желке эле чачы коомайдай.
Кыз баласы курусун,
Жетелеп тапкан соомайдай.

Айланайын, жан балам,

65 Үлпаттап – аздектеп

Кыз алышып, кыз берген,
Байыртан калган наркта бар.
Жашыл алма бакта бар,
Жашыл түлкү шакта бар.
Жаш алышып, жаш берген,
Илгертен калган наркта бар.

Кутуну кийген боюнар,
Кутту го болсун тоюңар.
Башайы кийген боюңар,
Береке болсун тоюңар.

Аттанып үйдөн чыккыла,
Айдын аа нуру чачылсын.
Айдай бир багың ачылсын,
Күймөнүп үйдөн чыккыла.
Күндүн нуру чачылсын,
Күзгүдөй багың ачылсын.

Эркек козу аа көтөрүп,
Кой аралап жүргүлө.
Эркектен бала ээрчитип,
Той аралап жүргүлө.
Барабар экен боюңар,
Өмүр бою, бирге эле болсун оюңар.
Чоң атаң конгон чоң конуш,
Чоң конушта конуп ал.
Айланайын жан балам,
Сен, чоюлган жубай болуп ал.

Тизесин жерге таябай,
Тилласин[62] келининен аябай.
Март экен сенин кайын атаң.
Жамбашын жерге таябай,
Жамбысын келининен аябай,
Жакшы экен сенин кайын атаң.

Келин алган оой кудагый,
Жаныма келип туруп тур.
Менин айтканымы угуп тур,
Сенин алган келиниң,
Алты өрүктүн даанасы.
Атактуу жердин, оой, баласы.

Жети өрүктүн даанасы,
Жеткилең жердин баласы.
Жакшылыгын ашыргын,
Болоор-болбос сөз болсо.
Жамандыгын жашыргын,

Ак оромол көрүнсө.
Апам, аа, келет дебей жүр,
Апаң барса аста чык.
Жан балам, кайын энеңен сурап чык,
Ак калпакчан көрүнсө.
Атам келет, дебей жүр,
Атаң барса аста чык,
Жан балам, кайын атаңдан сурап чык.

### КҮЙӨӨГӨ КОШУЛУУЧУ КОШОК

Кеселиңи мен багып,
Түндү түнгө уладым.
Тилегенге тиледим,
Тилесем тилек бербеди.
Теңирим тилегенге койбоду,
Кызы кырылдай чогулган.
Кыз он беште кошулган.

Шекерден болсун татканың,
Манабым, бейиш болсун жатканың.
Ак көйнөгүң сурп[63] болсун,
Жаңы эле бейиш кут болсун.

62 Тилла – алтын

63 Сурп – (ир.) бөз, ак кездеме.



Сен кийчи кызым дечү эле.
Айлансам апам жалгызым.

Балтыркандуу бал кымыз,
Балдай ширин сөзүңдү.
Тегизим апам өткөн соң,
Эми кимден угамын.
Сүттүркөндүү сүт кымыз,
Сүттөй ширин сөзүңдү.
Жалгызым апам өткөн соң,
Эми кимден угамын.

Кырга бир желе байлаган,
Кырдан келген кишини.
Кымыз ич деп чакырган,
Сайга бир желе байлаган.
Сайдан келген кишини,
Саамал ич деп чакырган.

Эңкейиштен суу алган,
Эңкейсе чачы чубалган.
Кайрлыштан суу алган,
Кайрылса чачы чубалган.
Болуп бир турган чагында,
Машина болду мингениң.
Барча эле болду кийгениң,
Өкмөт баалап эмгегин.
Депутат болуп шайланган.

Чеберим апам мен айтсам,
Оң колдору майышкан.
Ону бир жубан, ону кыз,
Мелдешип ийне сайышкан.

Кадырыма ким жетет?
Эстерим апам эми жок.
Эмшиңдеп кызың тим кетет.

## КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ



*Арапбаева Батма*
*Кара-Кочкор айыл өкмөтү, Сары-Булак айылы, 1930-жылы туулган, могол*

### КҮЙӨӨСҮ АРАПБАЕВ ТАЙЛАККА КОШКОН КОШОГУ

Саар менен чай ичкен,
Пайым элең, гүлпайым.
Саардан кечке күлдүрүп,
Түгөйүм элең, гүлпайым.
Эртең менен чай ичкен,
Пайым элең, гүлпайым.
Эртеден кечке сүйлөшкөн,
Чалым элең, гүлпайым.

Айланып учкан ылаачын[18],
Айланып жаят кулачын.
Ардактаган балдардын,
Көрбөй аа кеттиң ыраатын.
Көкөлөп учкан ылаачын,
Көккө эле жаят кулачын.
Үлпөттөгөн кыздардын,
Көрбөй да кеттиң ыраатын.

18 Ылаачын – куш

Ак койлор үйө жайылган,
Ала эле тоонун боорунда.
Астейдил ырдап берейин,
Мына бул ак эненин доорунда.
Көк эле койлор үйө жайылган,
Көк тоонун бийик боорунда.
Көңүлдүү ырдап берейин,
Көпчүлүктүн доорунда.

Ак эле тоонун боорунан,
Ак куурай терип бергенмин.
Алдастап ооруп калганда,
Айран, кымыз көтөрүп.
Кымызымды бергенмин,
Белеске оромол[19] байладым.
Бегзатым, аа, келет деп,
Белбеттен түшүп шайладым.

Кыраанга оромол байладым,
Кыздарым келип калат деп.
Кымыз, чайың жайнатып,
Ак коюн союп жайнатып.
Алыстан төрөм келгенде,
Ак шайы төшөк салдырып.
Коюңду союп бергенмин.

## ИНИСИНЕ КОШКОН КОШОГУ

Жай жайлоодон келгенде,
Жайкала басып чыкчу элең.
Жаным эжем келди деп,
Жакшылык сөзүң укчу элем.

Күз кыштоодон келгенде,
Кылчая басып чыкчу элең.
Кымбатым эжем келди деп,
Кызыктуу сөзүң укчу элем.

Жайкалып жаткан көк шибер,
Жайкалып жатса ким конбойт.
Жарыгы элең бир үйдүн,
Сен жатып го калсаң ким күйбөйт.

Көйкөлүп жаткан көк шибер,
Көйкөлүп жатса ким конбойт.
Көркөмү элең бул үйдүн,
Сен көмүлүп калсаң ким күйбөйт.

Аяктай таштын алдында,
Алтының жатат бирикпей.
Кара эле жердин, ээй, астында,
Бир борум, кандай эле жатат терикпей.

Күлүктөй таштын алдында,
Күмүшүң жатат бирикпей.
Боз топурактын алдында,
Бир боорум, кандай го жатат терикпей.

Бир тууганым барында,
Оозум го толгон күлкү эле.
Көзүм го толгон уйку эле,
Күлкүм го гүлдөй ачылат.
Уйкум го чардай чачылат.

Кайгыңды салдың башыма,
Карыганда мен байкуш.
Кайгыңды кантип көтөрөм,
Күчала салдың ашыма.
Күйүтүң салдың башыма,
Күчала, го, салсаң жөтөлөм.
Карыганда мен байкуш,
Сенин күйүтүң кантип көтөрөм.

19 Оромол – (ир.) бетаарчы, суу жоолук, жолук



Күйүшөт элең эл үчүн.
Күмүштөн камар курчансаң,
Бели майышкан, жан бөлөм.
Күмүштөн жигит өттү деп,
Эл майышкан, жан бөлөм.

Алтындан камар курчансаң,
Бел майышкан, жан бөлөм.
Асыл эле жигит кетти деп,
Аттиң, эл кайышкан, жан бөлөм.

Турумтай учат суу бойлоп,
Ай эми, тууганың ыйлайт бой-бойлоп.
Карчыга учат суу бойлоп,
Калганың ыйлайт бой-бойлоп.

Бейиштин беш дарбаза кулпу бар,
Беш манжаң тийбей ачылсын.
Эл үчүн жүргөн жан бөлөм,
Бетиңе бейиштин нуру чачылсын.
Турумтай учат суу бойлоп,
Кара бир тоонун боорунан.
Карчыга учат бой салып,
Керемет жаның өтүптүр.
Бара албайбыз жол салып,
Эми, ала албайбыз кол салып.

Бозоргон тоонун боорунан,
Боз чымчык учат бой салып.
Аттиң ай, жаның кетиптир,
Ала албайбыз кол салып.
Бара албайбыз жол салып.

## АТАСЫНА КОШКОН КОШОГУ

Жайкалтып жашыл кийгиздиң,
Жан атам, жаштайымда күйгүздү.
Көйкөлтүп көктү кийгизди,
Көктөйүмдө күйгүздү.
Аргымак минсе отуз кол,
Бай атам, ар жакшыга баш кошкон.
Тобурчак минсе отуз кол,
Бай атам, топ жакшыга баш кошкон.

Алтындан сөйкөм бар эле,
Аягы толо зар эле.
Айлансам атам, көргөнүм,
Айтканымча бар эле.
Күмүштөн сөйкөм бар эле,
Күбөгү толо зар эле.
Айлансам атам, дөөлөтүм,
Күйгөнүмчө бар эле.
Желкеме салган дүрүйөм[61],
Айлансам атам, көргөнүм.
Аркама салган дүрүйөм,
Бай атам, алты бир шаар, аа, дүнүйам.



*Керкибашева Суусар*
*Чангет айыл өкмөтү, Өстүрүү айылы, 1941-жылы туулган, кыпчак*

## КЫЗ УЗАТУУ КОШОГУ

Кызыл алма бакта бар,
Кызыл түлкү шакта бар.

61 Дүрүйө – (ир.) эки бети тең бирдей жибек кездемеден жасалган жоолук

Энемжанды бир кудай,
Сактаса экен, дейт элем.

Кокондон келген бир буудай,
Кокуй оой буудай, дейт элем.
Энемжанды бар кудай,
Көрбөсө экен, дейт элем.

Аш куйган чараң бүт толгон,
Аларга балың жык болгон.
Сүт куйган чараң бүт толгон,
Сүзөргө балың жык болгон.



*Жолдошова Урматкан*
*Чангет айыл өкмөтү, Өстүрүү айылы 1974-жылы туулган, кыпчак*

## ИНИСИНЕ КОШКОН КОШОГУ

Кара манат токумуң,
Калкыңа кеткен шоокумуң.
Теңирим берген дөөлатти,
Тепкилеп жесе кетпеген.
Кудайым берген дөөлатти,
Кубалап жесе кетпеген.

Куулага карай эшигин,
Көрүп өткөн жан иним.
Кыйлага болот кешигиң,
Панжаралуу[59] эшигиң.
Сүрүп өткөн жан иним,
Парчага болсун кешигиң.

Агини көрөөр убакта,
Ак жолборстой суладың.
Ак шумкар болуп куладың,
Көк жолборстой суладың.
Көк шумкар болуп куладың.



*Камчыбекова Авазкан*
*Чангет айыл өкмөтү, Өстүрүү айылы, 1949-жылы туулган, кыпчак*

## КАДЫРБЕК БӨЛӨСҮНӨ КОШКОН КОШОГУ

Белеске карап бастырсаң,
Ак бээлердин көзү тийгендей.
Бегана адам сүйгөндөй,
Капталга карап бастырсаң.
Калдардын көзү тийгендей,
Каймана адам күйгөндөй.

Адеми[60] эле жең учуң,
Айтышат элең эл үчүн.
Күмүштөн эле жең учуң,

59 Панжаралуу эшик – жасалгаланган эшик деген мааниде
60 Адеми – кооз, сулуу



## КАЙНЕНЕСИНЕ КОШКОН КОШОГУ

Кара элечек таптаган,
Байбиче энем болгонун.
Карагайдай шактаган,
Торко элечек[20] таптаган.
Байбиче энем болгонун,
Долонодой шактаган.

Кара манат эндеген,
Калкымда жубан мен деген.
Кызыл го манат эндеген,
Байбиче энем болгонун,
Кылымда жубан мен деген.

Кыдырша менен кыпчактан,
Кыз эле туулат сиздейден.
Кыз эле туулса сиздейден,
Насип го болбойт биздейден.

Кара багыш, каңдынын,
Катыны туубайт сиздейден.
Катыны го тууса сиздейден,
Насип го болбойт биздейден.

Белеске кулунун байлаган,
Деги айымым келет деп.
Белбеттен түшүп шайлаган,
Сур жорго кулун байлаган.
Сулпайымым келет деп,
Суупари[21] төшөк каптаткан.
Кан айымым келет деп,
Кап каптап төшөк каптаган.

20 Торко элечек – (ир.) кыргыз аялдарынын оронмо баш кийиминин түрү
21 Суупери – кездеменин түрү

Чыңыртып кулунун байлаган,
Чынарым келет экен деп.
Чийбаркут[22] төшөк камдаган,
Ойурмадан суу алган.
Олоңдуу чачың чубалган,
Ойрон бир жаның барында,
Он эки жубанга тең келген.



*Арапбаева Чынара*
*Кара-Кочкор айыл өкмөтү, Сары-Булак айылы, 1977-жылы туулган, могол*

## КЫЗ УЗАТУУ КОШОГУ

Кызыке, кутту болсун тоюңуз,
Ак жибек кийген боюңуз.
Таттуу эле болсун тоюңуз,
Толкунга албай тор атты.
Минип кой алган кудагый,
Тоюн го дебей кыз бердик.
Билип кой алган кудагый.

Кат чыбыт албай тор атты,
Минип кой алган кудагый.
Калың го дебей кыз бердик,
Билип кой, алган кудагый.
Аёо турат мунарып,

22 Чийбаркут – кездеменин түрү

Айнегиң турат тунарып.
Алганың жакшы болсо экен,
Кагылайын, жан балам.
Алдынан чыкчы буралып.

Гүнөө турат тунарып,
Гүлгүн го турат мунарып.
Күйөөң бир жакшы жигит го,
Кагылайын, жан кызым,
Күлүп го чыккын буралып.



*Айтназарова Гүлнар*
*Кара-Кочкор айыл өкмөтү,*
*Кара-Кочкор айылы, 1965-жылы*
*туулган, могол*

### АПАСЫНА КОШКОН КОШОК

Бозоргон туман болбой кал,
Боздоткон өлүм оңбой кал.
Карайган туман болбой кал,
Какшаткан өлүм оңбой кал.

Сыдырдым талдын баркинан[23],
Сыздадым өлүм дартинан.
Айрыдым талдын баркинан,
Какшадым өлүм дартинан.

Алтындан кооз сөйкөң бар эле,
Аягы толгон зар эле.
Айлансам апам тоодойум
Айтканымча бар эле.

Күмүштөн сөйкөң бар эле,
Аягы толгон зар эле.
Айлансам апам тегизим,
Күйгөнүмчө бар эле.

Ак зоодон түшкөн дарыям,
Айлансам апам карыям.
Көк зоодон түшкөн дарыям,
Көркөмүм апам карыям.

Илип бир сайсам ийнем жок,
Илинип барсам апам жок.
Кайрып бир койсом кайчым жок,
Кайрылып барсам апам жок.

Баскан-турган жерлери,
Базарлуу шаар көрүнөт.
Базарлуу шаар өзүңө,
Бир көрүнчү көзүмө.
Көрүнбөсөң көзүмө,
Таарынып калам өзүңө.
Айлансам апам булбулум.

Аргымак минип аттансам,
Ай оозунан каттасам.
Алтыным апам жолукса,
Арызым айтып даттансам.

Күлүктү минип аттансам,
Күн оозунан каттасам.
Чеченим апам жолукса,
Күйүтүм айтып даттансам.

23 Барк – жалбырак деген мааниде



Ай кыядан тоголду,
Арманым менин көп болду.
Күн кыядан тоголду,
Күйүтүм менин муз болду.

Ону болот жалбыздын,
Ою болот жалгыздын.
Ойлогон оюн айта албай,
Ойлонуп калды жалгызың.

Бүрү болот жалбыздын,
Күйүтү күчтүү жалгыздын.
Күйүтүн ачык айта албай,
Күйүттө калды жалгызың.

Кыздардын алган чайларын,
Карабай кеттиң, энемжан.
Кырмызы көйнөк сарпайды[56],
Кийбей кеттиң, энемжан.

Агарган тоонун арасы,
Армандуу элдин кашаасы[57].
Көгөргөн тоонун арасы,
Күйүттүү элдин коогасы.

Атлас төшөк – жүк көркү,
Байбиче, энем – үй көркү.
Көк шайы төшөк – жүк көркү,
Кубатым, энем – үй көркү.

Былкылдак болсун балышың,
Байгамбар болсун таанышың.
Үлпүлдөк болсун балышың,
Үркөрлөр болсун таанышың.

Оромол кирим жуушкан,
Ойдогу сырым айтышкан.
Ак көйнөк кирим жуушкан.

Небере багып зор кылдың,
Кызматын кимге кор кылдың.
Уулду багып зор кылдың,
Убайын кимге кор кылдың.

Эшигиң алды жийде бак,
Жийдесин коюп гүлүн как.
Жетелеп баккан балдарды,
Энемжан, жакшы көрүп өзүң бак.

Эшигиңде алма бак,
Алмасын коюп гүлүн как.
Асырап баккан кызыңды,
Астына келип өзүң бак.

Алтындан кумган зар эле,
Күмүштөн кумган зар эле.
Энемжан,
Күйгөнүмчө бар эле.

Ириден алган бачайы[58],
Ийнеңиз кайдан кабылат.
Байбиче энем кеткен соң,
Ыйласам кайдан табылат.

Базардан алган бачайы,
Пахтасыз кайдан кабылат?
Байбиче энем кеткен соң,
Бакырсам кайдан табылат?

Ташкенден келген бир буудай,
Бак буудай дейт элем.

56 Сарпай – сарпайы (ир.) кийит, сыйлуу адамга кийгизилген кийим
57 Кашаа – коргон
58 Бачайы – (өзб.) түш. диал. жибек кездеменин бир түрү.

Жаш алган өмүр шеригим.
Кара бир токой ичинен,
Бара албаймын жол салып.
Кара бир жердин алдынан,
Ала албаймын кол салып.
Бозоргон токой ичинен,
Бара албаймын жол салып.
Боз топурак алдынан,
Эми, ала албаймын кол салып.

Жайлоонун башы жашыл гүл,
Манабым, жашыл гүлгө жайлап кел.
Жашыл гүл жайлоо дебесе,
Жаш балдар калды кайтып кел.
Кыштоонун башы кызыл гүл,
Кызыл гүлгө кыштап кел.
Кызыл гүл кыштоо бербесе,
Манабым, кыз балдар калды,
кайтып кел.

Кара бир тоонун ичинен,
Карлыгач болуп үн салсам.
Какшыган бороон ушу деп,
Кайрылаар бекен, жаш мырзам.
Бозоргон тоонун боорунан,
Бозоруп ыйлап үн салсам.
Боздогон жарым добушу, деп,
Кайрылаар бекен, жаш мырзам.

## АГАСЫНА АЙТКАН КОШОГУ

Күңгөйдөгү күкүгүм,
Күмүш бир баккан түркүгүм.
Түркүгүм түптөн таярбы,
Күкүгүм тилден калаарбы
Айлансам акем бир боорум,
Атамдын ордун басканым.
Уулдарды багып өстүрүп,
Урматын эми көрөөрдө.
Келинди алып сүйүнүп,
Кызматын эми көрөөрдө.
Ойрон бир болдуң, бир боорум,
Айбандын[55] оозун ачаарым.
Алып бир көргө коёрум,
Көрүмдүн оозун ачаарым.
Көтөрүп жайга коёрум,
Айлансам акем, бир бооорум.



*Джолдошева Арзи*
*Салам-Алик айыл өкмөтү,*
*1940-жылы туулган, өзбек*

## ЭНЕГЕ КОШУЛГАН КОШОК

Кымыздыктуу кең колот,
Кыялай басып эл конот.
Кадырман энең кеткен соң,
Кыялындай ким болот?

Балтыркандуу кең колот,
Басып барып эл конот.
Байбиче энем кеткен соң,
Баягыдай ким болот?

55 Айбан – айван (ир.) сере, серече. Мүрзөнүн оозу деген мааниде.



Алтынды жерге чаппайбы?
Айлансам апам чеченим.
Алтындай көзүң өткөн сон,
Ааламдан издеп таппайбыз.
Күмүштү жерге чаппайбы?
Айлансам апам чеченим.
Күмүштөй жаның өткөн соң,
Күсөгөн менен таппайбыз.
Айлансам апам чеченим.



*Айтназарова Нуркыз*
*Кара-Кочкор айыл өкмөтү,*
*Кара-Кочкор айылы, 1956-жылы*
*туулган, могол*

## АТАСЫНА КОШОК

Озондон түшкөн тамчы элең,
Айланайын бай атам.
Артыңда калган балдарга,
Зоболоң бийик аска элең.

Бириң кайың, бириң тал,
Бириңди айтсам, бириң бар.
Бириң шекер, бириң бал,
Бириңди айтсам, бириң бар.

Өлүмдүн менде өчү бар,
Өксүмөкө касы бар.
Кеткендин менде кеги бар,
Кемсинтмеке касы бар.



*Базарова Анархан*
*Кара-Кочкор айыл өкмөтү,*
*Сары-Булак айылы, 1962-жылы*
*туулган, мөнөк*

## КЫЗ УЗАТУУДА ЖЕҢЕСИНИН АЙТКАН КАКШЫК КОШОГУ
(кайненеси Батма энеден уккан)

Сагынганда бербеген,
Сары майың ала кет.
Сандыгыңа сала кет,
Кубарганда бербеген.
Курут майың ала кет,
Куржунуңа сала кет.

Соку сенин соо турун,
Сок билек сенин кыялын.
Көлчөгүңө сала кет,
Усталар соккон ийнелер.
Чөнтөгүңө сала кет,
Урушуп кумар жазарга.
Мен байкушту, кызыкем,
Учкаштырып ала кет.

Ашкананын оозу бош калды,
Ашкананын оозунда,
Эки муучтай таш калды.

Катарлап жүктү жыйганбыз,
Калкыңа келген мейманбыз.
Калкыңа келген мейманды,
Каадаңыз болсо сыйлаңыз.
Эгиздеп жүктү жыйганбыз,
Элиңе келген мейманбыз.
Элиңе келген мейманды,
Оо кудагый, билип ал,
Эсиңиз болсо сыйлап ал.



*Беделова Жидегул*
*Кара-Кочкор айыл өкмөтү, Сары-Булак айылы, 1977-жылы туулган, могол*

## АТАГА КОШУЛГАН КОШОК

Долононун чоңунда,
Жайнайт бир белең, атамжан.
Көп жыйындын ичинде,
Сайрайт бир элең, атамжан.

Табылгынын чоңунда,
Жайнайт бир белең, атамжан.
Топ жыйындын ичинде,
Сайрайт бир элең, атамжан.
Атанган өлүм бейдаба.
Күмүштөн комуз чаптырып,
Күүлөп бир коюп өлбөдүң.
Аркаңда калган кенжеңдин,
Сыйын бир көрүп өлбөдүң.
Айланайын, оой, атамжан.

Боздоп бир атамды жоктоймун,
Күндө бир көрүп турчу элем,
Күйүтүм айта келчү элем.
Айлансам атам дөөлатим[24],
Дөөлатим эмес сөөлатим.
Көк чайын демдеп ичирген,
Кыздарың келди чай демдеп.
Айлансам атам көргөнүм,
Көрүп оо доорду сүргөнүм.



*Жумаева Кайринса*
*Кара-Кулжа району, Кара-Кочкор айыл өкмөтү, Кара-Кочкор айылы, 1955-жылы туулган, могол*

## КҮЙӨӨСҮНӨ КОШОК

Көзүмөн аккан жаш экен,
Карала калды берешен.
Ой, бир пайымын[25] өзү экен,

24 Дөөлат – дөөлөт
25 Пайым – түгөйүм



Кымбатым апам, үй көркү.
Кымбатым апам, өткөн соң,
Көк кыжым көрпө жүктө жок,
Кымбатым апам, үйдө жок.

Айлансам апам, муңдашым,
Апамжан, дасторконуң чыт болгон,
Үйүңө мейман жык толгон.
Дөөлөткө бели кызарган,
Перзентке колу узарган,
Айлансам, апам муңдашым.

Айрылыштан суу алган,
Айлансам, апам базарым,
Ак жубан элең чубалган.
Көпүрөдөн суу алган,
Айлансам, апам базарым,
Көйкөлгөн элең чубалган.

Кызылдан манат ойдурган,
Айлансам, апам базарым,
Кызынын үйүн толтурган.
Карадан манат ойдурган,
Айлансам, апам майиним,
Уулдун үйүн толтурган.
Топ алдыда бир жүрсөң,
Топ аялдын көркү элең.
Үйүбүздүн көркү сен болсоң,
Үйүбүздүн наркы элең.

## КЫЗЫНА КОШКОН КОШОГУ

Өйдө бассам өбөгүм,
Өбөгүмдөн айрылдым.
Жогору бассам жөлөгүм,
Жөлөгүмөн айрылдым.
Аргымак атың бар беле,
Ашыгынан шал беле.
Атаганат, ой, жан балам,
Балдарың таштап эй кетти, дейт,
Шашылыш ишиң бар беле.
Күлүк го, атың бар беле,
Көбөгүнөн шал беле.
Атаганат, жан балам,
Күйөөңдү го, таштап кеткидей,
Шашылыш ишиң бар беле.



*Джаныбекова Светлана*
*Жазы айыл өкмөтү, Кызыл-Дыйкан айылы, 1954-жылы туулган, саруу*

## КҮЙӨӨСҮНӨ КОШКОН КОШОГУ

Кызыл бир манат бойлошум,
Кыз алган жолдошум.
Жолдоштука жарабай,
Жолдо бир калды бул башың.
Кара бир манат бойлошум,
Кадырым билер жолдошум.
Жолдоштука жарабай,
Жолдо бир калды бул башың.

Кызыл бир ала өрүгүм,
Кыз алган өмүр шеригим.
Кара бир ала өрүгүм,

Кокус анча мынча сөз уксаң,
Төркүнгө такыр качпагын.

### ЧОҢ ЭНЕСИНЕ КОШКОН КОШОГУ

Сылап-сылап жүк жыйсам,
Бир бурчу талдай көрүнөт.
Теңтуштардын ичинен,
Өзүң кемип тургандай көрүнөт.

Шайыдан көйнөк кийгизген,
Шайыр кылып өстүргөн.
Шайыдан көйнөк жыртылды,
Шайырым менин бир өчтү.
Ак мончок тагып мойнума,
Алдына алып ойноткон.
Байбиче энем базарым,
Сапарың кетти алыска.

Каптаганда кан жорум,
Кармаганда оң колум.
Күзгү бир койдой чубактап,
Күз келээр элем убактап.
Жазгы бир койдой чубактап,
Жаз келээр элем убактап.
Байбиче энем, базарым,
Эми өттү азабың.

### ТАЕНЕСИНЕ КОШКОН КОШОГУ

Бөдөнө мааси[54] тушаган,
Бийлерди кулдай жумшаган.
Оң колуңдун мууну жок,
Байбиче энем, таенем.
Он жашар калган уулуң жок.
Сол колуңдун мууну жок,
Бойго жеткен сенин уулуң жок.
Аркардын гөшүн ашаган,
Алтымыш ашып жашаган.
Байбиче энем, таенем,
Серкенин гөшүн ашаган.
Сексенден аша жашаган,
Топоздун гөшүн ашаган.
Жетимиш ашып жашаган,
Байбиче энем, базарым.
Токсондон ашып жашаган.



*Апитаева Анархан*
*Жазы айыл өкмөтү, Кызыл-Дыйкан айылы, 1949-жылы туулган, саяк*

### АПАСЫНА КОШКОН КОШОГУ

Тескейдеги бадамдын,
Гүлү бир түштү ашыма.
Элеси өткөн адамдын,
Күйүтү түштү башыма.
Адырда өскөн бадамдын,
Гүлү бир түштү ашыма.
Апасы өткөн адамдын,
Кайгысы түштү башыма.

Көк кыжым көрпө, жүк көркү,

54 Мааси – масы – (ир.) кончтуу, такасыз, жумшак бут кийими



Карчыга учат тор чалып.
Кара бир жердин алдында,
Ой, бир пайым калды бой алып.
Какшанып ыйлап мен байкуш,
Ала албадым кол салып.

Турумтай учат тор чалып,
Орто бой аттын алдында.
Оой, бир пайым калды бой салып,
Боздоп бир ыйлап мен байкуш,
Ала албадым кол салып.

Турумтайдын качканы,
Тула бир элес ашканы.
Бир пайым өткөн соң,
Мен шорлуунун арманы.

Карчыганын качканы,
Кара бир белес ашканы.
Бир пайым го көзүң өткөн соң,
Ой, менин колумун го кайтканы.

Бир пайымын барында,
Узуну го эле чачымдын.
Урматы эле башымдын,
Бир пайым көзү өткөн соң.
Узуну кетет чачымдын,
Урматы кетет башымдын.

Алтындан эле бармагың,
Эми алыста калды арманың.
Күмүштөн эле бармагың,
Бир пайым көзүң өткөн соң.
Гүл челек калды ырбалып.

Бейитиңе барганда,
Бейиштин жыты жыттанса.
Бейиште болгон киши деп,
Сага бейиттегилер суктансын.

Жайыңа жакын барганда,
Жаннаттын жыты жыттансын.
Жаннаты болгон киши деп,
Ой, бир пайым, жайдагылар суктансын.

Көп ыйласа күнөө дейт,
Күнөөлүү го болбой ким болсун.
Көзүмөн аккан жаштарым,
Бир пайымын нуру болсун.

Эгиз бир болсун жайларың,
Эсен бир болсун балдарың.
Салкын бир болсун жайларың,
Саламат го болсун балдарың.



*Раимбердиева Жумагүл*
*Кара-кулжа айылы, 1948-жылы туулган, кара баргы*

### КҮЙӨӨСҮНӨ КОШКОН КОШОГУ

Кайран бир жигит кетти деп,
Кайышып калды тууган дос.
Кайрылбаска кеттиң түбөлүк,
Каалаган курбум кайыр кош.

Айнектей бетим тунарып,
Ак гүлүң өчүп кубарып.
Алганың калды аттиң деп,
Арманын айтып муңайып.

Кашкардан тулпар жол жүрсө,
Кайран жигит майышкан.
Кайран бир жигит өлдү деп,
Кайын журту кайышкан.

Турпандан тулпар жол жүрсө,
Туяктары майышкан.
Туйгун бир жигит өлдү деп,
Түбөлүк жайга кеттиң деп,
Туугандары кайышкан.
Кайран гоо жигит өлдү деп,
Кайышып калды тууган дос.
Кайтпаска кеттиң түбөлүк,
Кайран го пайым кайыр кош.

Босоголуу боз үйдү,
Боз чалдыбар дедиңби?
Бозоруп жаткан кара жер,
Кең сарай үйүм дедиңби?

Жети күн жааган жамгырдан,
Желеси бийик жер көчкөн.
Ажал бир жетип күн бүтсө,
Пайым гана сиз эмес.
Өкүмдарлар дагы өткөн.

Каттуу бир соккон шамалдан,
Каалгалуу үй көчкөн.
Каалаган жарым, сиз эмес,
Ажал бир жетип күн бүтсө.
Пайгамбарлар дагы өткөн.



***Раимжанова Өктөм***
*Кара-Кочкор айыл өкмөтү,*
*Кара-Кочкор айылы, 1937-жылы*
*туулган, могол*

## БАЛАГА АЙТЫЛГАН КОШОК

Бозоргон токой жер мында,
Боорумду кушчу эл мында.
Бектер келер бел ашып,
Белине белбоо жарашып.

Бек уулундай жаш ботом,
Жалгандан кеткен адашып.
Кандар келер кармашып,
Калайлуу жүгөн жарашып.

Кан уулундай жаш ботом,
Жалгандан кеттиң адашып.
Алтындан сөйкө сырга сал,
Азаптуу апам үнү деп,
Баш көтөрүп кулак сал.



## АМАНОВ АБДИКЕРИМ КАЙЫН АТАСЫНА КОШКОН КОШОГУ

Ак зоонун башы майдан, дейт,
Атыңды уккан кайран, дейт.
Көк зоонун башы майдан, дейт,
Бай ата, көзүңдү көргөн кайран, дейт.

Ручкаңын учу сыядан,
Урматың сенин кыйладан.
Калемиң учу сыядан,
Кадырың сенин кыйладан.

Кызылды кийип дуулаган,
Бай атам,
кызматкер жумшап жыргаган.
Жашылды кийип дуулаган,
Бай атам, жалчы жумшап жыргаган.

Башкача элең тууганга,
Өзгөчө элең уулуңа.
Тууганын туудай көтөргөн,
Душманына уу болгон.
Тууганын туудай көтөргөн,
Душманын койдой бөктөргөн.
Кайрылып келбейт, бай атам ай,
Аттиң ай, бейиште жүргүн, жан атам.

Чепкенин койгон булака,
Чечинип кирген улака.
Телпегин койгон булака,
Термилип кирген улака.
Бай ата, эмгегиң сенин эл баалайт,
Канча жыл болсо аты өчпөйт
Алтын ата, бейиште гана жүрүңүз.

Түндүгүнөн ай өткөн,
Түпкү атасы бай өткөн.
Айчыгынан ай өткөн,
Алты атасы бай өткөн.
Аргымак минсе арытпас,
Бай ата, адамдын көөнүн оорутпас.
Жоргону минсе жоорутпас,
Кишинин көөнүн оорутпас.
Теңтуштардын ичинен,
Бай атам, өзү көрүнбөйт.

## КАЙНИСИНИН ТОЮНДА АЙТКАН АЛКООСУ

Ак көйнөк кийген боюңар,
Ардактуу ата-эне болуңар.
Купуя кийген боюңар,
Кайын иним, куттуу болсун тоюңар.
Кайын иним, сага айтаарым,
Жолборстой үндүү бол.
Шердей сүрдүү бол,
Буудайдай бутакта.
Айрандай агар,
Арчадай көгөр.
Түбөлүк ушул аялың менен,
Ар дайым бир бол.

## КЕЛИНИНЕ АЙТКАНЫ

Кайын атаңды кандай көр,
Кайын энеңди жандай көр.
Акыл-насаат сөздөрүн,
Агарып аткан таңдай көр.
Кайын атаңды кандай көр,
Кайын инилерди чептей көр.
Кайын эже-сиңдиңди,
Бир тууганда жакшы көр
Эшикти катуу жаппагын,
Кайын энеңди какпагын.

Эшигиң алды майда тал,
Башын кыркып малга сал.
Кайын ата деген мейманга,
Балам, эшигиң ачып төшөк сал.
Артылтып камчы салдырба,
Балам, атаңа наалат алдырба.
Эңилтип камчы салдырба,
Кыз балам, энеңе наалат алдырба.



*Акымбекова Бактыгүл*
*Шоро Башат айыл өкмөтү, Төрт Көл айылы, 1974-жылы туулган, кыпчак*

## КЫЗ УЗАТУУ КОШОГУ: КУДАГЫЙГА АЙТКАНЫ

Кер жорго минген, кудагый,
Кейкеңдебей оозуң тарт.
Кейибей өскөн биздин кыз,
Кейитпестен жакшы бак.
Сур жорго минген, кудагый,
Сулуусунбай оозун тарт.
Сумсайбай өскөн биздин кыз,
Сумсайтпастан жакшы бак.

## КАЙЫН ЭНЕСИНЕ КОШКОН КОШОГУ

Ак алма берип сооротқон,
Алдына алып ойноткон.
Көк алма берип соороткон,
Балдарымы, энекебай,
Көтөрүп жүрүп чоңойткон,
Алдырбайт элең баламды.
Көтөртпөйт элең баламды,
Тербетпейт элем бешикти.
Кулптабайт элем эшикти,
Өзгөчө элең балама.
Башкача элең бир мага,
Өзгөчө эми ким болот.
Кайын эне, кайрылып келчи бир мага.

Ак көйнөк кийсе кең келген,
Байбиче апам, базарым.
Ар жакшыга тең келген,
Көк көйнөк кийсе кең келген.
Көп жакшыга тең келген,
Кайчылабай тон бычкан.
Калкымда чебер мен деген,
Кыжымдан манат эндеген,
Элимде чебер мен деген.

Өзөндүү булак тал бекен?
Өлүмдөн башка бар бекен?
Кайыңдуу булак тал бекен?
Кайыңдан жаман бар бекен?
Көп айтпайын кейишти,
Көрүп жүрчү бейишти.
Аз айтайлы кейишти,
Аралап жүрчү бейишти.





*Сагынбаева Мырзайым*
*Кара-Кулжа району, Кара-Кулжа айылы, 1956-жылы туулган, сары баргы*

## КЫЗ УЗАТУУ КОШОГУ
(Энесинин кызына айтканы)

Жагалмай шакка конуучу,
Көп ыйлаба, жан балам.
Жарагы ушундай болуучу,
Булбул шакка конуучу.
Буркураба, жан балам,
Буйрук ушундай болуучу.

Жайма бир көкүл жалаң чач,
Жарашат кыздын далиси.
Жалпы бир элге жыйылган,
Байыртан калган шааниси.

Кыйма бир көкүл кыйма чач,
Жарашат кыздын далиси.
Кыз-келини жыйылган,
Кыргыздын ушундай шааниси.

Кызыл бир куйрук нар айдап,
Жүк жүктөшөөр, жан балам.
Кызыл бир кымкап токулуу,
Бүктөшөөрүм, жан балам.

Кара бир куйрук нар айдап,
Жүк жүктөшөөрүм, жан балам.
Кара бир кымкап токумдуу,
Бүктөшөөрүм, жан балам.

Оромолу арсадар,
Көп ыйлаба, жан балам.
Ойноп бир күлүп жакшы бар.

Алтындан соккон такта бол,
Ай көрүнгүс пахта бол.
Алты баргы энеси,
Курманжандай датка бол.

Күмүштөн соккон такта бол,
Күн көрүнгүс пахта бол.
Жети баргы энеси,
Курманжандай датка бол.

Эшигиң алды майда тал,
Майдасын кыркып отко сал.
Эшикке мейман келгенде,
Жан кызым,
Эшик ачып кийиз сал.

## КАЙНЕНЕСИНИН КҮЙӨӨ БАЛАСЫНА АЙТКАНЫ

Алтын сөйкө жез баргек[26].
Кулагына жарашат,
Күйөө бир бала угуп ал.
Алтын ооз ак кеңсе,
Кийгенине жарашат.
Атагы чыккан чоң колхоз,
Бийлигине жарашат.
Ай чырайлуу айым кыз,
Сүйгөнүнө жарашат.

26 Баргек – (ир.) желбирөөчү сөйкө

Күмүш бир сөйкө ак баргек,
Кулагына жарашат.
Күйөө бир бала тыңшап ал,
Күмүш ооз ак кемсел,
Кийгенине жарашат.
Күркүрөп жаткан чоң колхоз,
Бийлигине жарашат.
Күн чырайлуу айым кыз,
Сүйгөнүнө жарашат.

### БАТА БЕРҮҮ

Жамынганың парча[27] болсун,
Жаккан отуң арча болсун.
Пайгамбар батасын берсин,
Бай дөөлати келсин.
Эшигиңдин астында,
Алтын казык орносун.
Алтындан казыгына,
Аргымак туйласын.
Уулдарың ойносун,
Маңдайың жарык болсун.
Калкыңа кадырлуу бол,
Элиңе өтүмдүү бол.
Жакшы менен жанаш,
Жамандан адаш.
Төшөгүң толо баш болсун,
Казаның толо аш болсун.
Чөнтөгүң толо зар болсун,
Кардың ток болсун.
Кайгың жок болсун,
Тууганың жакын болсун.
Душманың алыс болсун,
Жаккан отуң арча болсун.
Балдарың кабыл болсун.
ООМИЙИН!!!

27 Парча – барча кездеменин түрү

### КАЙНЕНЕСИН ЖОКТОГОНУ

Сүйүнгөндө маңдайым,
Сүйлөшкөндө таңдайым.
Айлансам, энем, мазарым,
Сүйлөшүп кумар жазарым.
Кара бир манат дуулаган,
Кагылсам, энем, майиним,
Капа болот балам деп,
Кабагым карап жумшаган.
Өксүп бир калат балам деп,
Кара бир чачым сылаган,
Мойнуң бир кооз болсун деп,
Энекем, ак берметин чубаган.

Кызыл бир манат душаган,
Кагылсам энем майиним,
Кырсыгып бир калат балам деп,
Менин кыялыма карап жумшаган.
Көңүлү өксүп калат деп,
Кыл чачымды сылаган.
Теңтуштан кооз болсун деп,
Кымбат бир бермет чубаган.

Сар кеште[28] жоолук жайнаган,
Энекем, санаалаш көөнүн кыйбаган
Саамалын[29] куюп сыйлаган,
Көк кеште жоолук жайнаган.
Энекем, көңүлдөш көөнүн кыйбаган,
Кымызын куюп сыйлаган.

Ачкычы болот санаанын,
Айлансам энекем мазарым.
Алы бир кеткен учурда,
Азабын тартты баланын.

28 Сар кеште – кооздоп маанисинде
29 Саамал – кымыз





*Абдуллаева Райкан*
*Чангет айыл өкмөтү, Өстүрүү айылы, 1975-жылы туулган, кыпчак*

### КЫЗ УЗАТУУ КОШОГУ

Барган жерде эрте тур, кызым,
Күн чыкканча жатпагын, кызым.
Үйгө кирип чыкканда, кызым,
Эшикти катуу жаппагын, кызым.
Болор-болбос сөз уксаң, кызым,
Бизге келип айтпагын, кызым.
Жаш келинге керектүү,
Сапаттарды сактагын, кызым.
Биздин эне тилегибизди,
Актагын кызым.

Астана аттап чыкпагын, кызым,
Ар кимдин сөзүн укпагын, кызым.
Босого аттап чыкпагын, кызым,
Бөтөндүн сөзүн укпагын, кызым.
Артылтып камчы салдырба, кызым,
Атаңа наалат алдырба, кызым.
Эңилтип камчы салдырба, кызым,
Энеңе наалат алдырба, кызым.
Бурулуштан суу алгын, кызым,
Бүтүн элден дуба алгын, кызым.
Кайрылыштан суу алгын, кызым,
Кайын атаңдан дуба алгын, кызым.
Эңилиштен суу алгын, кызым,
Кайын энеңден дуба алгын, кызым.



*Аккушева Бурулкан*
*Чангет айыл өкмөтү, Өстүрүү айылы, 1941-жылы туулган, кылыч тамга*

### КЫЗ УЗАТУУ КОШОГУ

Машинени чыгарган,
Маргалаңдын устасы.
Келин алып, кыз берген,
Байыркынын нускасы.
Ай көрүнгүс пахта бол,
Алтын нуска такта бол.
Анжиянды сураган,
Алымбектей датка бол.

Күн көрүнгүс пахта бол,
Күмүш, аа, жука такта бол.
Күмүштү эми сурабаң,
Балам, Курманжандай датка бол.

Алтындан бешик ыргагын,
Балам, алганың менен жыргагын.
Күмүштөн бешик ыргагын,
Балам, көргөнүң менен жыргагын.

Кыздарым ыйлап калышты,
Жатканым көркөм матрас.
Кумарды жазаар оту ушул,
Кокустан өлүп мен калсам.
Болуптур кыздар кайыр кош,
Ооруукананын ичи караңгы.
Сакайып үйгө барамбы,
Сакайып үйгө мен барбай.
Ушерде өлүп каламбы.

Уколуң берсең алайын,
Сакайып үйгө барайын.
Сакайып үйгө мен барбай,
Оорукчан болуп калбайын.

Дариңи берсең алайын,
Дарменге келип калайын.
Шыпаасын кудай берсин деп,
Дариңи ичип алайын.
Рентгендин оорусу,
Жүрөгүмө кол салды.
Кандай бир оору экен деп,
Кыздарым ыйлап калышты.

Кыз бала жакшы турбайбы,
Сакайып кетсин апам деп.
Доктурда жатып калышты,
Кудайга ыйы жеткенби.
Сакайтып алып кыздарым,
Сүйүнтүп үйгө кетишти.

Сакайып үйгө мен барсам,
Кандай бир неме экен деп.
Ойлонуп ойго батпагын,
Токсонго чыккан энемин.
Кудайга шүгүр элемин,
Он баланы чоңойткон.
Бактылуу энелерденмин.

## КҮЙӨӨСҮНӨ АЙТЫЛГАН КОШОК

Сүйөнүшүп аз гана,
Сүйлөсөм күйөөм өткөнү.
Айкалышып аз гана,
Айтсам күйөөм өткөнү.
Айда бир базар барганы,
Айтканымдай алганы.
Күндө бир базар барганы,
Көксөгөнүм алганы.

Ай тийген талаага,
Айга эле минсем жел болот.
Алганым көзү өткөн соң,
Алганымдай ким болот?
Күн тийген талаага,
Күзгө эле минсем жел болот.
Көргөнүм көзү өткөн соң,
Көргөнүмдөй ким болот?
Жолоочу көзү тийдиби?
Базардан жорго миндиби.
Базарчы жолу тийдиби?



Күлүчү болот санаанын,
Айлансам энем мазарым.
Күчү бир кеткен учурда,
Күйүтүн тартты баланын.

Каракер минип жылжытып,
Кармаша кеткен балдарың.
Алдыңан карап тургандыр,
Апакем келди кайдан деп.
Колуңдан кармап алгандыр.

Күлүктү минип жылжытып,
Күн көрбөй кеткен балдарың,
Алдыңан күлүп чыккандыр.
Апакем келип калды деп,
Жетелеп колдон алгандыр.

Кайраным көзү бар болсо,
Каздырбайт беле очокту.
Каалаганча кой союп,
Кылбайт бир беле санатты,
Кыйбайт бир беле манатты.

Ойронум көзү бар болсо,
Ойдурбайт беле очокту.
Ойдогудай кой союп,
Кылбайт бир беле санатты.
Кыйбайт бир беле манатты.

Асылым өзү бар болсо,
Ак таягы майышып.
Апакелеп өкүрүп,
Кабыргасы майышып.
Турбайт беле башында.

Ойронум көзү бар болсо,
Көк таягы майышып.
Көкүрөккө жаш төгүп,
Апакелеп отуруп.
Балдарына баш болуп,
Турбайт беле башында.

Орозо айлар, саналат,
Оо дүйнө кеткен энеке.
Менин ойронума салам айт!
Саратан айлар саналат.
Оо дүйнө кеткен энеке,
Менин кайраныма салам айт.

## КҮЙӨӨСҮН ЖОКТООСУ

Оң бөйрөгүн таянып,
Капада калсын дедиңби.
Капилет өлүм жолугуп,
Калкыма санат дедиңби.

Сол бөйрөгүн таянып,
Капада калсын дедиңби.
Кокус бир өлүм жолугуп,
Элиме санат дедиңби.
Арманда калган бейбакты[30],
Кордук бир көрсүн дедиңби.

Сурап бир күн жатпадың,
Сурап бир сөзүн укпадым.
Сурайылдай бекзаатым,
Суусун берип аяктан,
Зарыгып он күн бакпадым.

Кара бир чачым жаздырып,
Кайран бир жигит манабым.
Караны башка салдырып,
Тулпарым туйлап токтобойт.
Туугандарынын ичинен,
Турпаты сага окшобойт.

30 Бейбак – (ир.) жесир, жесир катын, тул катын

Аргымак туйлап токтобойт,
Тууганарынын ичинен.
Турпаты сага окшобойт,
Аргымак туйлап токтобойт.
Асыл бир жигит манабым,
Адамдардын ичинен.
Асти эле сага окшобойт.

Кара бир манат беш мантың,
Кайрып өйдө илдириң.
Күлпөттөнгөн балдарың,
Атасы кана дедирдиң.

Күбүрлүү сууну кечээрмин,
Күнүм бир бүтүп өлгүчө.
Мен күйүп бир жүрүп өтөөрмүн,
Аккан бир сууну кечээрмин.
Асыл бир жигит манабым,
Ажалым жетип өлгөнчө.
Сенин азабыңды тартып өлөөрмүн.

Толкуп аккан кашка суу,
Токтотуп ичпей мүрөктөн.
Толук бир жигит манабым,
Тооруду ажал жүрөктөн.

Калкып бир аккан кашка суу,
Кайкайтып аккан мүрөктөн.
Кайран бир жигит манабым,
Кармап бир кетти жүрөктөн.
Асылым көзү барында,
Шиберлүү журтту тандадым.
Жибектен нокто салдырып,
Сарала кулун байладым.
Абасы салкын экен деп,
Ажикени[31] жайладым.

Ойронум көзү барында,
Салкын бир журтту тандадым.
Көк жибек нокто салдырып,
Көк ала кулун байладым.
Абасы салкын экен деп,
Ажикени жайладым.

Ойронум көзү барында,
Салкын бир журтту тандадым.
Көк жибек нокто салдырып,
Көк ала кулун байладым.
Көркөмдүү салкын экен деп,
Ажикени жайладым.

Чыбыктап жылкы айдаган,
Чилтен бир жигит манабым.
Чын Ажике жайлаган,
Чыбыктап жылкы ким айдайт?

Чилтеним көзү өткөн сон,
Эми, Чын Ажикени ким жайлайт?
Камчылап жылкы айдаган,
Кайран бир жигит манабым.
Кан Ажыке жайлаган,
Кайраным көзү өткөн соң.
Камчылап жылкы ким айдайт?
Кан Ажыкени ким жайлайт?

Көк ала жылкы топ айдап,
Жайлоонун көркү, бекзаатым.
Көрпө жака тон кийип,
Жайлоонун көркү, бекзаатым.
Сарала жылкы топ айдап,
Жайлоонун көркү, бекзаатым.
Сарала жака тон кийип,
Жайлоонун көркү, бекзаатым.

31 Ажике – жайлоонун аты



Айлансам апам, дөөлатим,
Айнеке чыгып карасам.
Ал зоонун башы көрүнбөйт,
Апам деп ыйлап жүрөмүн.
Апам го мага көрүнбөйт,
Терезеден карасам.
Теректин башы көрүнбөйт,
Ботодой боздоп жүрөмүн.
Апам го мага көрүнбөйт,
Күлүктү минип чапчу эле.
Айлансам апам, дөөлатим.

## ТИРҮҮ КЕЗИНДЕ КЫЗДАРЫНА ҮЙРӨТКӨН КОШОГУ
(өзүнө өзү айткан кошок)

Эгиздеп жүктү жыйчу эле,
Айлансам апам чеберим.
Ажалым жетип мен өлсөм,
Ушинтип ыйлап жүрчү деп.
Эстелик кылып берди эле,
Катарлап жүктү жыйды эле.
Айлансам апам чеченим,
Ажалым жетип мен өлсөм.
Кастарлап айтып жүрсүн деп,
Кагазга жазып берди эле.

Аргымак минип чапчы эле,
Артистерди күлдүрүп.
Айыбын дароо жапчу эле,
Айлансам апам чеченим.
Аргымак атты ким минет?
Алтындай жаның өткөн соң.
Артистерди күлдүрүп,
Айыл атап ким жазат?

Күлүктү минип чапчу эле,
Куудулдардай күлдүрүп.
Күнөөсүн дароо жапчу эле,
Күлүк атты ким минет?
Күмүштөй жаның өткөн соң,
Куудулдарды күлдүрүп.
Күнөөсүн таап ким жазат?
Айлансам апам, дөөлатим.

Көзү бир жакшы көрчү эле,
Тамганы таанып билчү эле.
Артисттерди күлдүрүп,
Тамашалап күлчү эле.
Айлансам апам, булбулум.

Үйүң бир толо гүл эле,
Гүлдү эле бир жакшы көрчү эле.
Теңтуштарынын ичинен,
Тамашалап күлдүрүп.
Гүлдөй бир күлүп жүрчү эле,
Гүлүң бир калды үйүңдө.
Гүлдү эле бир жакшы көрчү элең,
Барган бир жерди жайнатып.
Күлкүң бир менен жүрчү элең,
Айлансам апам, чеченим.

Күлкүңдү таппай биз күйдүк,
Алтындан түймөм[53] зер эле.
Айлансам апам, булбулум,
Айтканымча бар эле.
Күмүштөн түймөм зер эле,
Айлансам апам, чеченим.
Күйгөнүмчө бар эле.

Ооруган жерим билбеди,
Кандай бир оору экен, деп.

53 Түймө – топчу

Кызылдан манат бөктөрдүм,
Ошентип жүрө берет, деп.
Жаман ойду ойлобой,
Кымбатын билбей өткөрдүм.
Кара бир манат бөктөрдүм,
Жаман ойду ойлобой,
Кара бир манат эндеген.
Айлансам апам чеберим,
Досторунун ичинен.
Акыны болом мен деген.

Кызылдан манат эндеген,
Айлансам апам, туйгунум.
Теңтуштарынын ичинен,
Ырчысы болом мен деген.

Айлансам апам дөөлатим,
Алтынды зергер бурабы,
Алтындай өмүр өткөн соң
Арманын айтып турабы.

Алты бир кабат агданам[51],
Алты бир бөлүп тагынам.
Арзенде[52] багып чоңойткон,
Алтымыштан ашсам да.
Апамы кантип унутам,
Жети бир кабат агданам.
Жетиге бөлүп тагынам,
Жетелеп бизди чоңойткон.
Жетимиштен ашсам да,
Жан апам кантип унутам.

Дөөлатим, апам өткөн соң,
Апабыздай бизге ким болот?
Күн тийбеген тоолорго,
Көркөмү илсем жез болот.
Дөөлатим, апам өткөн соң,
Апабыздай ким болот?

Олтурат элек маңдайлаш,
Сүйлөшөт эле таңдайлаш.
Маңдайлаштан айрылдык,
Таңдайлаштан тайыдык.

Баламды алып сүйчү эле,
Башкача мага күйчү эле.
Баламды алып ким сүйөт?
Башкача мага ким күйөт?
Алтындай жаның өткөн соң,
Мага эми сиздей ким күйөт?
Күндөн бир күндөн күн өтүп,
Күндө бир мени сыздатат.

Карайган бир тоонун боорунан,
Карайып туман өтөбү.
Какшап го ыйлап жүрүмүн,
Какшаган добушум жетеби.
Бозоргон тоонун боорунан,
Бозоруп туман өтөбү.
Боздоп го ыйлап жүрөмүн,
Боздогон добушум жетеби.
Айлансам апам көргөнүм,
Карарып оо күн батса.
Капа эле болуп турамын,
Жааган бир кардын алдында.
Апам бир калып кетти деп,
Кайгырып ыйлап турамын.
Бозоргон бир күн жааса,
Бозоруп мында турамын.
Боз топурактын астында,
Апам бир калып кетти, деп.
Бозоруп күйүп ыйлаймын.

51 Агдана – моюнга иле турган шуру сымал буюм
52 Арзенде – асыранды



Алтын бир таман үзөңгү,
Тепкенине жарашат.
Асыл бир жигит, манабым,
Алтын бир түймө, жез топчу.
Чепкенине жарашкан.

Күмүш бир таман үзөңгү,
Тепкенине жарашкан.
Кулустан жигит, манабым,
Күмүш бир түймө, жез топчу.
Чепкенине жарашкан,
Короого түшкөн куттайым.
Кайран бир жигит, манабым,
Кожолор кийген сурптайым.

Короого чыккан чыбыктай,
Кайран бир жигит манабым.
Кожонун уулу болуштай,
Эшикке чыккан чыбыктай.
Эсил бир жигит, манабым,
Эшендин уулу болуштай,

Калайы жок күмүшүм,
Кайгыга салып бейбакты.
Кандай бир болду бул ишиң,
Бедели жок күмүшүң.
Бейпанга салып бейбакты,
Бекер аа болду бул ишиң.

## КҮЙӨӨСҮНӨ КОШКОН КОШОГУ

Карысын канга жууганым,
Капталын найдай бууганым.
Касташкан душман көрүнсө,
Кашкарды көздөй кууганым.
Бейит бир канга жууганым,
Белин бир найдай бууганым.
Беттешип келген душманды,
Бээжинди көздөй кууганым.

Карадан тандап ат минген,
Кажары салбай салт минген.
Кайраным Айти чолпонум,
Калаадан душман көрүнсө,
Кайтарылбай бат минген.

Торудан тандап ат минген,
Торгелжи салбай бат минген.
Тооруп душман көрүнсө,
Тобун бир бузбай бир жүргөн.
Алтымышта атаңа,
Күйбөй кеттиң жалгызым.
Алты бир жашар балаңы,
Сүйбөй кеттиң жалгызым.
Жетимиште атаңа,
Күйбөй кеттиң жалгызым.
Жетелеп жүрүп бир бала,
Сүйбөй кеттиң жалгызым.

Туулганы көргөнүм,
Туйгунум Айти чолпонум.
Туу көтөрүп койгонум,
Туу көтөрүп койду деп.
Туурунду заты болгонуң,
Каалгалуу коргонум.
Кайраным Айти чолпонум,
Кан көтөрүп койгонум.
Кан көтөрүп койду деп,
Канын забын болгонум,
Оң колуңда муунуң жок.
Кайраным Айти чолпонум,
Артыңда калган туугандар,
Сооротуп сүйүп бала жок.

### БАЛАСЫЗ АЯЛДЫН АРМАНЫ

Күн тоголок сабы жок,
Күндө эле сүйөөр балам жок.
Ай тоголок сабы жок,
Мен шорлуунун,
Айда эле сүйөөр балам жок.

Чырмоок гүлдө тикен жок,
Мен шорлуу көз жумсам,
Чыңырып калаар балам жок,
Гүлкайырда тикен жок,
Мен шорлуу,
Көзүм жумуп кеткенде,
Кайгырып калаар балам жок.



*Эшбаева Гүлбайра*
*Кара-Кочкор айыл өкмөтү,*
*Сары-Булак айылы, 1961-жылы*
*туулган, могол*

### БАЛАСЫНА КОШКОН КОШОГУ

Ай чыгат тоодон кылайып,
Айнегиңе тура тур тунарып.
Атакем кайда кетти деп,
Умарың турат муңайып.
Кагылайын кулунум,
Күн чыгат тоодон кылайып.
Күлкүң бир турат тунарып,
Атакем кайда кетти деп.
Балдарың турат муңайып.

Кызылын кийбей күрмөнүн[32],
Кагылайын жан балам.
Кызыгын сүрбөй дүйнөнүн,
Жашылын кийбей күрмөнүн.
Кагылайын жан балам,
Жашадың сүрбөй дүйнөнүн.

Сай боюнда муз калды,
Саамайын чайпап кыз калды.
Көл боюнда муз калды,
Кекүлүн чайпап кыз калды.
От боюнда кумгандын,
Кумгандын суусу тунгандыр.
Жаш балдар кантип жашайт деп,
Жан балам, кандай көзүн жумгандыр.

Суу боюнда кумгандын,
Кумганга го жүзүн жуугандыр.
Жаш жубайым калды деп,
Зорго эле көзүн жумгандыр.
Ойдуңга го чыккан гүл болду,
Кандай айла кылайын, жан балам.
Жубайың, отузга эле чыкпай
тул болду,
Суу боюнда гүл болду.
Кыраанга чыккан гүл болду,
Эмне айла кылайын, жаш ботом.
Жубайың, кыркка чыкпай тул болду.

32 Күрмө – (кырг. -монг. -хурем – тондун сыртынан кийме аң терисинен жасалган желетке) жүн салган кыска бешмант.



Күн сайын келип кетпейби.
Алтындан сөйкөм бар эле,
Айланайын, бай акам.
Айтканымча бар эле.
Күмүштөн сөйкөм бар эле,
Айланайын, жан акам.
Күйгөнүмчө бар эле.

Арыктан сууну бурганың,
Арыкта суу да жок калды.
Көлөкөнүн боорунан,
Конуш бир кылган бай акам.
Туугандардын ичинде,
Сүйлөйт элең бай акам.

Кичи Алай деген шаарына,
Барып бир келдик жаштайдан.
Дос душмандын ичинде,
Көз тийдиби жаштайдан?
Кадам-Жайга баргансың,
Кадыр-барктуу болгонсуң.
Ай караган дарбазаңа,
Айдап өтөт азарың.
Күн караган дарбазаңа,
Күндөп бир өтөт азарың.
Таң атканда карасаң,
Таңсулуу айтат арманын.

## ӨЗГӨН РАЙОНУ



*Абдыкадырова Сапия*
*Куршаб айылы, 1932-жылы*
*туулган, жору*

### АПАСЫНА АЙТКАН КОШОГУ

Алтыным апам жоктоюн,
Жоктобой кантип токтоюн.
Муңумду жазып алайын,
Муңайбай кантип калайын.
Капамды бир жазып алайын,
Алтындай жаның өткөн соң.
Кайгырбай кантип калайын.

Толкуп аман элең жүрөгү,
Токтолуп сабыр кыла албай,
Токтолуп сабыр кылганга, ай,
Толгонор апам бар беле?
Кайтараар сабыр кыла албай,
Кайтараар сабыр кылганга, ай.
Кайрылаар апам бар беле?

Бооруңдагы шакабиң[50],
Ботодой боздоп ыйлайбыз.
Келбес жака кетипсин,
Барган адам кайтпайт ко.

50 Шакабин – (ир.) чоң арыктан бутактап таралган майда кол арыкчалар деген мааниде.

## НООКАТ РАЙОНУ



*Мамасыдыкова Айым*
*Чеч-Дөбө айылы, 1957-жылы туулган, сарттар*

### БИР ТУУГАН АГАСЫНА КОШКОН КОШОГУ

Күн турат кылайып,
Күндөй бир акам өттү деп.
Күндө бир мен муңайып[47],
Ай турат кылайып,
Алтыным акам өттү деп,
Айлымда турам муңайып.

Керегең үстү жаркылдап,
Керегең калды аңгырап.
Керегеңдин ичинде
Жеңем бир калды аңгырап.
Чөбүн сүрүп жер кылган,
Арыкты казып суу бурган.
Алтымыштан ашканда,
Кайып бир болду жан агам.

Асыл зат атка суу берген,
Сууну бурган бай агам.
Алтындан шакек тактырып,
Аялды бактың жан агам.
Алганыңа жарашып,
Жүрбөйт белең жанашып.

Белдигиңин зары бар,
Тегеретип карасам,
Тең-туштарың баары бар.
Оромолуң[48] зары бар,
Ойлонуп бир карасам,
Ортактарың[49] баары бар.

Өлгөн жайдын ичинде,
Көк тикен чыксын чытырлап.
Көргөнү балам келди деп,
Ата-энең чыксын утурлап.
Баккан бир балам келди деп,
Кайырбек чыксын утурлап.
Замирбек чыксын утурлап,
Балдарына келбеген.
Мазары кызы келбеген,
Кеткениңер келбеген.
Келбеди кызы келбеген.

Күйүнсөм күнүм түш болду,
Күйүтүң жаман күч болду.
Айтканым жаман түш болду,
Акамжан, арманың жаман күч болду.
Самап-самап мен барсам,
Самаган акам эми жок.
Эстеп-эстеп мен барам,
Эстеген акам эми жок.

Күн тийген жер тескейби,
Күмүштөй акам эстейби?
Күмүштөй акам эстесе,

47 Муңайып – кайгырып
48 Оромол – жоолук
49 Ортак – дос



Текечер жатат ойдуңда.
Тээ мелжүндүн мойнунда.
Теңирим сүйгөн пенденин,
Түн түшүп турат мойнуна.

Букачар жатат ойдуңда,
Коо мүйүздүн мойнунда.
Кудайым сүйгөн пенденин,
Кайгысы жүрөт мойнунда.

Жубайың ыйлайт буркурап,
Балдарың ыйлайт чыркырап.
Алты кулач кыл аркан,
Желээлике чыдабайт.
Алтыга чыккан Умарың,
Жетимдикке чыдабайт.

Жети эле кулач кыл аркан,
Желээлике чыдабайт.
Жетиге чыккан Билалың,
Жетимдикке чыдабайт.

Аргымак буту бүгүлсө,
Алыскы жерге бара албайт.
Асыл го жаның өтүптүр,
Атаң бир ыйлап таба албайт.

Күлүктүн буту бүгүлсө,
Көпчүлүк жерге бара албайт.
Күнүмдүк жаның өткөн соң,
Күйөөрүң ыйлап таба албайт.
Кагылайын кулунум.

## КАРА-СУУ РАЙОНУ



*Апсаматова Буайша*
*Папан айыл өкмөтү, Кызыл-Туу айылы, 1954-жылы туулган, калча*

### ЭРИ ӨЛГӨН АЯЛДЫН КОШОГУ

Айчылык таштын алдында,
Алтыным жатат бирикпей.
Армандуу кеткен жолдошум,
Кара көрдүн астында,
Кантип го жатат эрикпей.
Бул өлгөндүн күнү курусун,
Каргаганы пенденин улусун.

Сай боюнда сейдана,
Бере албадың бир даана.
Жолдошум көзү өткөн соң,
Мурдагыдай ким болот.
Ботолор оттойт тал башына,
Малдарың карайт жол башың.
Жол башың да жок болсо,
Шыпырып алаар көз жашың.



*Асанова Датка*
*Папан айыл өкмөтү, Кызыл-Туу айылы, 1930-жылы туулган, баргы*

## КЫЗ УЗАТУУ КОШОГУ

Алтындан бешик өңөргүн,
Айланайын, айымым.
Көргөнүң менен көгөргүн,
Алтындан бешик ичинде.
Ак билек балдар бөлөнсүн,
Кайнатаң берген балдары.
Ошондо барып төрөлсүн.

Күмүштөн бешик өңөргүн,
Күмүштөй бешик ичинде.
Күзгүдөй кыздар бөлөнсүн,
Кайненең берген матасы.
Ошондо барып төрөлсүн,
Кайнатаң дурус көрүнөт.
Картайганча сыйлап өт,
Турумтай деген турум куш.
Тумшугунан сылап өт,
Кайненең дурус көрүнөт.
Түбөлүккө сыйлап өт,

Сары көйнөк толгонум,
Саар менен ойгонгун.
Самап алган кайнененңдин,
Тааратына суу койгун.
Ак көйнөкө, толгонум,
Эртең менен ойгонгун.
Эңсеп алган кайнененң,
Эки жагын тазалап.
Тааратина суу койгун.

## КҮЙӨӨ БАЛАСЫНА АЙТКАНЫ

Белеске атың тушап ал,
Күйөө бала, сени айтам.
Берээк келип тыңшап ал,
Бек кызын сонун жумшап ал.
Капталга атың тушап ал,
Күйөө бала, сени айтам.
Кашыма келип тыңшап ал,
Кан кызындай жумшап ал.

Уктап бир калган жеринде,
Упа сээп бир ойготкун.
Капа бир болсо кокустан,
Ак майиз берип сооротkун.
Кандар бир келет бел ашып,
Капкалуу тону жарашип.
Канча миң калың төгөм деп,
Канча адам келген талашып.

Бектер келет бел ашып,
Белине тону жарышып.
Белсенип калың төлөйм деп,
Бектер да келген талашып.

Ай тийген тоонун супасы,
Бул айылда кыздын упасы.
Күн тийген тоонун супасы,
Айланайын, жан кызым.
Оролдо кыздын упасы.



Артта калган ата-энемди,
Бир кудайга тапшырдым.

Кулагымда алтын сөйкөм[44],
Көл түбүндө чирисин.
Сени сүйгөн жаш жүрөгүм.
Сууда жатып ирисин.



*Оторова Айша*
*Төбө-Коргон айыл өкмөтү, Интернационал айылы, 1961-жылы туулган, мундуз*

## АПАГА КОШКОН КОШОК

Ала арчанын түбү, оой,
Катуу болот турбайбы.
Ата энеңдин ажалы,
Катуу болот турбайбы.

Айлансам апам, дөөлатим, апам,
Ай айланып мен келсем, апам.
Күтүп алар апам жок, апам,
Күн айланып мен келсем, апам.
Күтүп алаар апам жок, апам.

Айлансам апам, мээрман, апам,
Аркаңда калды издериң, апам.
Сыздап бир калды кыздарың, апам,
Айлансам апам, дөөлатим, апам.
Токтунун гөшүн[45] ашаган, апам,
Токсонго чыгып жашаган, апам.
Серкенин гөшүн ашаган, апам,
Сексенге чыгып жашаган, апам.
Айлансам апам, дөөлатим, апам.

Аралап элди жүрчү элең, апам,
Айлансам апам, дөөлөтүм, апам.
Аралап элди көрбөдүң, апам,
Айлансам апам, дөөлөтүм, апам.
Айымдай болуп жүрчү элең, апам,

Көк шайы эле балышың[46], апам.
Көркөмдүү болуп жүрчү элең, апам,
Көк шайы балыш жок болду, апам,
Көркөмдүү досуң жат болду, апам.

Алтындан топчу такчу элең, апам,
Абайлап кызды бакчу элең, апам.
Күмүштөн топчу такчу элең, апам,
Кубантып кызды бакчу элең, апам.
Аркаңда калды издериң, апам,
Сыздап бир калды кыздарың, апам.
Кыйналсам апам, жылдызым, апам.

---

44 Сөйкө - (сырга – кырг. эск.) аялдар кулагына тагына турган иймек сырга

45 Гөш – эт
46 Балыш – жаздык

Тойго бир кийген тондоруң,
Топчуланбай илинди.
Тогузу болбой кеткенге,
Томсортуп жаман билинди.
Беш жылдыздын бири элең,
Теңтуштарыңдын пири элең.

## БИР ТУУГАН АВАСЫНА КОШКОН КОШОГУ

Алайдан ылдый суу келген,
Ардактуу авам билгенге.
Акимдер менен тең келген,
Котчандан ылдый сел келген.
Куйумдуу авамды билгенге,
Каримов менен тең келген.

Нарындан ылдый суу келген,
Март жигитим, жан авам.
Начальник менен тең келген,

Алыстан эңсеп мен барсам.
Алдымдан тосуп чыкчу элең.
Айланайын келгин деп,
Баламды колдон алчу элең.

Көлөкө жерде баласы,
Көргөнү кетти авасы баласын.
Салкын бир жердеги кызын,
Сагынып кетти авасы.

Бай авамдын багына,
Көчмөндөр өтсө саялайт.
Кекилик келсе балалайт,
Душманы жетпей табалайт.

Күйбөй бир күйүп кетейин,
Күйүтүң айтсаң кантейин.

Айтып да айтпай кетейин,
Арманың айтсаң кантейин.

Эми барсам ал үйгө,
Алдымдан тосуп ким чыгат?
Айланайын келгин деп,
Алдымдан тосуп ким чыгат?

Ак сарайдай салынган,
Үйүң бир турат өзүң жок.
Ак куудай болуп созулган,
Элесиң турат өзүң жок.
Айлансам авам базарым,
Эми го өтүлөөр азарың.

Салкын бир болсун жайларың,
Самап бир дуба кылаарга.
Саламат болсун кыздарың,
Эгиз бир болсун жайларың.
Эстеп бир дуба кыларга,
Эсен бир болсун балдарың.

## СҮЙҮН ЖҮРҮП СҮЙГӨНҮНӨ ЖЕТПЕЙ КАЛГАН КЫЗДЫН АРМАНЫ

Жума күнү үйдөн чыктым,
Сабагыма бармака.
Ишемби күнү үйдөн чыктым,
Жаш өмүрүм кыймака.

Башымдагы жоолугумду,
Илип койдум казыка.
Мен баратам көл түбүнө,
Балыктарга азыка.

Үстүмдөгү көйнөгүмдү,
Таш түбүнө жашырдым.



Белестен чыккан ай элең,
Белестүүгө пай элең.
Капталдан чыккан күн элең,
Ак айылга пай элең.

Туурада турган шер эле,
Тууган турат сени деп.
Туугандары ток эле,
Капталда турган шер эле.
Капалда турат сени деп,
Карындаш-тууган ток эле.
Карарган тоонун булбулу,
Бул кан баргынын туйгуну.
Ай тийген тоонун булбулу,
Алдейлеп алгын туйгунду

## ТАШ МИЯШЕВДИ ЖОКТООСУ

Канатың кеткен сайылып,
Самаркан ашы жайылып.
Кеңеши кеткен керилип,
Кең токой ылдый жайылып.
Атың кеткен ааламга,
Акын Мияшев Таш жазды деп.
Даңкың кеткен далайга,

Алтындан балон салдырып,
Волга бир минген туйгунум.
Анжиян артык тиктирип
Торко кийген туйгунум.

Күмүштөн балон салдырып,
Волга бир минген туйгунум.
Күлүшө артык тиктирип,
Торко бир кийген туйгунум.

Айлансам Таш болушум,
Акырына келгенде.

Эми кара жер болду конушуң,
Жоргосу жолду талашкан.
Жоругу элге жарашкан.
Күлүгү жолду талашкан,
Күлпөтү элге жарашкан.

## КҮЙӨӨСҮНӨ КОШКОН КОШОГУ

Кыйган терек сайда бар,
Кыркка чыкпай жаш кеткен.
Мендей панда кайда бар?
Кескен терек кайда бар.
Отузунда тул калган,
Мендей панда кайда бар?

## БИР ТУУГАН СИҢДИСИНЕ КОШОК

Бириң тоонун улагы,
Бирин чөлдүн чынары.
Бириң оштун тактысы,
Бириң тактын супасы.
Бириң өлөң, бирин саз,
Бириң өрдөк, бириң каз.
Бириң тулаң, бириң саз,
Бириң турна, бириң каз.

Жазгы буудай гүл алса,
Жараткан эгем тил алса.
Айымым коюп мени алса,
Чыкпайт белем бейишке
Калбайт элем кейишке,
Күзгү буудай гүл алса,
Күйөөсүн коюп мени алса.
Чыкпайт белем бейишке,
Калбайт элем кейишке.

Арыгым башын сел алды,
Ар жакшымды жер алды.
Ар жакшымды койбоду,
Мени эле алып тойбоду.
Көпүрөм башын сел алды,
Көп жакшымды жер алды.
Көп жакшымды койбоду,
Мени алып тойбоду.



*Асанова Зулайка*
*Папан айыл өкмөтү, Кызыл-Туу айылы, 1954-жылы туулган, калча*

## МАРКУМДУ ТҮБӨЛҮК ЖАЙЫНА АЛЫП БАРА ЖАТКАНДА АЙТЫЛУУЧУ КОШОКТОР

### АПАСЫНА

Аргымак минсем бели бош,
Апа, о дүйнө барсаң кайыр кош.
Күлүктү минсең бели бош,
Апа, гүл бейиш барсаң кайыр кош.

Баркуттан болсун балышың,
Апа, пайгамбар болсун таанышың.
Шайыдан болсун балышың,
Апа, шайиттар болсун таанышың.

### АКЕГЕ КОШУЛУУЧУ КОШОК

Алтындан түймөм зар эле,
Атадан жалгыз мен калдым.
Айтканымча бар эле.

Күмүштөн түймөм зар эле,
Энеден жалгыз мен калдым.
Күйгөнүмчө, да бар эле,
Айлансам, агам дөөлөтүм.
Мен бардым, деп кайгырба,
Бирибиз эмес баарыбыз.
Чыны го биздин жайыбыз.

Алтынды жезге бураарым,
Айланып алым сураарым.
Күмүштү жезге бураарым,
Күйүп бир алым сураарым.

Алтынды жезге ким бурат?
Алтындай жаным өткөн соң,
Ажалым жетип мен өлсөм,
Айланып мени ким сурайт?

Күмүштү жезге ким бурат?
Күмүштөй жаным өткөн соң,
Күнүм бир жетип мен өлсөм,
Күйүп бир, мени ким сурайт?
Айлансам акем бир боорум.

Эрте бир менен сайраган,
Эгиз бир тоонун улары.
Эстегенде ыйлаймын,
Бир боорумдун кумары.
Сагынганда ыйлайсың,
Бир боорумдун кумары.
Салкын го, болсун жайларың,
Саламат болсун калганы.



Жар боюнда талдарың,
Жалдырап калды балдарың.

Илпилдектен балышың, оой,
Үрлөр бир болсун таанышың.
Арбалыштан балышың,
Аарылар болсун таанышың.
Ажырык гүлдүн барки экен,
Аласа алчу дарт[43] экен.
Чырмоок бир гүлдүн барки экен,
Чырмалып алчу дарт экен.



*Ортокбаева Саламат*
*Төбө-Коргон айыл өкмөтү, Интернационал айылы, 1953-жылы туулган, мөнөк*

## КҮЙӨӨГӨ ЧЫГА ЭЛЕК БИР ТУУГАН СИҢДИСИ АЙЫМКАНГА АРНАЛГАН КОШОК

Кызылды тандап кийбедиң,
Кыздыктын доорун сүрбөдүң.
Жашылды тандап кийбедиң,
Жаштыктын доорун сүрбөдүң.

43 Дарт – ооруу

Чачыңды майда өрбөдүң,
Чачпапик тагып көрбөдүң.
Күйөөнүн жытын билбедиң.

Уядан учкан улар куш,
Уяга келип консочу.
Апам, деп боздоп ыйлаган,
Артыңда уулуң болсочу.

Кыядан учкан кыраан куш,
Уясына келип консочу.
Апам, деп сыздап ыйлаган,
Артында кызың болсочу.

Сабыр бир кылып токтоюн,
Сагынганда жоктоюн.
Тооба бир кылып токтоюн,
Толгонумда жоктоюн.

Айлансам сиңдим Айымкан,
Жаннатта болгун илайим.
Ал жакта жүрүп пир болгун,
Алдыңда үрлөр бир менен бир болгун.

Бул жакта көрбөй кеткенди,
Ал жакта жүрүп билип ал.
Кудайым берсин ал жагын,
Үрлөргө барып тийип ал.

Айтка бир кийген көйнөгүң,
Айымды таппай илинди.
Алты күн болбой өткөнгө,
Арманы жаман билинди.

Жибектен салган жоолугуң,
Айымды таппай илинди.
Жети күн болбой жерге берген,
Жоругуң жаман го билинди.

Эл көрбөйбү, зирегим,
Алтындан саат тагынсаң.
Кол көрбөйбү зирегим,
Алтымыш ашып жашасаң.
Эл көрбөйбү, зирегим.

Катарлап тиккен талдарың,
Кайгырып калды кыздарың.
Күнөстөн чыккан беш жылдыз,
Бел ашып кетти батканы.
Айланайын жан сиңдим,
Бейишке кетти жатканы.

Кызыл го жоолук оой, жалжалым,
Күлүп го койчу оой, бир жолу.
Ак боз ат миндиң бели бош,
Айлыңдан кеттиң, кайыр кош.
Боз айгыр миндиң бели бош,
Боздотуп кеттиң, кайыр кош.
Базарлуу шаар көрүнөт,
Базарлуу шаар өзүңө.
Бир көрүнчү көзүмө.

## АТАГА КОШУЛГАН КОШОК

Желесинен оой, ай өткөн,
Атамдын жети атасы бай өткөн.
Түндүгүнөн ай өткөн,
Атамдын түпкү атасы бай өткөн.
Боз жорго минип темингөн,
Боз ичик кийип керилген.
Кайран атам дөөлөтүм,
Боз жорго оозу тыйылды,
Боз ичик жүккө жыйылды.

Сур жорго минип теминген,
Суусар тебетей кийип керилген.
Кайран атам көзү өтүп, ай,
Сур жорго оозу тыйылды.
Суусары жүккө жыйылды.

Керегемдин гүлү элең,
Айланайын, атам жан,
Келин алып, кыз берсем,
Кеңешчимдин бири элең.
Уугумдун гүлү элең,
Айланайын, атамжан



*Маткеримова Данахан*
*Төбө-Коргон айыл өкмөтү, Интернационал айылы, 1964-жылы туулган, отуз уул*

## ЭЖЕСИНЕ КОШКОН КОШОК

Тезекти терип сен жүрсөң,
Элесиң көзгө көрүнбөйт.
Теңтуштарынын ичинен,
Кулунум эжем көрүнбөйт.

Курап бир курап, жүк жыйсам
Курагы көзгө көрүнбөйт.
Курбуларынын ичинен,
Бир мүчө кемдей көрүнбөйт.

Суу боюнда талдарың,
Сумсайып калды балдарың.



Саар менен ай, сайраган,
Сарала куштун кумары.
Көп айтпайын кейишти,
Көрүп жүргүн бейишти.
Аз айтайын кейишти,
Аралап жүргүн бейишти.
Салганга берсин сабырды,
Калганга берсин өмүрдү.
Эгиз го болсун жайларың,
Эсен болсун балдарың.



*Апсатарова Аккыз*
*Кара-Суу району, Кенжегул айылы, 1936-жылы туулган, тооке*

## БАЙЫНА КОШКОН КОШОГУ

Беш колуңдун манжасы,
Бешөө го бекен санай көр.
О дүйнө кеткен пендесин,
Бейиштен орун ала көр.
Сол колуңдун манжасы,
Бешөө го бекен санай көр.
О дүйнө кеткен майиним,
Бейиштен орун ала көр.
Бейиштин ичи беш эшик,
Беш манжаң тийбей ачылсын.
О дүйнө кеткен майиним,
Бетиңе, бейиштин нуру чачылсын.

Алып жүргөн бычагың,
Алтындан беле кынында.
О дүйнө өтүп кеттиңер,
Атаганат, армандуу ажал беле
бир жылда.

Колуңдагы бычагың,
Күмүштөн беле кынында.
Жылыңар бүтүп өттүңөр,
Атаганат, күнүңөр бүтүп бир жылда.

Койлору кетет из менен,
Козусу кетет из менен.
О дүйнө кетип калдыңар,
Кошо ой жүрбөй биз менен.
Эли да кетет из менен,
Эчкиси кетет из менен.
Ээрчишип жүрбөй, атаганат,
О дүйнө кеттиңер биз менен.

Белестеги имарат,
Бектер го атын сугарат.
О дүйнө кетип не кылдың,
Жүрө го бербей аманат.
Капталдагы имарат,
Кандар го атын сугарат.
О дүйнө кетип не кылдың,
Кошо эле жүрбөй аманат.

Карагер атты минчү элең,
Калк үстүндө жүрчү элең.
О дүйнө өтүп кеттиңби,
Карагер атты ким минет.
Атаганат армандуу,
Эми, калк үстүндө ким жүрөт?

Жол боюнда кумгандыр,
Кумгандын суусу тунгандыр.

Арманда калды балдар, деп,
Атаганат арман күн,
Арманда эле көзүн жумгандыр.
Сай боюнда тал калды,
Саамайын эй, сылап кыз калды.
Көл боюнда тал калды,
Атаганат, арман күн,
Көкүлүн сылап кыз калды.

Кызылдан манат кийбедиң,
О дүйнө кеткен, армандуу,
Кызыңдын ой, доорун сүрбөдүң.
Карадан манат кийбедиң,
Атаганат, арман кимге айтам,
Балдардын доорун сүрбөдүң.

Таңдан кечке кайнаган,
Чайым элең, манабым.
Бармактайда баш кошкон,
Байым го элең, манабым.

Артылтып камчы чаппаган,
Атага наалат айтпаган.
Канча жыл бирге турсак да,
Жаман бир сөзүң укпагам.

Кичинемде баш кошкон,
Байым элең, манабым.
Бармактайда баш кошкон,
Пайым элең, манабым.
Артылтып камчы чаппадың,
Атама наалат айтпадың.
Өмүрүң өтүп кеткенче,
Мени өмүр бою барктадың.
О дүйнө кетип калганча,
Өмүр бою барктадың.

Ай арасынан ай өттү,
Ай арканы билинбей.
Ай артынан ай өтөт,
Айдын го, табы сага өтөт
О дүйнө кеткен, манабым,
Эми го, дартың мага өтөөр.
Күн артынан күн өтөөр,
Күндүн го, табы сага өтөөр.
Көз ачып көргөн, манабым,
Эми го, күндө эле дартың мага өтөөр.

Карадан манат кийгениң,
Менин кадырымды билгениң.
Кызылдан манат кийгениң,
Менин кызматымды билгениң.
Өтүп кеткен, манабым,
Узуну эле чачымдын.
Атаганат арман, күн,
Урматы элең башымдын.
О дүйнө кеткен, манабым.

Карасы элең кашымдын.
Атаганат, арман күн,
Кадыры эле башымдын.
Манабым көзү өткөн соң,
Ичкен бир ашым туз болду.
Турмушта болот бул күндөр,
Менин, өткөн бир күнүм муз болду.
Бул өлгөндүн айынан
Кыска боюм пас болду.
Атаганат, армандуу,
Менин, кызарган жүзүм боз болду.





***Жээнтаева Гүлайым***
*Төбө-Коргон айыл өкмөтү, Интернационал айылы, 1954-жылы туулган, отуз уул*

## АПАСЫНА КОШКОН КОШОГУ

Айланайын намазгүл,
Айлансам апам базарым.
Эми бир өтөөр азабың,
Карайган туман болбосун.
Какшаткан өлүм болбосун,
Бозоргон туман болбосун.
Боздоткон өлүм болбосун,
Кызыл бир ийнең саптайын, аа.
Кызың бир болуп жоктоюн,
Жашыл бир ийнең саптайын, аа,
Уулуң бир болуп жоктоюн.

Айланайын намазгүл.
Отурган жериң бир тактадай,
Жаткан бир жериң пахтадай.
Айланайын жумшагым, аа,
Айланайын, апамжан.
Орустан келген он ийне,
Оморуп сайсаң оюшат.
Апамды бир эстесем,
Омурткам бир бир кайышат.

Кытайдан келген кырк ийне,
Колуңшуп сайсаң кайышат.
Мен апамды эстесем,
Кабыргам бир кайышат.



***Жусумаматова Зымрат***
*Төбө-Коргон айыл өкмөтү, Интернационал айылы, 1957-жылы туулган, мундуз. Базар-Коргон районунун Шыдыр айылынан ушул жерге келин болгон*

## СИҢДИСИНЕ КОШКОН КОШОГУ

Карайган тоонун шамалы,
Кайгырткан өлүм амалы.
Бозоргон тоонун шамалы,
Боздоткон өлүм амалы.
Кыздарды төрөп бөлөдүң,
Кызматын көрбөй жөнөдүң.
Айланайын, жан сиңдим.

Уулдарды төрөп бөлөдүң,
Урматын көрбөй жөнөдүң.
Айланайын, жан сиңдим,
Күмүштөн саат тагынсаң.
Кол көрбөйбү, зирегим,
Кырктан ашып жашасаң.

Кайрылыш-кайрылыш жолдордо,
Кайрылып абалым сураган.

Калем-калем каштарын,
Куралай-куралай көздөрүн.
Жүрөгүмдү жандырды,
Жарылбады дариси[41].
Коёндун өтү дары дейт,
Кокондон да нары дейт.
Бара албадым Коконго,
Жүгүрө албай коркомбу.
Кыбыладан келген шамалга,
Тосо албадым жүзүмдү.
Кубалап келген ажалга,
Тосо албадым өзүмдү.

### ЖАР-ЖАР

Ай-ай улан, жан улан,
Жалганчы кыз, жар-жар.
Күйөө бала бай дейт го,
Байы кана, жар-жар.
Самоордо кайнаган,
Чайы кана, жар-жар.
Күйөө бала өз үйүн,
Талдан жапкан, жар-жар.
Тал кууштай келинди,
Кайдан тапкан, жар-жар.
Суу болсо да ичейли,
Чай ордуна, жар-жар.
Тай да болсо минейли,
Ат ордуна, жар-жар.

### КЕЛИНДИ ТҮШҮРҮҮДӨ АЙТЫЛУУЧУ ЖАР-ЖАР

Арабанын түбүндө,
Чычкан качты, жар-жар.
Көтөр, көтөр дегенде,
Күйөө качты, жар-жар.
Кара кумган койду,
Кайнабасын дештиби.
Кары чалга бердилер,
Жайнабасын дештилер.

### САЛАМДАШУУ ЖАР-ЖАРЫ

Өрө кесип эрилен,
Уул төрөп керилген.
Кайненесине салам,
Оор тоону жер кылган.
Эки жашты бир кылган,
Салам-салам, келин салам.
Кайын атасына салам.

Салам-салам, дагы салам,
Кошуналарына салам.
Жанып турган панардай[42],
Эки бети анардай.
Салам салам, дагы салам,
Тай эжелерине салам.
Кызыл кыжым кыйкыма,
Кайын инилерине салам.
Атлас көйнөк кийгендер,
Буралып, буралып жүргөндөр.
Абысындарына салам.

41 Дариси – даарысы

42 Панар – шам





*Абдымомунова Азада*
*Кенжегул айылы, 1956-жылы туулган, көкчө*

### КАРТАЙЫП ДҮЙНӨ САЛГАН АТАСЫНА АЙТЫЛГАН КОШОГУ

Серкенин майын ашаган,
Атам, сексенге чыгып жашаган.
Токтунун майын ашаган,
Атам, токсондон ашык жашаган.

Ак зоодон түшкөн дарыям,
Ак сакал атам, карыям.
Көк зоодон түшкөн дарыям,
Көркөмүм атам, карыям.

Аргымак менен арымдаш,
Атам, ар-жакшы менен карындаш.
Аргымактан ат озгон,
Ар жакшыдан баш озгон.
Тобурчак менен арымдаш,
Атам, топ жакшы менен карындаш.
Тобурчактан ат озгон,
Топ жакшыдан баш озгон.

Жайында жайлоо жайлаган,
Жайылтып малын айдаган.
Кышында кыштоо жайлаган,
Кыр-кырда малын айдаган.

Дөөлатим атам, мен айтсам,
Конгон бир жерин мен айтсам.
Саралалуу байчечекей,
Конгонуна жарашкан.
Саралалуу көп жылкы,
Өрүшүнө жарашкан.

Конгон бир жерин, мен айтсам,
Көк алалуу байчечекей.
Конгонуна жарашкан,
Көк алалуу көп жылкы.
Өрүшүнө жарашкан,
Айдама жорго ат минген.
Ак өргөөгө салт кирген,
Болуп бир турган чагында.
Жылжыма жорго ат минген,
Жылчыксыз үйгө салт кирген.
Болуп бир турган чагында.

Сай боюнда талдарың,
Сары аргымак жалдарың.
Санаатыңды кылаарга,
Сардал бир уул балдарың.
Көл боюнда талдарың,
Көк аргымак жалдарың.
Көп абийириң кылаарга,
Көркөм бир уул балдарың.

Ак дайра болуп бөгөй жат,
Ата, аркаңда калган балдарды.
Ата, арбагың менен жөлөй жат,
Көк дайра болуп бөгөй жат.
Ата, аркаңда калган балдарды,
Көлөкөң менен жөлөй жат.

Өткөндүн баары бир жерде,
Өксүгөн пенде ар жерде.
Кеткендин баары бир жерде,
Кемиген пенде ар жерде.

Зулум бир өлүм болбосо,
Дөөлатим, атам өлбөсө.
Сумсайбайт элек биз мынча,
Залим бир өлүм болбосо.
Дөөлатим, атам өлбөсө,
Кайгырбайт элек биз мынча.

Жулкунтуп күлүк мингеним,
Жылуу бир ичик кийгеним.
Урматым менин чабандес[33],
Булкунтуп буудан мингеним.
Булгаары тонун кийгеним,
Урматым, менин чабандес.

Ак контордо олтурган,
Ак кагаз бетин толтурган.
Урматым менин чабандес,
Эсебине так болгон.
Иштеген иши так болгон,
Көк кантордо олтурган.
Көк кагаз бетин толтурган,
Урматым менин чабандес.

Иштеген иши боюнча,
Эсебине так болгон.
Кабыргаң жерге кынадың,
Карыганда атамдын.
Кайгысын салып сынадың,
Омурткаң жерге кынадың.
Карыганда атамдын,
Күйүтүн салып сынадың.

33 Чабендес – байгеге чабылган атты же күлүктү чапкан бала



*Айтиева Бермет*
*Кенжегул айылы, 1956-жылы туулган, мөнөк*

## АПАСЫНА КОШКОН КОШОГУ

Айга бир, минсем жел болот.
Алтыным, апам өткөн соң,
Апамдай эми ким болот?
Күн тийип тоолорго,
Күзгө бир минсем, жел болот.
Күмүшүм, апам өткөн соң,
Апамдай эми ким болот?
Сарала чымчык болоюн,
Сай жакалай коноюн.
Санаа бир тартып отурсам,
Алланын кылган иши экен,
Кандай бир айла кылайын.

Көк эле чымчык болоюн,
Көк жакалай коноюн.
Көп ойлонуп отурсам,
Кудайдын кылган иши экен,
Кандай бир арга кылайын.
Алтындан менин гуалам,
Айттым го, менин убарам.
Күмүштөн менин гуалам,
Күйгөн го, менин убарам.
Токтобос бул дартымда,



# АРАВАН РАЙОНУ



*Дыйканбаева Анорхон*
*Төлөйкөн айылы, 1946-жылы туулган, отуз уул*

Кайгылуу өлүм болбосо,
Кайгыраар беле пандаси[39].
Айлансам апам, жаннатим,
Жүктө бир парча[40] көрпө жок.
Айлансам апам, дөөлатим,
Эми, сагынып келсек үйдө жок.

Тоодон бир түшкөн дарыя,
Апамжан, токсон бир жашта карыя.
Айлансам, апам дөөлатим,
Парча бир көрпө жүктө жок.
Айлансам, апам үйдө жок,
Айлансам, апам бейишим.

39 Панда – пенде
40 Парча – барча кездеменин түрү



*Джайнакова Канахат*
*Төбө-Коргон айыл өкмөтү, Интернационал айылы, 1953-жылы туулган. Өзбекстандан ушул айылга келин болгон*

## БАЛАСЫНА КОШКОН КОШОГУ

Эч ким мендей болбосун,
Гүл мынчасынан соолбосун.
Зары бардын, дарты бар,
Жүрөгүмдүн башында.
Айрылуунун дарты бар,
Айланайын, жан балам.
Эшигимди райхан кылган, жан балам,
Апасыны сарсанаа кылган,
жан балам.

## ӨГӨЙ ЭНЕСИНЕ КОШКОН КОШОК

Сарыдан мончок такканым,
Саргайтпай мени бакканым.
Карадан мончок такканым,
Бир апам өлүп калганда,
Какшатпай мени бакканым.

Бурулуш-бурулуш жолдордо,
Бурулуп абалым сураган.



***Токтоматова Зыба***
*Папан айыл өкмөтү, Кызыл-Туу айылы, 1932-жылы туулган, сарттар*

## КУДАЛАРДЫН ПИКИР КЕЛИШПЕЙ КАЛГАН УЧУРДА КЫЗДЫН ЭНЕСИ КУДАГЫЙГА КАЙРЫЛГАНЫ

Эки буудай, бир арпа,
Өнүп калган турбайбы.
Арзан базар кыз алып,
Көнүп калган турбайбы.

## БИР ТУУГАН АГАСЫНА КОШКОН КОШОГУ

Орус тилден беш алган,
Бай акам, орустардан иш алган.
Кыргыз тил окуп беш алган,
Бай акам, кыргыздан барып иш алган.

Жоргосу жолду талашкан,
Жоругу жерге жарашкан.
Күлүгү жолду талашкан,
Бай акам, күлгөнү элге жарашкан.

Катарлап эккен терегиң,
Бай акам, калкыңа тийген керегиң.
Экиден эккен терегиң,
Бай акам, элиңе тийди керегиң.
Кызылы элең жылдыздын,
Бай акам, кыйыны элең кыргыздын.
Сарысы элең жылдыздын,
Бай акам, сардалы элең кыргыздын.



***Чомоева Дарика***
*Кара-Суу району, Эшме айылы, 1964-жылы туулган,*

## АТАСЫНА КОШКОН КОШОК

Айланайын, атакем.
Чынары өсүп, шак болгон,
Бутагы өскөн мунардай.
Атамдын, чырпыгы да өскөн чынардай,

Эшикте терек бүрдөгөн.
Атакем, балдары менен гүлдөгөн,
Короодо өрүк бүрдөгөн.
Айланайын, атакем,
Кыз-келин менен гүлдөгөн.

Караны минип, жердедиң,
Атам, бейиштин жерин жердегин.
Пейили жакшы, атакем,
Эми бейиштен бери келбейсиң.



Айта эле берсем түгөнбөйт.
Калганы калсын ичимде.



***Жумашева Шарапат***
*Отуз-Адыр айылы, 1930-жылы туулган, жору*

## АТАСЫНА КОШКОН КОШОГУ

Алтымыш баштуу ак үйлүү,
Айлансам аруу ачпаган.
Ай көчөт менен улаган,
Ай көчөт ичинде.
Атлас кийип дуулаган,

Жетимиш баштуу ак үйлүү.
Жел көчөт менен улаган,
Жел көчөттүн ичинде.
Шайы кийип дуулаган,

Адырга чыккан экенмин.
Армандан ырдайт экенмин,
Күнгөйдөн чыккан экенмин.
Күйгөндөн ырдайт экенмин.

Алтындан пычак[34] сап ушул,
Эйлэнер атаң, дал ушул.
Гүмүштөн пычак сап ушул,
Гүлпэтин атаң дал ушул,

34 Пычак – бычак

Көл боюнда тал турат,
Сенин алы-жаңың сурарга.
Сэрдэмиң[35] атаң жок тура.

Суу боюнда тал турат,
Сенин көркөмүңдү сурарга.
Атаң аман болбоду,
Бектигиң бекем болбосо,
Бир жериңдин кемдиги.
Боолугуң шуру болбосо,
Боолугуңдун кеңдиги.
Бир жериңдин кемдиги.



***Зупиева Айым***
*Папан айыл өкмөтү, Кызыл-Туу айылы, 1943-жылы туулган, бөрү*

## КҮЙӨӨСҮНӨ КОШКОН КОШОГУ

Улагалаш үй тигип,
Уулуңду үйлөп койбодуң.
Керегелеш үй тигип,
Келин алып койбодуң.

Ак сандык толо пул калды,
Ак сарай үйдө ким калды?
Аны го алып чачаарга,
Артыңда балдар жаш калды.

35 Сардэм – кайгы, муң, зар

Көк сандык толо пул калды.
Көк сарай үйдө ким калды?
Көтөрүп пулду чачарга,
Сарайда балдар жаш калды.

Жар боюнда жекенди,
Жекендин түбү бекемби.
Жалдырап сага жете албай,
Гүл ойрон, жарылып өлүп кетемби.

Көл боюнда жекенди,
Жекендин түбү бекемби
Кыйналып сага жете албай,
Кыйноодо жүрүп өтөмбү.

Кайрылыштан карасам,
Карагер атчан көрүнөт.
Гүл ойрон экен деп турсам,
Карабай өтүп кеткенде,
Кайгырып жашым төгүлөт.

Бурулуштан карасам,
Буурул атчан көрүнөт.
Гүл ойрон экен деп турсам,
Бурулбай өтүп кеткенде,
Буурчактап жашым төгүлөөр.

Алтындан сенин, баш бармагың,
Ай көрүнгүс чарбагың.
Гүл ойрон, көзүң өткөн сон,
Атылаар келип сайалар[36],
Ак коён келип балалар.

Күмүштөн сенин бармагың,
Күн көрүнгүс чарбагың.
Күн көрүнгүс чарбакка,

36 Сайалар – көлөкө деген мааниде

Гүл ойрон үйдөн кеткенде,
Калпалар келип сайалар,
Кулжалар келип балалар.

Узун-узун жол болот,
Учу-түбү кең болот.
Үйдө жүргөн гүл ойрон,
Үңкүрдөн чыкпай жок болот.

Кыска-кыска жол болот,
Көрүнсө түбү кең болот.
Кадырлашкан гүл ойрон,
Көрдөн чыкпай жок болот.

Карайынчы деп барсам,
Капкакталуу жер болот.
Гүл ойрон жаткан жерлери,
Карабай турган эл болот.

Көрөйүнчү деп барсам,
Көмөкөйлүү жер болот.
Гүл ойрон барган жерлери,
Калкы эле башка журт болот.

Сары костюм, сары шым,
Сарттарда бардыр таанышың.
Таанышың үйгө келгенде,
Гүл ойрон, ошондо түшөт намысым.

Кызыл костюм, кызыл шым,
Кыргызда бардыр таанышың.
Таанышың жолдо жолукса,
Гүл ойрон, жолдо эле түшөт намысым.

Таштак жерди баспадым,
Тар көчөгө чыгып жатпадым.
Тагдырың ушул бейбак деп,
Гүл ойрон, тайгылтып мени таштадың.



Түн ичинде бүтүрүп.
Ээсине барып кийгизип,
Айлансам, апам чеберим.

Ак элечек кийчү элең,
Ар дайым күтүп жүрчү элең.
Кыздарым үйгө келет деп,
Сагынып бизди күтчү элең.
Айлансам, апам акылман.

Уулду бир тууп бөлөдү,
Урматын көрбөй жөнөдү.
Айлансам, апам көргөнүм.
Кызды бир төрөп бөлөдү,
Кызматын көрбөй жөнөдү.
Айлансам апам базарым.

Талаадан үйгө мен келсем,
Үйдө бир апам жок болду.
Ботодой боздоп жүрөмүн,
Мага эле кыйын иш болду.
Айлансам, апам акылман,
Санаасам сайда турамын,
Санаамды жаман бурайын.
Сагынсам келгис болуптур,
Кандай бир айла кылайын.

Өйдөгө барсам, толбойт го,
Ылдый бир бассам, болбойт го.
Апа, деп ыйлап жүрөмүн,
Апамдай эч ким болбойт го.

Ак шайы көрпө каптаган,
Көк болот ийне саптаган.
Байбиче энем базарым,
Көк шайы көрпө каптаган,
Адырлуу тоонун боорунан,

Аркарлар оттойт эл жоктоп.
Айлансам, апам дөөлөтүм,
Муңканып ыйлайм сени жоктоп.

Кытайдан келген кырма чай,
Кырма чайдын чамасы ай.
Кандайсың кызым, деп койсо,
Канча эле бизге даанасы ай.
Айлансам, апам базарым.

Кашкардан келген кара чай,
Кара чайдын чамеси ай.
Кандайсың балам, деп койсо,
Канча эле бизге дабасы ай.
Айлансам апам көргөнүм.

Ак көйнөгүң илинүү,
Үйдө бир калды, апам жан.
Асылдай боюн дат алып,
Жерде бир калдың, апамжан.

Көк көйнөгүң илинүү,
Үйдө бир калды, апам жан.
Күмүштөй боюң дат алып,
Жерде бир калдың, апамжан.

Айлансам атам көргөнүм,
Айтканымча бар эле.
Күмүштөн күрзүң бар эле,
Күбөгү толо зар эле.
Күмүшүм, атам дөөлатим,
Күйгөнүмчө бар эле.

Желкеме салган дүрүйам[38],
Айлансам, атам коргонум.
Аркама салган дүрүйам,
Бай атам, алты бир шаар, аа дүнүйам.



*Саттарова Якутхан*
*Кенжегул айылы, 1957-жылы туулган, мөнөк*

## АПАСЫНА КОШКОН КОШОГУ

Байбиче энем барында,
Шайы эле көйнөк кийчү элем.
Шаани менен го жүрчү элем.
Шайы эле көйнөк сөгүлдү,
Байбиче энем өткөн соң,
Шааним го жерге төгүлдү.
Айлансам энем көргөнүм,
Көрүп го доорду сүргөнүм.

38 Дүрүйа – дүрүйө – (ир.) эки бети тең бирдей жибек кездемеден жасалган жоолук

Энем бир жаным барында,
Күлгүндөн көйнөк кийчү элем,
Күлкү менен жүрчү элем.
Энемин көзү өткөн соң,
Күлгүн көйнөк сөгүлдү.
Күлкүм да жерге төгүлдү.
Айлансам энем карыям,
Кары да болсо мейли эле,
Айткан бир сөзү пайда эле.



*Тавакалова Гүлмира*
*Кенжегул айылы 1970-жылы туулган, кыпчак*

## АПАСЫНА КОШКОН КОШОГУ

Күркүрөп аккан сайда бар.
Ак шоола нуру айда бар,
Аркырап аккан сайда бар.
Аярым апам өткөн соң,
Апаңдай дөөлөт кайда бар.

Күн шоола нуру күндө бар,
Күркүрөп аккан сайда бар.
Күйөөрүм апам өткөн соң,
Апамдай дөөлөт кайда бар.
Дөөлөтүм апам базарым.

Өлчөбөй туруп тон бычып,



Кууш көчөгө чыкпадым,
Кумдуу жерге жатпадым.
Кургурум эми калдың деп,
Гүл ойрон, кыйноого салып таштадың.

Чаппай атым чаалыгат,
Чакырсам үнүм карыгат.
Чакырып жоктоп отурсам,
Гүл ойрон, келген мейман зарыгат.

Кыйкырсам үнүм карыгат,
Куубай атым чаалыгат.
Кыйналып жоктоп отурсам,
Келген мейман зарыгат.

Зарыкса деле мейличи,
Гүл ойрон, күтө турса азыраак.
Кейип айтпай айда жок,
Армандуу өлүм кимде жок.

Аллабыз салса айласыз,
Ажырап калдык пайда жок.
Күйүп күйбөй пайда жок,
Күйүттүү өлүм кимде жок.

Бейиштин түбү беш өрүк,
Беш колуң тийбей ачылсын.
Бейишке кирип барганда,
Шекердей багың чачылсын.

Кудайым салса айла жок,
Гүл ойрон, курандан башка айла жок.
Айтып-айтпай пайда жок,
Гүл ойрон, дубадан башка айла жок.



*Кулуева Казыйпа*
*Отуз-Адыр айылы, 1938-жылы туулган, жору*

## АТАСЫНА КОШКОН КОШОГУ

Аргымак минсе тоз канат,
Бай атам, ар жакшыга баш кошкон.
Тобурчак минсе отуз кол,
Бай атам, топ жакшыга баш кошкон.

Арыкта суу бурбай кал,
Армандуу жетим кылбай кал,
Күрөөдөн суу бурбай кал.
Атаке, күйүттүү жетим кылбай кал.

Алтындан зергер бурарым,
Азаптуу өлүм турбайбы.
Күмүштөн заргер бурарым,
Күйүттүү өлүм турбайбы,

Босого бою гүл тиздим.
Боздоорумду ким билер,
Кереге бою гүл тиздим.
Кейигеним ким билер,
Суу бойлосом, конуш жок,
Эми бир сизди көрүш жок.



*Кулуева Бусайра*
*Отуз-Адыр айылы, 1958-жылы туулган, жору*

## КЫЗ УЗАТУУ КОШОГУ

Күлүк атка жөлөнгүн,
Күмүштөй бала төрөгүн,
Ал баланы көргөндө,
Кулпунуп жүрүп торолсун.

Ак жоолук салып башыңа,
Аттандын, турмуш жолуна.
Атаңа наалат алдырбай,
Акылдуу кыз болгун, садага.

Ири суудагы балага,
Ынтымак болгун садага.
Энеңе наалат алдырба,
Эстүү кыз болгун, садага.

Алты старчин бир болуш,
Чоң атан конгон чоң конуш.
Чоң конушка конуп өт,
Чоюлган келин болуп өт.

Жети старчин бир болуш,
Жети атаң конгон чоң конуш.
Чоң конушка конуп өт,
Чоюлган келин болуп өт.



*Осмоналива Турдукан*
*Кенжегул айылы, 1959-жылы туулган, мөнөк*

## АТАСЫНА КОШКОН КОШОГУ

Көк кыйыр учат кыр менен
Көк мечит бүткөн сыр менен.
Көк мечиттин ичинде,
Бай атам намаз окуган.
Ак кыйыр учат кыр менен,
Ак мечит бүткөн сыр менен.
Ак мечиттин ичинде,
Бай атам намаз окуган.

Сары атчан киши келатса,
Сардалым атам, деп турам.
Сары атчан киши өткөндө,
Саргайып келип отурам.

Боз атчан киши келатса,
Базарым атам, деп турам.
Боз атчан киши өткөндө
Бозоруп келип отурам.

Алты бир кулач кыл аркан,
Атама, алты айлансам кетпеген.
Айлансам атам, камкорум,
Атамдын, айылынан байлык кетпеген.



Жети бир кабат кыл аркан,
Атама, жети айлансам кетпеген.
Көргөнүм, атам намыскөй,
Атамын, жеринен байлык кетпеген.



*Приева Дамира*
*Папан айыл өкмөтү, Кызыл-Туу айылы, 1976-жылы туулган, багыш*

## КЫЗ УЗАТУУ КОШОГУ

Эненин аппак эй, сүтү бар,
Эми да болсо күчү бар.
Акылың болсо ой, ай кызым,
Кайын энеңди апалап жүрүп эй,
күчүн ал.

Эненин аппак ой, сүтү бар,
Эми да болсо күчү бар.
Эсиң бир болсо а, кызым,
Энелеп жүрүп күчүн ал.

Турумтай деген ой, сулуу куш,
Тумшугунан сылап өт.
Кайын журт деген ой, жакшы иш,
Аны да кошо сыйлап өт.

Карлыгач деген ой, кара куш,
Канатынан сылап өт.
Кайын эне деген ой, жакшы иш,
Аны да кошо сыйлап өт.
Кайын атаңды сыйлагын,
Кайын энеңдин акылын
кошо жыйнагын.



*Полотова Орун*
*Кенжегул айылы, 1959-жылы туулган, көкчө*

## АТАСЫНА КОШКОН КОШОГУ

Белестеги арчага,
Бектердин аты байланат.
Алтыным, атам өтүптүр,
Эми да кайдан табылат.
Көл боюнда талаасы,
Айлансам, атам айдыңым.
Көпчүлүк элдин баласы.

Кырда бир турар күрөөгө.
Кызылдын аты байлансын
Кенесат[37] атам өтүптүр,
Кандай бир айла кылайын
Калкына тийген пайдаңыз.

Алтындан үзөңгүң бар эле,
Аягы толо зар эле.

37 Кенесат – кеңеш берген адам